КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

Б.ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

**Кол жазма укугунда**
УДК______________

**ОСМОНАЛИЕВА САБИРА ЧОЁНОВНА**

# ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНЫН ПЕДАГОГИКА ФАКУЛЬТЕТИНИН СТУДЕНТТЕРИНЕ ОКУУЧУНУН ЖАЗУУ МАДАНИЯТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУНУ ҮЙРӨТҮҮНҮН ИЛИМИЙ-ДИДАКТИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы
(кыргыз тили)

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган

**Д И С С Е Р Т А Ц И Я**

**Илимий жетекчи:**

Педагогика илимдеринин доктору,
профессор **Сакиева С.С.**

**Бишкек – 2023**

## МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ**.........................................................................................................3

**I ГЛАВА. ПЕДАГОГИКА АДИСТИГИНИН СТУДЕНТТЕРИНЕ ОКУУЧУНУН ЖАЗУУ МАДАНИЯТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУНУ ҮЙРӨТҮҮНҮН ЖАЛПЫ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖАНА ПРОБЛЕМАНЫН ИЗИЛДЕНИШИ...........................................................................................**

1.1.Жазуу маданиятын калыптандыруу жана анын теорияда, окутуу методикасында изилденишинин абалы...............................................................14

1.2. Башталгыч класстын окуучуларынын жазуу маданиятын калыптандырунун педагогикалык шарттары...................................................32

1.3. Педагогика факультеттеринин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууну үйрөтүүнүн программалык талаптары............51

**I глава боюнча корутунду**...........................................................................67

**II ГЛАВА. ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДОЛОГИЯСЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ. ПЕДАГОГИКАЛЫК ЭКСПЕРИМЕНТ**

2.1. Башталгыч класс окуучуларынын жазуу маданиятын калыптандыруунун натыйжалуу формалары жана методдору...................................................68

2.2. Педагогикалык эксперименттик иштердин жүрүшү жана анын жыйынтыктары.........................................................................................87

**II глава боюнча корутунду**.........................................................................102

**III ГЛАВА. БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА ОКУУЧУНУН ЖАЗУУ МАДАНИЯТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ФОРМАЛАРЫ ЖАНА КАРАЖАТТАРЫ**

3.1. Башталгыч класстын окуучуларынын жазуу маданиятын калыптандыруунун дидактикалык, методикалык аспектилери................104

3.2. Балдардын жазуу маданиятын калыптандыруунун технологиялары: методдору, формалары жана каражаттары...............................................117

3.3. Спуденттердин башталгыч класс окуучусунун ата-энелери менен иш алып баруусун калыптандыруу.........................................................131

3.4. Башталгыч класстын мугалиминин окуучунун жазуу маданиятын калыптандыруунун педагогикалык-психологиялык аспектилери..........147

**III глава боюнча корутунду**.........................................................................161

**КОРУТУНДУ ЖАНА ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР** ............................163

**БИБЛИОГРАФИЯ**.........................................................................................168

# КИРИШҮҮ

**Теманын актуалдуулугу.** Кыргыз Республикасынын педагогикалык багыттагы жогорку окуу жайларынын педагогика факультеттеринин окуу-тарбия процессиндеги артыкчылыктуу (приоритеттүү) багыттардын бири болуп, башталгыч класстардын мугалимин, башкача айтканда, болочоктогу жогорку квалификациялуу адисти даярдап чыгаруу, анын профессионалдык педагогикалык даярдыгын эске алуу менен окуучусунун сабаттуу жазуу маданиятын калыптандырууга багыттоо. Башталгыч класс мугалиминин педагогикалык потенциалы - анын башталгыч класс окуучусунун сабаттуу жазуу маданиятын натыйжалуу калыптандыруу ишинде гана толук ачылышы мүмкүн. Ушундан улам ар бир педагогикалык жогорку окуу жайынын жана орто кесиптик окуу жайынын педагогикалык факультетинин студенттин окуучунун жазуу маданиятын (каллиграфиясын) калыптандыруу, өнүктүрүү багытында кесиптик компетенттүүлүгү калыптандырылышы зарыл, андагы окуу-тарбия процесси да мына ушуга багытталышы керек.

Бүгүн Кыргыз Республикасынын жогорку жана орто кесиптик окуу жайларынын педагогикалык факультеттеринде төрт жарым миңдей студент окуйт. Башталгыч класстарынын мугалимдерин даярдоо адистиги жогорку жана орто кесиптик окуу жайларынын көбүндө бар, анткени республиканын мектептери дале болсо башталгыч класстын мугалимдерине муктаж, мындай муктаждык жыл өткөн сайын кайрадан күчөп баратат.

Педагогикалык факультеттердин студенттерине болочоктогу окуучусунун сабаттуулугун жоюу эмес (баланын сабаттуулугу мектепке чейинки окуу-тарбия мекемелеринде жоюлат), анын туура, сабаттуу жазуу маданиятын калыптандыруу милдети биринчи планда турган актуалдуу маселеге айланды. Анткени, баланын башталгыч класстан жазуу маданияты калыптанбаса, анын бешинчи класстан тартып мектепти аяктаганга чейин каллиграфиясы оңолбойт, туура, сабаттуу жаза билүү маданияты калыптанбаган абалда калат. Бул өз кезегинде анын башка предметтерди

өздөштүрүүсүнө да залакасын тийгизбей койбойт. Башталгыч класстын мугалими да бул факультетте окуп жаткан студент да муну олуттуу түшүнүүсү керек.

Ошентсе да башталгыч класстын окуучусун жазуу маданиятын калыптандыруу процессине чейин ошол мугалимдин профессионалдык даярдыгы менен маданиятын калыптандыруу милдети турат. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 5-октябрында билим берүү кызматкерлеринин алдында сүйлөгөн сөзүндө "Улуттук маданиятты өркүндөтпөй туруп биздин элдин социалдык абалын жакшырта албайбыз. Маданият – мамлекеттин жана улуттун уңгулуу маңызы, идеологиясы", - деп айтканы бар.

Кесиптик билим берүүчү окуу жайлардагы, анын ичинде педагогикалык жогорку окуу жайлардагы окутуу-тарбиялоо процессине байланышкан инновациялык процесстер башталгыч класстын болочок мугалимине керектүү, зарыл маалыматтарды берүүнүн таасирдүү, ийкемдүү жана натыйжалуу жолдорун түзүүгө тийиш, анткени андагы студенттер да, педагогдор да билим булактарынан өзүнө карата болгон индивидуалдуу мамилелерди издөөгө муктаж болот. Окуу-тарбия процессиндеги ар кандай маалыматтарды өзүнө индивидуалдык мүнөздө сиңирмейин билим алуу процесси натыйжасыз жана максатсыз болот. Мунун кесепетинде болочок педагогдордун, айрыкча башталгыч класстардын мугалимдигине даярдалып жаткан студенттердин окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу процессинде педагогикалык, психологиялык жана методикалык бир катар системалуу кыйынчылыктар жаралат.

Башталгыч класстардын болочок мугалими жогорку окуу жайынын педагогика факультетинде окуп жаткан мезгилинен тартып өзү билим алып жаткан мезгилде жана педагогикалык практика мезгилинде окуучунун жазуу маданиятын натыйжалуу калыптандырууга болгон даярдыгы учурда өтө маанилүү, ары проблемалуу маселе экендигин тануу кыйын, себеби, башкасын айтпаганда да бул маселеде болочок мугалимдин педагогикалык

чеберчилигинен түздөн-түз көз каранды болгон окутуу жана тарбиялоо процессинин түпкү максаты жана жыйынтыктары барып-келип ошол профессионалдык педагогикалык даярдыктын жана болочок мугалимдин өзүнүн кесиптик маданиятынын абалына жараша болот.

Болочок мугалимдин профессионалдык педагогикалык маданиятынын проблемаларынын курч коюлушу студенттердин жаңы муунун калыптандырууну талап кылат, ал эми профессордук-окутуучулук жамаат аны ийгиликтүү жана натыйжалуу чечүүнүн иштиктүү жолун издөөгө жана табууга милдеттүү. Бүгүнкү күндө педагогикалык проблеманын мындай коюлушу, экинчи жагынан, болочок мугалимдерди даярдап жаткан жогорку окуу жайларынын кесиптик багытттарга ылайыкталып жаткан учурда өзгөчө мааниге ээ.

Кыргызстандын жогорку окуу жайлары замандын чакырыктарына ылайык бүгүн профессионалдык даярдыгы мыкты адистерди даярдоо милдетин алды. Анда окуп билим алып жаткан студенттер эми жаңы стандарттардын, жаңы окуу пландарынын негизинде даярдалышат. Педагогикалык факультеттердин студенттери болсо башталгыч класс окуучуларынын жазуу маданиятын калыптандаруу процессинде буга чейин ишке ашырылбаган жаңы технологияларды пайдаланып сабак өтүшөт, бул мезгилдин талабы.

Диссертациялык изилдөө ишибиздин темасынын актуалдуулугу төмөнкүдөй маанилүү жагдайлар жана өбөлгөлөр менен да шартталат: Кыргыз Республикасынын Президентинин “Мамлекеттик тилди өркүндөтүү жөнүндөгү” Жарлыгынын талаптарын ишке ашыруу; кыргыз тилинин, адабиятынын алиппе жана окуу сабактарынын педагогикалык, дидактикалык, илимий-методикалык маанисин көтөрүү; ар бир окуучунун мектептин алгачкы жылдарынан тартып туура сүйлөй билишин, туура жана сабаттуу жаза билишин, буга карата анын жеке муктаждыгын калыптандыруу маселеси турат. Тилекке каршы, учурда орто мектептин башталгыч класстарынын окуучулары туура жана сабаттуу жазуу көндүмдөрүнө ээ болуу абалы начар. Алардын жазуу маданиятын калыптандыруу ишинде педагогикалык факультеттердин

студенттеринин профессионалдык даярдыктары да начар. Ушунун өзү изилдөө ишиндеги карама-каршылыктарды жаратты, натыйжада, “Жогорку окуу жайларынын педагогикалык факультеттеринин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууну үйрөтүүнүн илимий-дидактикалык негиздери” деген теманын алкагында изилдөө ишин жүргүзүүнү шарттады.

**Диссертациянын темасынын илимий мекемелерде жүргүзүлгөн илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Изилдөөнүн темасы Жалал–Абад мамлекеттик университетинин педагогика, психология жана окутуунун технологиялары кафедрасынын негизги илимий изилдөө иштери менен байланышкан.

**Изилдөө ишинин методологиялык негизи.** Республиканын жогорку окуу жайларынын педагогикалык факультеттеринде окуп жаткан студенттердин окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу, өнүктүрүү ишинде анын өзүнүн профессионалдык педагогикалык даярдыгын калыптандыруу боюнча окуу пландары, программалар жана стандарттар; кыргыз тилин, адабий окуунун, алиппени жана окуу предметтерин окутуу боюнча илимий изилдөөлөр, методикалык окуу куралдары; окутуу-тарбиялоо боюнча нормативдик актылар, документтер; кыргыз тили, алиппе жана окуу предметтерии боюнча окуу пландары жана программалар; сөздүктөр менен энциклопедиялар изилдөө ишибизге методологиялык негиз болуп берди.

**Изилдөөнүн максаты.** Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын педагогикалык факультеттеринин студентерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууну үйрөтүүнүн негиздерин иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

• Башталгыч класстын болочок мугалимдеринин профессионалдык педагогикалык даярдыгына байланыштуу маселелерге иликтөө жүргүзүү жана аларды жалпылаштыруу.

• Педагогикалык факультеттердеги студенттердин окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу процессинде болочок мугалимдин өзүнүн

профессионалдык педагогикалык маданиятын калыптандыруунун жолдорун жана каражаттарын табуу.

• Кыргыз тили, алиппе жана окуу предметтери аркылуу студенттин окуучунун жазуу маданиятын калыптандыруу боюнча профессионалдык даярдыгын калыптандыруу боюнча эксперименталдык иштердин натыйжалуулугун аныктоо;

• Кыргыз тили, алиппе жана адабий окуу предметтери аркылуу болочок мугалимдин окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу боюнча профессионалдык даярдыгын калыптандырууда алынган жыйынтыктардын, тыянактардын негизинде практикалык сунуштарды даярдоо.

**Проблеманын илимий-педагогикалык жактан иштелип чыгуу даражасы.** Педагогика жана башталгыч билим берүү методикасы тармагы баланын менктепке чейинки жана мектеп жашындагы башталгыч класстарда окутуу ишине өзгөчө маани берет. Буга соңку элүү-алтымыш жыл аралыгында орус окумуштуулары Д.Б.Эльконин, Н.А.Федосова, Л.С.Славин, М.М.Кашина, Г.И.Карнаухова, Т.С.Комарова, В.А.Ильюхина сыяктуу окумуштуулар эмгектерин арнашты. Кыргыз педагогикасы аталган маселени системалуу түрдө изилдебесе да айрым эмгектер бар. Арыкча, КРнын билим берүү жана илим министрлигинин заказы менен даярдалган программалар менен методикалык колдонмолор (3-7 жашка чейинки балдарды өнүктүрүү жана билим берүү боюнча жетекчилик” (ЮНИСЕФ) – Бишкек, 2014. – 88 бет жана 6-7 жаштагы балдарды мектепке даярдоонун жалпы өнүктүрүүчү (базистик) программасы” – Бишкек, 2014.) сыяктуу методикалык чакан эмгектер башталгыч класс окуучусунун жазуусу менен окуусуна карата иштелип чыккан зарыл куралдар катары кабыл алынды. Республиканын жогорку окуу жайларынын педагогика факультеттеринде иштеп жаткан окумуштуулар тарабынан бирин-экин макалалар басма беттеринде жарыяланганы болбосо, кыргыз педагогикасы башталгыч класстардын окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу ишине такай кирише албай келет. Ырас, Б.Рысбекованын, С.Рысбаевдин, В.Мусаеванын, А.Акунованын, А.Мураталиеванын,

Б.Кубаталиевдин, А.Абыканованын, М.Асаналиеванын эмгектеринде башталгыч класс окуучусунун жазуу маданиятына түздөн-түз арналбаса да аларды жазууга көнүктүрүү жолдору, методдору, ык-амалдары аздыр-көптүр айтылган. Бирок бир дагы окумуштуу аталган проблеманы иштеп чыгууда башталгыч класстардагы артыкчылыктуу (приоритеттүү) предметтер болгон кыргыз тилин, адабий окууну жана алиппени каражат катары алган эмес. Мындан улам республиканын жогорку окуу жайларынын педагогикалык факультеттеринде башталгыч класстардын окуучусунун жазуу маданиятын калыптандырууга өзгөчө көңүл буруу зарылдыгы келип чыгат. Өзүнүн чыгармачылык, маданий өсүү мүмкүнчүлүктөрүн таасирдүүрөөк ишке ашыра билген болочок педагогдорду даярдоодогу курч муктаждыкка карабай, кыргыз тили, адабий окуу жана алиппе сабактарында болочок мугалимдин өзүнүн профессионалдык педагогикалык маданиятын калыптандыруу проблемалары педагогикалык илимде системалуу түрдө жетишээрлик чагылдырылган эмес, бул болсо өз кезинде педагогдордун башталгыч класс окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу ишинде педагогикалык даярдыгынын сапатын төмөндөтөт. Демек, башталгыч класстарынын мугалимдеринин жогорку абалда өнүккөн профессионалдык педагогикалык маданияты менен студенттерди (болочок педагогдорду) даярдоого карата болгон объективдүү муктаждык Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларындагы педагогикалык кадрларды даярдоонун реалдуу абалынын ортосундагы карама-каршылыкты белгилей кетүү зарылдыгы бар, бул болсо биз тандап алган теманын актуалдуулугун жана ага карата атайын жана терең иликтөө керек экенин көрсөтүп турат.

**Изилдөөнүн илимий жаңычылдыгы:**

- Республиканын жогорку окуу жайларынын педагогикалык факультеттеринде окуп жаткан студенттердин, башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу ишиндеги профессионалдык педагогикалык даярдыгын деңгээли аныкталды, анын маани-маңызы жана структуралык түзүмү такталды;

• Башталгыч класс окуучусунун жазуу маданияттын калыптандыруунун жогорку деңгээли жана болочок педагогдорду даярдоону өркүндөтүүнүн жолдору аныкталды, педагогикалык чыгармачылыктын ролу, окутуу процессинин индивидуалдаштырылышы, анын профессионалдык педагогикалык ишмердүүлүктүн тилдик, адабий окуу, алиппелик жана башка түрлөрү менен интерграцияланышы ишке ашырылды;

• Окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууда студенттердин профессионалдык педагогикалык даярдыгын камсыздаган каражат жана форма, метод жана жогорку натыйжалуу технологияларынын иштелип чыккан, текшерүүдөн өткөн системасы түзүлдү;

• Башталгыч класс окуучусунун жазуу маданиятынын жекелик (индивидуалдык) мүнөздөрү эске алынып, окутуунун педагогикалык технологиялары (когнитивдик, коммуникативдик, рефлексиялык, аксиологиялык, социомаданий) иштелип чыкты;

• Жазуу маданиятын калыптандыруунун структуралык түзүмдөрү иштелип чыкты жана өнүктүрүлдү, кыргыз тили, алиппе жана адабий окуу сабактарында түзүлгөн окуучунун жазуу маданиятын калыптандыруудагы педагогикалык жана методикалык тийиштүү шарттарды сактоонун эсебинен ишке ашырылды;

• Башталгыч класстардагы кыргыз тили, алиппе жана адабий окуу боюнча тажрыйбалык грамматикалык жана жалпы адистик жөндөмдөр боюнча темаларды жакшы сиңирүү үчүн болочок педагогдордун индивидуалдык потенциалын, өз алдынчалыгын өстүрүү боюнча педагогикалык каражаттар түзүлдү.

**Изилдөөдөн алынган натыйжалардын практикалык мааниси:**

• Башталгыч класс окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу боюнча педагогикалык-методикалык шарттардын бул изилдөөдө сунушталган комплекси кыргыз тили, алиппе жана адабий окуу сабактарында жогорку деңгээлдеги педагогикалык даярдыкка ээ болгон педагогдорду даярдоо процессинин натыйжалуулугун арттырат;

• Окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууда болочок мугалимдин профессионалдык педагогикалык даярдыгын арттыруу, өстүрүүнүн иштелип чыккан жана тажрыйбада сыналган натыйжалуу формалары жана методдору изилдөөдөгү проблемаларды чечүүгө өбөлгө болот жана педагогдорду даярдоодо колдонууга толук жарамдуу;

• Изилдөөнүн жыйынтыктары педагогикалык профилдеги ар кандай окуу жайларындагы жана факультеттердеги кыргыз тили, алиппе жана адабий окуу сабактарында окутуучунун ишинде колдонулса болот.

**Изилдөөнүн коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

1. Башталгыч класстардын болочок мугалиминин профессионалдык педагогикалык даярдыгы жана маданияты түшүнүгү ар кандай тарыхый доорлордо адамзатка мүнөздүү болгон маданияттын жалпы түшүнүгүнөн келип чыгат. Бүгүнкү педагог жалпы адамзат иштеп чыккан маданий баалуулуктарды муундан-муунга өткөрүп берүүдө жана ал маданий баалуулуктарды тарбия ишинде, билим берүү тармагында кыйшаюусуз жетекчиликке алуучу негизги фигура болуп саналат. Изилдөөдө каралган башталгыч класстардын мугалимдеринин педагогикалык ишмердүүлүгү, алардын жогорку деңгээлдеги педагогикалык даярдыгы менен, маданияты менен тыгыз байланышта каралуучу жана ошого негизделген абалда болочок мугалимдин индивидуалдык мүнөзүнүн негизи катары каралат.

2. Профессионалдык педагогикалык маданият – коомдун өнүгүүсү менен өзгөрүп, анын муктаждыктарын, кызыкчылыктарын, баалуулуктарын, идеаларын чагылдырып турган тынымсыз кыймылдагы динамикалуу көрүнүш.

3. Профессионалдык педагогикалык даярдыктын же маданияттын структуралык түзүмүндө (курамында) болгон аксиологиялык, чыгармачылык, коммуникативдик, технологиялык компонеттерди камтыган жана буга чейин белгилүү болгон ыкмалардан айырмаланып, биз тигил же бул элементтин белгилүү бир педогогикалык кырдаалга карата колдонулушунун ролун көрсөткөн системаны түзүү зарылдыгы бар экендигин белгилейбиз. Педагогикалык тажрыйбаны жалпылоонун негизинде анын структуралык

түзүмдөрүн ажыратабыз: когнитивдик, аксиологиялык жана рефлексиялык, коммуникативдик, социомаданий параметрлери каралат.

4. Кыргыз тили, адабий окуу жана алиппе сабактарында болочок мугалимдин педагогикалык даярдыгын жана маданиятын калыптандыруу окуу материалын индивидуалдаштыруу жана дифференциациялоо жолу менен камсыздалат; интеграциялык процесстер жана предмет аралык байланыштар (кыргыз тили менен) системасын колдонуу; педагогдун чыгармачылыгынын катнашын көбөйтүү аркылуу, мында болсо интуиция, тапкычтык, ойлоп табуучулук, сабактын жүрүшүндөгү ар кандай тапшырмаларды ийгиликтүү чече билүү жөндөмү негизги планга чыгат.

5. Кыргыз тилиндеги, адабий окуудагы жана алиппедеги кызыктуу материалдарды тилдин, карым-катыштын өзгөчө формасы катары активдүү колдонуу башталгыч класстардын болочок мугалиминин өзүнүн профессионалдык даярдыгын калыптандыруу жана өнүктүрүүдөгү эң эле натыйжалуу шарт. Адабият жана искусствонун башка түрлөрүнүн тилине таянуу менен социомаданий феноменди түшүнүү максатында класстагы ар бир окуучунун жазуусунун индивидуалдык формалары, алар менен баарлашууну активдештирүү үчүн заманбап технологияларды колдонуу зарылдыгы бар, башталгыч класс окуучусунун өзү тарабынан класстан тышкаркы иш-чараларда, үйдө жасалган, алардын өзүн-өзү жана ата-энени окутуу, тарбиялоого болгон умтулуусун өстүргөн материалдарды сабактарда колдонуу жакшы натыйжаларды берет.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:**

• Башталгыч класстын болочок мугалиминин профессионалдык педагогикалык даярдыгы жана маданияты түшүнүгүнүн калыптанышынын тарыхый шарттарына анализ жүргүзүлдү, педагогикадагы жана психологиядагы болочок мугалимдин профессионалдык педагогикалык даярдыгынын, маданиятынын проблемалары иликтенди;

• Мугалимдин кесиптик даярдыгынын калыптанышынын теориялык жана тажрыйбалык анализден өткөрүлдү, республиканын жогорку окуу

жайларындагы кыргыз тили, адабий окуу жана алиппе сабактарында болочок мугалимдердин педагогикалык ишмердүүлүгүнө карата иликтөөлөр жасалды;

• Башталгыч класстын болочок мугалимдеринин кесиптик даярдыгын калыптандыруу процессинде кыргыз тили, адабий окуу жана алиппе сабактарындагы жазуу жумуштарын окутууну индивидуалдаштыруунун ролу аныкталды;

• Окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууда предмет аралык байланыштар системасын колдонуунун өзгөчөлүктөрү такталды;

• Башталгыч класстардагы кыргыз тили, адабий окуу жана алиппе сабактарында окуучунун жазуу маданиятын калыптандыруунун методикасы иштелип чыкты;

• Башталгыч класстардын окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу боюнча жалпы мүнөздөмө берүү жана эксперименталдык иштер жүргүзүлдү;

• Кыргыз тили, адабий окуу жана алиппе сабактары боюнча болочок педагогдун педагогикалык даярдыгын калыптандыруу боюнча практикалык сунуштар иштелип чыкты жана тыянак, жыйынтыктар жалпылаштырылды.

**Изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо:** Диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору жана жыйынтыктары боюнча эл аралык жана республикалык илимий-практикалык конференцияларда илимий баяндамалар жасалды. Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетиндеги эл аралык илимий-практикалык конференция, республиканын бир катар жогорку окуу жайларында өтүлгөн илимий-практикалык конференцияларда иштин жыйынтыктары апробацияланды. Изилдөөдөн алынган жыйынтыктар республикалык басма беттеринде, КРнын ЖАК тарабынан бекитилген илимий басылмаларда педагогикалык, илимий-методикалык макала түрүндө жарыяланды.

**Изилдөөнүн эксперименталдык базасы** катары Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Э.Уметов атындагы педагогикалык факультети, Жалал-Абад гуманитардык колледжи, Жалал-Абад педагогикалык

колледжи, Баткен Мамлекеттик университетинин педагогика факультети, Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин педагогикалык факультети алынган.

**Эксперименттик мониторинг иштеринин этаптары:** Изилдөө иштери үч этап менен жүргүзүлдү. Биринчи этабында (2014-2019-жылдар) изилдөө ишинин темасына байланышкан нормативдик документтер, окуу пландары жана программалар үйрөнүлдү, педагогикалык, психологиялык жана методикалык адабияттар талдоого алынды. Экинчи этабы 2019-2020-жылдарды камтып, мында тандалып алынган тема боюнча изилдөө иштери экинчи баскычта улантылды, болочок мугалимдин окуучунун жазуу маданиятын калыптандыруу боюнча профессионалдык педагогикалык даярдыгы жана маданияты түшүнүгүнүн аппараты аныкталып, анын болжолдуу модели иштелип чыкты, изилдөөнүн мазмуну, формасы, методдору, педагогикалык шарттары аныкталды. Үчүнчү этабында (2020-2022-жылдар) республиканын жогорку окуу жайларынын педагогикалык факультеттеринде окуп билим алып жаткан студенттердин, башталгыч класстын болочок мугалимдеринин профессионалдык педагогикалык даярдыгын жана маданиятын калыптандыруу боюнча методдор, формалар менен каражаттар иш жүзүндө практикада сыналып, жыйынтыктары чыгарылды. Маселени мындан кийин улантуу, натыйжалуулугун дагы арттыруу боюнча иш чаралар аныкталып, практикалык сунуштар иштелип чыкты.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү**. Диссертация киришүүдөн, үч главадан, главалардан чыккан кыскача тыянактардан, жалпы корутунду жана практикалык сунуштардан турат. Илимий-педагогикалык жана методикалык адабияттардын тизмесине 174 аталыштагы эмгектер берилди. Жалпы көлөмү 182 бет, негизги текст 167 беттен турат. 12 таблицаны, 1 схеманы камтыйт.

# I ГЛАВА. ПЕДАГОГИКА АДИСТИГИНИН СТУДЕНТТЕРИНЕ ОКУУЧУНУН ЖАЗУУ МАДАНИЯТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУНУ ҮЙРӨТҮҮНҮНҮН ЖАЛПЫ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖАНА ПРОБЛЕМАНЫН ИЗИЛДЕНИШИ

## 1.1. Башталгыч класс мугалиминин профессоналдык маданиятын калыптандыруу жана анын теорияда, окутуу методикасында изилденишинин абалы

Башталгыч класстардын мугалимдери окуучусунун таза, кооз, сулуу, сабаттуу жазуусун камсыз кылуу үчүн оболу өзү кооз, сабаттуу, таза жазуунун көндүмдөрүнө ээ болуусу зарыл. Педагогика илиминин тили менен айтканда, окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууда мугалимдин өзүнүн профессионалдык педагогикалык маданияты калыптанган абалда болсун.

Руханий жана материалдык маданият – коомдук турмуштун күнүмдүк тиричилигинен үзүп салууга мүмкүн болбогон негизги жашоо фактору. Профессионалдык педагогикалык ишмердүүлүктүн ары татаал, ары кызыктуу процессинде мугалим, айрыкча болочок адис тил өздөштүрүү, жазуусун калыптандыруу, материалдык жана руханий баалуулуктар, каада-салт, үрп-адаттар аркылуу социумга кошулуу, аралашуу, жуурулушуусу менен тарыхый-маданий таанып-билүү процессинен өтөт, ошонусу менен өзүнө турмуштук тажрыйба топтойт, анысын тарбиялануучуларына өз мезгилинде өткөрүп жүрүп олтурат. Ар бир жеке адам жалпы адамзаттык маданияттын алып жүрүүчүсү. Адам коомунун өнүгүүсү ар кандай доорлордогу коомдук жашоонун бардык тармактарындагы жетишкендиктерин мүнөздөп турат. Муну биз “маданият” деп билебиз.

“Маданият” концептин латын тилинен жалпы сомосунан которо келгенде жер кыртышынын культивацияланышы дегенди түшүндүрөт. Бара-бара “культура” (маданият) сөзү жалпылашкан мааниде колдонула баштаган. Маданият жалпы түшүнүгүндө адамдын кайрадан түзүлгөн ишмердүүлүгүн түшүндүрөт. Түшүнүктүн этимологиясы илимде ар кандай чечмеленет: илимий адабияттарда анын 250дөн ашуун аныктамасы бар. Педагогика жана дидактика боюнча белгилүү окумуштуу И.Я. Лернер да буга кайрылган [84:52-

58 ]. Эгер адамдын коом, жаратылыш менен болгон бүтүндүгүн, инсандын мүмкүнчүлүктөрүнүн жана чыгармачыл дараметинин өнүгүүсүн билим, билгичтик, көндүм-адаттар жана жөндөм, өндүрүштүк жана чыгармачыл шык, руханий-интеллектуалдык, эстетикалык адептик өнүгүү деңгээли, дүйнө таанымы, адамдардын коллективдин чегинде баарлашуу жолдору жана формасы [84] аркылуу ишке ашырылуучу  адамдын мүмкүнчүлүктөрүн маданият деп түшүнө турган болсок, анда болочок педагогдун профессионалдык педагогикалык маданиятын жана педагогикалык чеберчилигин калыптандыруу ЖОЖдордогу окуу-тарбия процессинин өзөгү, анын приоритеттүү, артыкчылыктуу, максаттуу багыты болуп саналат.

“Маданият” түшүнүгүнө карата болгон философиялык мамиле  адам жана аны  курчап турган чөйрө менен болгон мамилесинин маңызын, анын адамдык-инсандык феномени  менен болгон байланышын, анын тарыхый эволюциялык калыптанышын ачууга мүмкүнчүлүк берет: ал адамдын көп кырдуу турмуш жолун мүнөздөйт, андыктан адам ишмердүүлүгүнүн көп кырдуулугу анын маданий баалуулук маңызында көрсөтүлүшү керек. Педагогикада жана окутуу методикасында маданияттын маңызын түшүнүүнүн үч жолу иштелип чыккан: алар ***жекелик, ишмердүүлүк жана аксиологиялык*** [32:49-55] тармактар.

Аксиологиялык изилдөөлөр аркылуу педагогикадагы: окутуу жана тарбия ишмердүүлүгүндөгү баалуулук багыттары каралат. Ишмердүүлүк болсо бул баалуулуктарды пайдаланууда жардам бере турган  методдор, каражаттар. Профессионалдык педагогикалык маданият (ППМ) руханий да материалдык да формада болушу толук ыктымал. Профессионалдык билим, теория, концепциялар, топтолгон педагогикалык тажрыйба жана иштелип чыккан этикалык нормалар профессионалдык педагогикалык маданияттын руханий-адептик баалуулуктарын түзөт. Профессионалдык педагогикалык маданияттын материалдык баалуулуктарына окутуу жана тарбиялоо каражаттары кирет.

Профессионалдык педагогикалык маданияттын (ППМ) генеологиялык тамыры байыркы замандарга чейин барып, коомдук таанып-билүүнүн өнүгүүсү

менен түздөн-түз байланышта карала турган татаал процесс. Педагогдук кесип эң эле байыркы кесип. Ал эми башка адисттиктер болсо коом тарабынан атайын уюштурулган, максаттуу педагогикалык ишмердүүлүктүн жүрүшүндө гана өздөштүрүлөт. Өсүп келе жаткан муунга коомдук тажрыйбаны өткөрүп берүү, жаңы муунду жашоого жана эмгекке даярдоо окутуу жана тарбиялоонун өз алдынча коомдук функциясы болуп бөлүнүшүнө алып келген. Алгачкы мектептер коом калыптанган доордо пайда болгон. Анын андан аркы өнүгүүсү аңчылык, жер иштетүү чарбачылыгы менен байланыштуу болгон. Бул процесстин жүрүшүндө курчап турган чөйрө жөнүндөгү билимдерди пайдалануу менен педагогикалык ишмердүүлүктүн коомдук пайдалуу тажрыйбасы акырындап топтолуп, илимдин алгачкы түйүлдүктөрү пайда боло баштаган, айталы, арифметика, астрономия, медицина, башка бир катар коомдук илимдер. Жүрүп олтуруп андан ары примитивдүү жазуулар жана мектептердин социалдык институт катары калыптанышы менен байланыштуу узак процесс жүрөт. Бул тууурасында алгачкы эскертмелер б.з.ч. 2500 жыл мурда байыркы египет булактарында айтылат. Фараондордун балдары билим алган мектептер болгон.

Байыркы Грецияда алгач 7 жаштан 14 жашка чейинки эркек балдар гана билим алуучу грамматисттердин жана кифаристтердин мектептери пайда болгон. Кыздар болсо үйдө гана тарбияланышкан. Грамматисттер мектебинде балдар окуганды, **жазганды** жана санаганды үйрөнүшкөн. Ал эми кифаристтердин мектебинде музыка, ыр, бий, жатка айтуу, чечендик өнөр (риторика) сабактары берилген. Бул мектептердеги педагогдорду дидаскалдар («дидаско» латын тилинен окуймун жана жазамын дегенди билдирет) деп аташкан. Балдарды мектепке чейин жетелеп алып барган кулдар болсо “педагог” (латын тилинен түз которгондо бала жетелөөчү дегенди түшүндүрөт) деп аталышкан.

Ар бир доордун тарыхый өнүгүшүндөгү өзүнө таандык маданияты бар, ошондой эле окутуу-тарбиялоо процессинде да өзүнө мүнөздүү салттары болгон. Тарбияны эл, улут, жалпысынан коом жаратат. Коомдук өндүрүштүн

өнүгүүсүнүн жыйынтыгында адамдын табигый эмес, объективдүү тарыхый шарттарга болгон көз карандылыгы биринчи орунга чыгат. Мындай шартта биз демографиялык процесстер, анын өзгөчөлүктөрүнө туш келебиз. Билим алуу, жөндөмдөрдү калыптандыруу маалында адам теңтуштары менен баарлашуу, ошону менен өзүнүн маданий жүрүм-турумун өнүктүрүү ж.б. процесстери жүрөт.

Байыркы кишини тарбиялоо  катаал табигый шартта жан багууга керектүү болгон жөндөм, билимдерге багытталган. Түрк элдеринин жана алардын эмгек профессионалдык педагогикалык ишмердүүлүгүнүн өнүгүүсү башка элдер менен, өзгөчө Борбор Азия элдери менен тыгыз байланышта болуп, көптөгөн жалпылыктары бар. Буга адамдын түпкү мекени бир болуп, соңку 5-10 миллион жылда кескин сууктап, бирок түбөлүк муз астында калбаган кургак аймактар  күбө.  Мындай кургак жерлерге  Борбор Азия аймактары жана Монголия кирет. Борбор Азия чөлкөмүндө мындан болжол менен жарым миллион жыл илгери пайда болгон байыркы адамдар жер казып, бак кыйып, өлтүрүлгөн жаныбарды устукандаганга жөндөмдүү болушкан. Ошол кезде жарым-жартылай олтурукташкан жашоо образы болгону жөнүндө айтууга негиз бар: адамдардын коолективинин кандайдыр бир бөлүгүн (балдар, карылар, аялдар) чогултуу менен алектенип, туруктуу жайда жашашкан, эркектер болсо топ-топ болуп аң уулоого кетишкен.

Байыркы түрктөр (көчмөндөр), тигил же бул аңчылык куралды кандай шартта колдонууну билишкен. Бул өз кезегинде  аңчылык каражаттарды колдонуу менен окутуу, тарбиялоонун өнүгүүсүнө алып келген. Ар кандай шарттарда окуу жана тарбиялануу байыркы түрктөрдө сырткы табигый факторлордун таасирин кайтаруучу жөндөмдөрдү калыптандырган. Окутуу жана тарбиянын андан аркы өркүндөшүнөн улам анын максатка ылайык экенине адамдар ишене баштаган. Мындай шартта “коомдун ар бир мүчөсүнүн жеке индивидуалдык тажрыйбасы” пайда болгон. Муну менен бирге алгачкы локалдык маданияттар пайда болгон жогорку палеолитте маданий баарлашуусунун бирдиктүү, керектүү жана кынтыксыз элементтери өнүгүп

турган процесс башталган. Окумуштуулар Ашель доорунда жана албетте, байыркы адамдардын уруулук топторунун маданиятында эле мындай билим, билгичтик, көндүм-адаттардын болгондугу жөнүндө ойду айтып келишет. Мындай өзгөчөлүктөр Борбор Азия чөлкөмүндө жайгашкан урууларга да мүнөздүү.

Алгачкы палеолит – бул адам жана коом калыптанып калган доор. Материалдык маданияттагы кескин өзгөрүүгө ой жүгүртүү, эрк, тилдин калыптанышы, адамдардын коомдук калыптануу процесси күбө боло алат. Кийинки палеолит менен максаттуу окутуу жана тарбиялоону колдонуу менен байланышкан адамдын профессионалдык ишмердүүлүгүнүн түзүлүүсү, калыптануусу, өнүгүүлөрүнүн жаңы этабы башталгандай. Палеолиттик доордогу Борбор Азия, анын ичинде Кыргызстан элдеринин эмгек профессионалдык ишмердүүлүгүн иликтөө менен, окутуу жана тарбиялоонун мүнөзү жөнүндө айтууга болот. Буга астрономия, география, тил жана башка бир катар предметтерди киргизсе болот.

Мезолит жана неолит доорлору б.з.ч. XII–X жана II миң жылдыктарды камтыйт. Бул мезгилде коллективдүү тарбия берүү менен катар тереңирээк билим, жөндөм, шыкты талап кылган индивидуалдуу окутуу жана тарбиялоо көбүрөөк мааниге ээ болот. Андан ары окутуу менен тарбиялоо процесстери өнүгөт. Алар туруктуулук, бышыктык, шамдагайлык, таамайлык, чыдамкайлык сыяктуу психофизикалык сапаттарды тарбиялоого багытталган. Андыктан тарбия жана окутуу көп кырдуу өнүгүү жолуна түшкөн. Ага уруу аралык кагылышуулар тийиштүү таасир берип, аскердик даярдык муктаждыгы пайда болгон. Аскердик окутуу жана тарбиялоо жалпы мүнөзгө ээ болгондуктан аскердик даярдыктардын алгачкы этаптары пайда болгону жөнүндө айтууга болот. Эркек балдар атка мингенди, жаа атканды, балта чапканды жана башка зарыл кесиптерди үйрөнүшкөн. Бул туурасында психолог Н.Н.Нечаев «Бардык Борбор Азия элдеринде тийиштүү куракка жеткенде эркек балдар менен кыздар бөлүнө баштайт. Ар башка жыныстагы курагы боюнча тең балдар 7-8 жашка чейин гана чогуу тарбияланышып, андан

кийин алар бири-биринен ажыратылат”, - деп жазат [115:177]. Оюн чыгармачылыгынын өнүгүүсү матриархат жана патриархат доорлоруна бирдей таандык. Ал болсо бир гана адамдардагы өнүгүп турган профессионалдык ишмердүүлүктүн түрлөрү менен гана эмес, алардын ортосунда улам күч алган бааралашуу муктаждыгы менен да түшүндүрүлөт.

Окутуудагы дифференциация процесси күч алып, тарбиялоонун методдорунда, каражаттарында жана формаларында кенен чагылдырылат. Кыргыздарда болжол менен үч жашка чейин балдар чогуу, бирдей шартта тарбияланышкан. Тарбиялоо жаатындагы сыноолордун түрлөрүнүн талаптары жана аныктамалары бул доордо кеңири тараган көрүнүш болгон. Болгондо да алар керектүү делген турмуштук жөндөм жана шыктарга ээ болууга багытталган. Айталы, байыркы гunндардын балдары алгач жаа атканды, кой мингенди үйрөнүп, бир аз чоңойгон соң коён, түлкү атканды үйрөнүшкөн. Курактык бөлүнүү уруучулук коом доорундагы салттуу көрүнүш болгон. Ар кыл курактагы балдардын-кыздардын ортосундагы мамиле кагазга жазылбаган, бирок бекем сакталган салт-санаалар менен жөнгө салынып турган. Тажрыйбалуу, шыктуураак адамдар өзүнүн жеке тажрыйбасы менен гана бөлүшпөстөн, окутуунун бир катар принциптерин да билүүсү керек болгон. Уруулук союздарды түзүү, окутуу жана тарбиялоону андан ары өркүндөтүүдө чоң мааниге ээ болгон. Бүтүндөй жашоо калыбы талкаланып, маданияттын салттуу формасы пайда болот. Жогорку коммуникация шартында окутуунун жана тарбиялоонун жаңы элементтери Борбор Азия аймагында салыштырмалуу тездик менен тарайт.

Байыркы грек тарыхчысы Геродот сактар менен скифдердин таң калыштуу окшоштугун белгилөө менен: «Сак, скиф уруулары баштарына тыкыз жүндөн токулган, мүйүз сыяктуу тик бурчтуу, шөкүлө сымал баш кийим, калың ыштан кийип, жаа, кыска кылыч жана өзгөчө секир–сагари алып жүрүшкөн». Окумуштуулардын пикири боюнча, сактар – бул «азиялык скифдер». Мындан улам тиричилик жана коомдук жашоодо окшоштуктар, материалдык жана руханий маданияттагы жакындыктар байкалат. Б.з.ч. IV–III

кылымдарда Борбор Азия чөлкөмүндө савроматтардын тукуму болгон жаңы уруулук союз түзүшөт. Алар аландар болгон. Алар шыңга бойлуу келип, сулуулугу менен даңазаланышкан. Жаш балдары жашынан эле жаа атканды, атка мингенди үйрөнүшкөн.

Ортоңку Сыр-Дарыя районунда, Кара-Тоо этектеринде, ошондой эле Борбор Азиянын аралаш райондорунда кангүй уруулары жашаган. Алар мыкты интеллектуалдык, аскердик даярдыгы менен айырмаланышкан. Хунндардын тарбиясы көчмөндүк, малчылык жашоо образы менен тыгыз байланыштуу болгон. Такай көчүп конуп жүрүү жана катаал тиричилик шарттары хунндардан мыкты акыл-эстик жана дене тарбиялык даярдыкты жана бышыктыкты талап кылган. Бул доордогу адамдардын чоң чыгармачыл жетишкендиги катары интеллектуалдык оюндардын пайда болушун айтса болот. М.Таникеев тогуз коргоол оюну менен континенттеги башка элдердин ушул өңдүү үстөл оюндарынын туугандык байланышы тууралуу кызыктуу ойду айткан. Байыркы Суяб жана Баласагун шаарлары жайгашкан жерлерди казууда ар кандай предметтер менен катар шахмат фигуралары да табылган.

Түрк кагандыгынын доорунда аскердик даярдык коомдун ар бир мүчөсүнө тийиштүү болгон. Бул өз кызыкчылыктарын коргоо үчүн акыл-эстик жана дене тарбяилык даярдыктын мыкты чегине жетүү үчүн керек болгон. Нооруз эң эле шаңдуу жана жаркын майрам болгон. Ал ар кандай оюн, таймаш, ыр-күү, бий менен коштолуп майрамдалган. Адамзаттын тарыхында бул доор көптөгөн мамлекеттер тарабынан такай кол салуулардын доору болуп саналат. Арабдар (VI–XIIк.), монголдор (XIIIк.) Борбор Азия аймагындагы жерлерди басып алып, ондогон хандыктарды орнотушкан. Белгилүү болгондой, маданияттын өнүгүүсүнө, анын ичинде шахматтын жайылышына ислам дининин кеңири таркашы оң таасир эткен. XIV кылымдын ортосунда саясий аренага белгилүү аскер кол башчысы Амир Тимур (Тамерлан) чыгат. Бул доордо жаратылыштын дарылык касиетине өзгөчө маани берилет. Алар күнүмдүк турмушта колдонулуп, бышыктык даярдаган каражат болуп саналган. Анткени тиричилик кечирүүнүн көчмөндүк формасы ушуну талап

кылган. Бул тууралуу Ч.Валиханов, “алар климат шартына жана көчмөндүк турмушка айкалышып, ысык-суукка бирдей чыдаган чың ден соолуктуу болушат”,- деп жазган.

Баштапкы орто кылым доорунда мечиттер агартуунун, окутуп-тарбиялоонун борбору болгон. Адатта педагогикалык адистиктерге шыгы бар имамдар педагог болуп дайындалган. Сабак, же болбосо педагогдун жалпы класс менен коллективдүү (жалпы) иштешүүсү болгон эмес. Педагог окуучуларды кезек менен чакырып, ар бири менен өз алдынча машыккан. Бул албетте, профессионалдык педагогикалык маданияттын өзүнчө түзүмдөрү пайда болгонун күбөлөндүрүп турат. Исламдык тарбия берүү жаңы каражаттар менен ишке ашырылган: дене тарбия көнүгүүлөрү, мектептердин жакшы жабдылышы, көрсөтмөлүүлүк, тартип принциптерин колдонуу, жалпы билимдердин кеңири тармагы. Тарбиянын имамдар тарабынан коюлган максатына жетүү үчүн бул тапшырманы так, бирок чебер аткара турган педагогдор керек болгон. Алар биринчи болуп педагогдорду жана имамдарды системалык түрдө тарбиялоону ишке ашырышкан. Мектептердин өнүгүүсү менен педагог кесиби массалык мүнөзгө ээ боло баштайт. Алгач педагогикалык ишмердүүлүктү жүргүзгөндөр эч кандай атайын даярдыктан өтүшкөн эмес. Педагогикалык билим берүүнүн пайда болуусу жана өнүгүүсү менен педагогдорду педагогикалык жактан даярдоо муктаждыгы келип чыккан.

Азыр байыркы педагог кесиби заманбап мектептердин демократизация жана гуманизация жолундагы талабын чагылдырган өнүгүүнүн жаңы жолуна түштү. Педагогдун кесиптик ишмердүүлүгүн иликтөө аспектилеринин тамыры тереңге кетет дедик. Педагогикалык маданият менен байланышкан суроолорду Чыгыштын байыркы ойчулдары менен агартуучулары терең түшүнүшкөн, алар: Авиценна (Ибн Сина), Махмуд Кашгари, Аль–Хорезми, Жусуп Баласагын, Алишер Навои, Абурайхан Бируни, Аль-Фараби, бул тизмени узакка чейин улантууга болоор эле.

Педагогикалык маданият түшүнүгү эчак эле эмпирикалык деңгээлде профессионалдык педагогикалык ишмердүүлүктүн тажрыйбасында камтылган, бирок мазмундук-теориялык аспекте иликтөөлөр жетишсиз. Тарыхый жактан-тээ

Махмуд Кашгаринин «Дивани лугат ат-тюрк» китебинен тартып эле профессионалдык педагогикалык маданиятты калыптандыруу проблемасы ага болгон талаптарды орнотуу менен байланыштырылган. Жусуп Баласагын өзүнүн «Кутадгу Билиг» дастан-поэмасында тарбиялоо жана окутуу процессине карата талаптарын аныктабай туруп эле, анын мазмунун чагылдырган. Анын түшүнүгүндө окутууну балдарга болгон сүйүү, өнүккөн таанып-билүү жөмдөмдөрүнүн болушу, ошондой эле окуу материалдын мазмуну, формасын, маңызын, сабак берүү методдорун мыкты билүү менен айкалыштыруу керек.

Тарбиялоонун байыркы ойчулдар сунуштаган табигый айкалыштык, маданий айкалыштык принциптеринде, алар педагог окуучулар үчүн идеал болуу менен аларга сый мамиле кылышы керек дешкен. Анткени баланын индивидуалдуу касиет белгилерин сыйлоо менен гана башка адамдарга кунт коюу менен көңүл койгон адамды тарбиялоого болот. Мунун баары башка окумуштуулардын эмгектеринде андан ары улантылган.

Окутуп-тарбиялоодогу педагогдун индивидуалдуулугунун маанисин В.А.Сухомлинский да белгилеген. Ал педагог үчүн керектүү деп эсептеген сапаттар биздин күндө да актуалдуулугун жогото элек. Бул – таза адептүүлүк, терең билимдүүлүк, өз ишин мыкты билүү, өз билимдерин өркүндөтүүгө болгон аракет, тарбияланууучуну ар тараптан жана терең үйрөнүүгө умтулуу. «Тарбияда бардыгы тең тарбиячынын жекелик касиеттерине негизделиши керек, анткени тарбия күчү бир гана адамдык булактан алынат. Устав, программалар канчалык мыкты, канчалык дыкат жазылбасын, алар тарбия ишинде инсандын ордун алмаштыра албайт» [151:191]. Мугалимге карата болгон талаптарды мындан да тагыраак белгилүү окумуштуу В.А Сластенин айтат: “...тарбиялоо элементи илимди окутууда, окутуучунун илимге болгон сүйүүсүндө жана аны сүйүү менен берүүсүндө, педагогдун окуучуга болгон мамилесинде жатат» [143:216]. В.Н.Малиновскаянын эмгектеринде педагог адистигинин татаалдыгы, кыйындыгы туурасында кызыктуу ойлорду табабыз: «педагогикалык ишмердүүлүк өтө татаал ... ал көп катмарлуу, интеллекти жогору, өз ишине сүйүү менен кызмат кыла турган адамды талап кылат жана

ал баланы түшүнүүсү, чындап билимдүү болуусу маанилүү», ... «өзүн башкара билүүсү керек, токтоо болуп, башкалар менен сүйлөшүп жатканда анын инсандыгын таанышы керек» [90:187-188]. Ушундай маанидеги жоболор башка адистердин эмгектеринде андан ары өнүктүрүлөт, алар жаңы типтеги мектеп түзүүнү максат кылышып, окутуп-тарбиялоо процессинде баланын жашоосуна маданиятты киргизүүнү сунушташкан. Педагогдун профессионалдык маданият түшүнүгүнүн мазмуну А.С.Макаренконун эмгектеринде кенен түшүндүрүлөт, ал окуучулар менен байланыш түзө билүү жана педагогикалык көрөгөчтүк шыгы менен камсылдаган профессионалдык педагогикалык маданиятка ээ болуу муктаждыгына көңүл бурган [88 : 124].

Профессионалдык педагогикалык ишмердүүктүн профессионалдык педагогикалык маданият окутуу процессинин субъектисине айлануусунун маңызын түшүнүү үчүн В.А. Сухомлинскийдин эмгектерине кайрылабыз, ал «баланы билбесе мектеп да, тарбия да, чыныгы педагог да, педагогикалык коллектив да жок, ал эми качан гана педагогдун педагогикалык маданияты тереңдеп, өнүгүп турганда баланы билүүгө болот» деп жазган [150:243]. В.А. Сухомлинский педагогдун өз предметин терең билүүсүн, кеңири кругозорун, психологиялык билимин, баланы иликтөө методдорунун көптүгүн, педагогдун сүйлөө маданиятын, анын адептик сапаттарын, тарбиялануучунун жүрөгү менен акылына кайрыла билүүнү, балдарга болгон сүйүүнү жана педагогикалык акылмандуулукту камтыйт деп айткан. Бул ой В.А.Сухомлинскийдин эмгектеринен кийин гана илимде таркала баштады. Анын ишениминде, адамзаттын тарыхында “тарыхый мураскордуктун” эки тиби жана эки формасы бар. Бул прогресс, же өнүгүү. Мындай типте улам кийинки баскыч бийик болуп, биздин акыл, социалдык баарлашуу басып өткөн жетишкендиктердин жакшы жактарын өнүктүрөт. Мында буга чейинкилер жок болуп кетпейт, жөн гана толукталат, тууралanat. Билимдүү адам – бул басып өткөн жолунан улам өз акылын жана өз шыгын алдыга түртө билген адам [151:260–290].

Маданиятты руханий жана материалдык баалуулуктардын ар кандай типтери жана формаларын сактап жана улантып берүүгө тандалган чындыкты сиңирүүнүн

руханий жолу деп караган философиялык көз караш билим берүүдөгү адистин профессионалдык педагогикалык маданияттын функциясын түшүнүүнүн негизинде боло алат. Албетте, профессионалдык педагогикалык маданият педагогикалык эмгектин маданияты катары гана тар түшүнүктө эмес, профессионалдык педагогикалык маданият боюнча татаал болгон педагогдун руханий формасынын көп кырдуулугу катары чечмеленет.

Маданият түшүнүгү “адамдык фактор” түшүнүгү камтылган маданияттын мазмунундагы негизги нерсе - бул буюм эмес адам жана коом экенине көңүл бурат. Мындан улам профессионалдык педагогикалык маданияттын өзгөчөлүгү болуп анын объектиси, максаты жана жыйынтыгы болуп адам, анын билими, тарбиясы, калыптанышы, инсандык өнүгүүсү эсептелет. Бул профессионалдык педагогикалык маданиятты коомдун маданият өндүрүшүнүн бөлүгү жана маанилүү механизми кылат. Профессионалдык педагогикалык маданият– бул окутуу жана тарбия менен алектенген педагогдун, ата-эненин жекелик касиеттеринин сапаттуу мүнөздөмөсү. Бул планда, педагогдун профессионалдык маданияты коом менен бирдей өнүгүп, коомдук көрүнүш катары коюларын айта кетүү керек. Ошол эле маалда профессионал педагогдор (ЖОЖдордогу, мектептердеги мугалимдер жана тарбиячылар) менен катар эле адис эмес педагогдор (үй-бүлөдө ата-эне, ага-эжелер, аскер кызматында офицерлер ж.б.) да эсептелээрин белгилей кетүү керек [4:198 ], башкача айтканда, булар түздөн-түз тарбиялык иш менен алектенген кишилер. Профессионалдык педагогикалык маданиятты алып жүрүүчүлөрү болуп профессионалдык педагогикалык ишмердүүлүктү тийиштүү деңгээлде чыгармачылык менен ишке ашырган адамдар эсептелет.

Башталгыч класстардын мугалиминин жана тарбиячынын профессионалдык педагогикалык маданияты окуу-методикалык жана тарбиялык процесстин натыйжалуулугунун негизги мүнөзү жана негизги өбөлгөсү болуп эсептелет. Анын эң эле башкы багыты болуп окуу-тарбия процессинин натыйжалуулугун арттыруу жана анын түшүмдүүлүгүн жогорулатуу.

Педагогдун, же тарбиячынын профессионалдык маданияты – бул анын инсандык мүнөзүн жалпылаштырган абалы, мунун натыйжасында ал окуу-тарбия

процессин өзүнүн окуучуларынын же тарбиялануучуларынын натыйжалуу өнөктөштүгү менен жүргүзө алат. Профессионалдык андай маданиятка ээ боло албаган мугалим, же тарбиячы өз ишинин натыйжалуулугуна жетише албайт. Мугалимдин, же тарбиячынын профессионалдык маданияты бир катар функцияларды аткарышы керек, алар:

• окуучуларына бекем билим берүү менен алардын билгичтиктерин, көндүм-адаттарын шарттап, мунун аркасында алардын дүйнө таанымын калыптандырат;

• окуучуларына алардын психикасынын интеллектуалдык күчүн жана жөндөмдүүлүктөрүн, эмоционалдык-эрктик, ишмердүүлүк-практикалык жактарын калыптандырат жана өнүктүрөт;

• окуучуларына алардын коомдо өздөрүн алып жүрүүсүнүн адеп-ахлактык принциптери менен адаттарынын аң-сезимдүүлүк менен өздөштүрүшүн шарттайт;

• окуучуларынын турмуштун реалдуу чындыгына карата эстетикалык мамилесин түптөйт;

• окуучуларынын саламаттыгын сактап, алардын дене бой түзүлүшүн, дене жөндөмдүүлүгүнүн туура калыптанышына шарт түзүп берет.

Педагогикалык маданият мына булардын болушун шарттайт:

• мугалимдин, же тарбиячынын педагогикалык багыттуулугу мектептеги же жогорку окуу жайындагы окуу-тарбия процессине гана бурулушу, ал процесстин жүрүшүндө жогорку жетишкендиктерге ээ болуусу;

• мугалимдин, же тарбиячынын компетенттүүлүгү, кругозорунун кенендиги, психологиялык-педагогикалык эрудициясы мектептеги же жогорку окуу жайдагы окуу-тарбия процессин жакшы түшүнүүгө өбөлгө түзүшү керек;

• мугалимдин, же тарбиячынын окуу-тарбия процессиндеги сапаттарынын адамдарга карата болгон урматтоо мамилеси, өзгөлөрдүн касиеттерин сыйлоосу, иш-аракеттеринде жана жүрүм-турумунда туруктуулугу, ишке болгон жөндөмдүүлүгүнүн жогорулугу, чыдамкайлыгы,

токтоолугу менен сабырдуулугу, ой-максаттарынын максатка багыттуулугу сыяктуу касиеттеринин болушу;

• мугалимдин, же тарбиячынын мектептеги же жогорку окуу жайындагы окуу-тарбия процессин тынымсыз жакшыртууга болгон иш-аракеттери, буга керектүү жолдорду, ыкмаларды, амалдарды табууга карата тынымсыз аракеттеринин болушу;

• мугалимдин, же тарбиячынын интеллектуалдык жана уюштуруучулук сапаттарынын болушу, анын интеллектуалдык-таанып билүүчүлүк жөндөмүнүн окуу иштериндеги пайдасы, ой жүгүртүүсүнүн кенендиги, элди ишке чакыра, кызыктыра билүүсү, аларга карата болгон таасирдүүлүгүнүн болушу, бул касиет-белгилерин окуу-тарбия процессинин натыйжалуу жүрүшүнө багыттай алышы;

• мугалимдин, же тарбиячынын педагогикалык чеберчилиги (устаттыгы) менен жогорку деңгээлде өнүккөн педагогикалык ой жүгүртүүсүнүн синтези, профессионалдык педагогикалык билими, билгичтиги, көндүм-адаттары, эмоционалдык-эрктик сапаттарынын жуурулушкан абалда болушу анын окуу-тарбия процессинин тапшырмаларын туура, сапаттуу аткарууга шарт түзөт.

Педагогикалык чеберчилик – бул профессионалдык педагогикалык маданиятты калыптандыруучу негизги компоненттердин бири болуп саналат. Ал туруктуу психологиялык-педагогикалык билим, билгичтик жана көндүм-адаттар, педагогикалык талап кылуучулук жана ал мугалим, же тарбиячынын инсандык статусу менен шартталган абалда көрүнөт.

Профессионалдык педагогикалык маданияттын жалпы мүнөзүн ачуу үчүн бир катар принципиалдуу маселелердин башын ачып алуу зарыл, алар:

• мугалимдин профессионалдык педагогикалык маданияты жана анын структуралык түзүмдөрү;

•мугалимдин профессионалдык педагогикалык маданиятынын аксиологиялык компонентинин маңызы, мааниси;

• мугалимдин профессионалдык педагогикалык маданияты түшүнүгүнүн технологиялык жана инсандык-чыгармачылык компонентинин маани-маңызы;

•мугалимдин профессионалдык педагогикалык маданиятынын калыптанышынын жана өнүгүшүнүн баскычтары менен критерийлери;

• мугалимдин педагогикалык баарлашуусунун маданияты.

“Маданият” түшүнүгү, аксиологиялык концепцияда, бүтүндөй адамзат тарабынан иштелип чыккан материалдык жана руханий баалулуктардын жыйындысы, же болбосо, “баалуулуктарды чагылдырган дүйнө” (А.И.Арнольдов, М.С.Каган, Н.З.Чавчавадзе) карата түшүндүрүлөт. Адам, аксиологиялык позициядан караганда, маданиятка бүткүл адамзаттык баалуулуктарды интеграциялап, ал иштеп чыккан баалуулуктар катары турмушунда каалагандай пайдаланып баштады. Маданияттын ишмердүүлүк концепциясы ал маданиятты адам ишмердүүлүгүнүн спецификалык каражаты (Э.С.Маркарян) катары карап, адам ишмердүүлүгүнүн түшүмдүү күчү (М.С.Каган) деп билет. Маданияттын инсандык-чыгармачылык концепциясы болсо, ал маданиятты адамдын чыгармачылык ишмердүлүгүнүн процесси (Н.С.Злобин) катары карап, анын социалдык активдүү аракеттериндеги өнүгүүнүн чен-өлчөмдөрү менен ыкмалары болот. Бул “маданият” түшүнүгүнүн аксиологиялык (демек, философиялык) түшүндүрмөлөрү барып-келип анын психологиялык түшүндүрмөлөрү менен дал келет.

Педагогикалык маданият коомдук жана профессионалдык-топтук көрүнүш катары маданияттын ар кандай формаларында педагогикалык баалуулуктардын, билимдердин жана тажрыйбалардын жыйындысы катары түшүндүрүлүп, алардын педагогикалык иште реализацияланышы болсо педагогикалык ой жүгүртүүнүн белгилүү бир типтери менен дал келет. Педагогикалык маданиятты алып жүрүүчүлөр, анын өкүлдөрү болуп профессионалдык жана профессионалдык эмес деңгээлде тарбия процессин жүргүзүп жүргөндөр эсептелишет.

*Профессионалдык маданият* – белгилүү бир профессионалдык группалардын атрибуттук касиет-белгилери. Айрым изилдөөчүлөр аны профессионалдык тапшырмаларды, маселелерди аткаруу үчүн каражаттардын

өнүгүшүнүн өлчөмү катары карашса, башкалары профессионалдык топтун мүчөлөрүнүн маселени чечүүнүн каражаттарына ээ болуусу деп билишет.

*Профессионалдык педагогикалык маданият* – педагогдун инсанынын (личностунун) интеграцияланган мүнөздөмөсү, ал ошол жалпы адамзат тарабынан иштелип чыккан баалуулуктарды өзүнүн профессионалдык педагогикалык ишмердүүлүгүнө ылайыкташтырат, интеграциялайт, ал мында инсандык багыт технологияларын, ыкмаларын толук пайдаланат. Анын алып жүрүүчүлөрү болуп, окумуштуу И.Ф.Исаевдин түшүнүгүндө, педагогикалык ишмердүүлүктү жогорку профессионалдыкта аткарып жүргөн адамдар эсептелет. И.Ф.Исаевдин берген аныктамасына ылайык "профессионально-педагогическую культуру можно принять как меру и способ творческой самореализации личности педагога в разнообразных видах педагогической деятельности и общения, направленной на освоение, передачу и создание педагогических ценностей и технологий" [65 : 144].

***Профессионалдык педагогикалык маданият:***

а) адис-педагогдун инсанынын (личностунун) интеграцияланган касиет-сапаттары;

б) профессионалдык педагогикалык ишмердүүлүктүн натыйжалуулугун арттыруудагы шарттар менен өбөлгөлөр;

в) педагогдун профессионалдык жактан өзүн-өзү калыптандыруусу, өстүрүүсү жана такшалуусу.

Мугалимдин профессионалдык педагогикалык маданиятынын мазмунун түзүүчү негизги үч компонентти бөлүп көрсөтүүгө болот, алар: *аксиологиялык компонент, технологиялык компонент жана инсандык-чыгармачылык компонент.*

Мугалимдин профессионалдык педагогикалык маданияты профессионалдык педагогикалык баалуулуктардын жыйындысы катары туруктуу ориэнтир, анын негизинде мугалим өзүнүн профессионалдык ишмердүүлүгүн жүргүзөт. Педагогикалык мындай баалуулуктар бүткүл

адамзат тарабынан жана педагогикалык коомчулук тарабынан иштелип чыгып, жалпы педагогикалык процесске киргизилген.

***Педагогикалык баалуулуктардын классификацияланышы.***

Бул боюнча С.Л.Рубинштейнминтип белгилейт: “По уровню своего существования они подразделяются на: общественно-педагогические ценности, профессионально-групповые педагогические ценности и индивдуально-личностные педагогические ценности.

1) *Общественно-педагогические ценности*, которые функционируют в масштабе всего общества, сконцентрированы в общественном сознании в форме педагогической морали. Они представляют собой идеи, представления, нормы, регламентирующие воспитательную деятельность в рамках общества.

2) *Профессионально-групповые педагогические ценности* – идеи, концепции, нормы, регулирующие профессионально-педагогическую деятельность. Эти ценности служат ориентирами в определенной профессионально-педагогической группе.

3) *Индивидуально-личностные педагогические ценности* – система ценностных ориентаций конкретного педагога, сложное социально-психологическое образование, в котором сливаются целевая и мотивационная направленность личности.

Группы профессионально-педагогических ценностей, которые становятся индивидуально-личностными ценностными ориентациями преподавателя. Первая группа – *ценности-цели*, раскрывающие смысл целей профессионально-педагогической деятельности преподавателя (к чему он стремится?), это:

- знания студентов;
- личностное развитие студентов;
- профессиональная компетентность будущих специалистов;
- формирование творческой личности и др.

Вторая группа – *ценности-средства*, раскрывающие значение и смысл способов и средств осуществления профессионально-педагогической деятельности:

- репродуктивное обучение;
- проблемное обучение;
- личностно-развивающие технологии обучения;
- личностно-ориентированное обучение;
- диалоговое обучение;
- технологии индивидуально-творческого развития и др.

Третья группа – *ценности-отношения,* раскрывающие значение и смысл определенного стиля отношений со студентами как основного механизма функционирования целостной системы педагогической деятельности:

- авторитарный стиль;
- демократический стиль;
- либеральный стиль.

Четвертая группа – *ценности-знания*, раскрывающие значение и смысл определенной группы знаний в процессе осуществления профессионально-педагогической деятельности:

- знание предмета преподавания;
- знание педагогики высшей школы;
- знание общей педагогики;
- знание психологии студенчества и др.

Пятая группа – *ценности-качества*, раскрывающие значение и смысл коммуникативных, статусно-позиционных, профессиональных и внешне-поведенческих качеств личности преподавателя как субъекта профессионально-педагогической деятельности” [131 : 35-39].

“Технологический компонент профессионально-педагогической культуры включает в себя определенный уровень владения личностно-ориентированными технологиями профессионально-педагогической деятельности. С позиций данного компонента профессионально-

педагогическая культура характеризует способ профессиональной деятельности преподавателя в единстве целей, средств и результатов, т.е. технологии этой деятельности. Личностно-творческий компонент профессионально-педагогической культуры отражает механизм овладения профессионально-педагогической культурой. Процесс присвоения преподавателем ценностей педагогической культуры происходит на личностном уровне. Он творчески интерпретирует ту или иную теорию, концепцию, тем самым реализует свои творческие способности и становится как бы сотворцом определенных ценностей" [131:41].

Профессионалдык педагогикалык маданияттын структуралык түзүмүндө анын төмөнкү түрлөрү изилденет:

- методологиялык маданият;
- дидактикалык маданият;
- рефлексиялык маданият;
- гуманитардык маданият;
- профессионалдык-этикалык маданият;
- диагностикалык маданият;
- этнопедагогикалык маданият;
- технологиялык маданият;
- информациялык (маалыматтык) маданият;
- коммуникативдик маданият ж.б.

Буларга кошумча окумуштуу А.Я.Барабанщиков (Проблемы педагогической культуры преподавателей ВУЗов) мына буларды кошумчалайт: "Критериями уровневого развития профессионально-педагогической культуры преподавателя как интегративной характеристики его личности могут служить степень овладения профессионально-педагогическими ценностями, личностно-ориентированными образовательными технологиями и степень творческой самореализации в профессиональной деятельности" [22 : 44-45].

Бизден бир канча доордо мурда жашаган элдеринин педагогикалык бай тажрыйбасын терең өздөштүрүү зарылдыгы бар. Ал адамдар таланттуу болгон,

айрым аспектилерде алар бизден ашып түшүп, тарбия проблемаларын азыркы күн үчүн тааныш эмес болгон башка өңүттөн карап, аны чечүүгө күтүүсүз, терең сунуштарды берип, заманбап билим берүү, илим, маданият унутта калтырган окутуу-тарбиялоо процессинин бир топ жактарын көрсөтүшкөн. Адам ишмердүүлүгү ар дайыма тарыхый тажрыйбага таянат. Ошол тажрыйбаны эске алуу менен гана муундан-муунга маданий мурас катары өтүп келген окутуу жана тарбиялоо проблемаларын өз алдыгча чечүүгө болот. Мектеп окуучуларын башталгыч класстардан баштап туура окутуу, туура жаздыруу жана инсан катары тарбиялоодогу элдердин көп кылымдык тажрыйбасына таянуу ар бир педагогдун профессионалдык жөндөмдүүлүктөрүнүн, мүнөзүнүн милдеттүү жана ажырагыс бөлүгү болуп калышы керек, азыркы педагогика жана дидактика мына ушуну шарттайт.

## 1.2. Башталгыч класстын окуучуларынын жазуу маданиятын калыптандырунун педагогикалык шарттары

Республиканын жогорку окуу жайларынын педагогикалык факультеттеринде билим алып жаткан студенттердин болочоктогу окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу ишиндеги орчундуу маселе катары “Каллиграфия” предметинин окуу процессиндеги ээлеген орду, анын максат-милдеттери каралышы шарт. Оболу педагогикалык факультеттердин студенттери каллиграфиялык жактан тамгаларды элементи менен жазууга көнүгүшөт. Башталгыч класстын мугалими катары өздөрүнүн кол жазмасы талапка жооп берүү максатында машыгат. Програманын талаптарына ылайык:

- жазууда баш жана кичине тамгалардын формасынын туура сакталышы;
- тамгалардын бийиктиги дептердеги сызыктарга ылайык болушу;
- тамгалардын бири - бирине туура кошулуп жазылышы;
- бардык тамгалардын жогорку бөлүгүнүн оң жакка 60-70 градус чамасында кыйгач жазылышы өздөштүрүлөт.

Окуучуларды жантык жазуунун ыгына көнүктүрүүдө тынымсыз жүргүзүлүүчү машыгуулар талап кылынат. Жантык жазуунун ыгына

окуучуларды көнүктүрүүдө төмөндөгүдөй милдеттердин так аткарылышы талап кылынат:

▪ жазуу учурунда дептерлерди туура кармоо;

▪ жантык жазууну кандай түшүрүүнү билүү;

▪ калем сапты туура кармоонун эрежелеринин сакталышы;

▪ тамгаларды сулуу ( каллиграфиялык үлгүдө) таза жана элементи менен жазуу сабаттуулугун өнүктүрүүгө үйрөнүшөт.

▪ сабаттуу жазууга жана таза жазууга үйрөтүүнүн методикасынын негизги жоболорунун туура сакталышы.

Окуучунун жазуу маданиятын калыптандыруунун максат – милдеттерине ылайык башталгыч класстарынын мугалимдери төмөнкү компетенцияларга ээ болуусу керек:

**Жалпы компетенциялар**:

**1**. Студент өзүнүн болочоктогу кесибинин маани-мазмунун, социалдык маанисин түшүнүү аны өздөштүрүүгө такай кызыгуу.

**2.** Жеке ишмердүүлүгүн уюштуруу, кесиптик тапшырмаларды аткаруу ыкмасын жана методдорун аныктоо, алардын натыйжалуулугун жана сапатын баалоону билүү.

**3**. Стандарттык жана стандарттык эмес абалдарда чечим кабыл алат, маселелерди чечет, жоопкерчиликти жана демилгени көрсөтүү.

**4**. Кесиптик милдеттерди натыйжалуу аткарат, кесиптик жана инсандык өнүгүү үчүн зарыл болгон маалыматтарды издейт, чечмелейт жана пайдалана алат.

**5.** Кесиптик ишинде маалыматтык- коммуникациялык технологияларды колдонот.

**6.** Командада иштөөнү, кесиптештер, жетекчилер жана окуучулар менен натыйжалуу баарлашууну билет.

**7.** Команда мүчөлөрүнүн (кол алдындагы) иши жана аларды иш орунда окутат, тапшырмаларды аткаруунун жыйынтыгы үчүн жоопкерчилик алат.

**8.** Жеке инсандык жана кесиптик өнүгүүсүн башкарат, кесиптик иште эмгек шарттарынын жана технологиялардын өзгөрүүсүнө адаптацияланат.

**9.** Чакан жамаат менен уюштуруу- башкаруу иштерине даяр, пикирлешет жана активдүү жарандык милдетин аткарат.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

**1**. Жалпы илимий билимдер табигый жана гуманитардык илим, өзүнүн өнүгүүсүн педагогикалык рефлексиянын негизинде баалайт, түздөйт жана пландаштырат, ойлоно билет.

**2.** Мамлекеттик билим берүү стандарты боюнча башталгыч билим берүүнүн мектеп жашындагы балдарды окутуу жөндөмдү ишке ашыруу.

**3.** Окуучулардын мамилелешүүсүн жана класстан тышкаркы ишмердүүлүгүн уюштурат. Коомчулук жана кызыккан тараптар, ата-энелер менен жигердүү кызматташат.

**4.** Жалпы жана кесиптик билимге таянуу менен, жамааттын жана өз алдынча туура чечимди кабыл ала алат. Нормативдик-укуктук, моралдык-коомдук принциптер жана жоболордун негизинде мыйзамдын чегинде иш алып бара алат.

**5.** Мамлекеттик жана официалдуу тилдерде иштейт. Программанын ресурстарын колдонуу жана маалыматтарды иштеп чыгуу менен кесиптик ишмердүүлүгүн өндүрүштөн ажыратпастан үйрөнөт.

**Кесиптик компетенциялар:**

Башталгыч жалпы билим берүүнүн программалары боюнча окутууга тиешелүү компетенциялар:

**1.** Сабакты пландаштырат, анын максатын, милдеттерин аныктайт.

**2.** Сабакты уюштурат жана өтөт, окуу процессин жана анын натыйжаларын баалайт, ага педагогикалык көзөмөл жүргүзөт, сабакты талдайт, окутуунун жаңы методдорун жана технологияларын колдонот.

**3.** Окуучулардын өмүрүн жана ден соолугун сактайт, жаракат (травма) алып калууну болтурбоо жана коопсуздук техникасын сактайт.

**4.** Профессионалдык-педагогикалык этиканы сактайт.

**Башталгыч класстын окуучусунун сабактан тышкаркы иштерин уюштурууга тиешелүү компетенциялар:**

**1.** Сабактан тышкаркы ишмердикти, сабактан тышкаркы сабактарды уюштуруу жана өткөрүү;

**2.** Мектеп жашындагы окуучулардын катышуусун жана ишмердүүлүк процессинин жыйынтыгын талдоо жана баалоо, педагогикалык көзөмөлдү жүзөгө ашыруу;

**Дисциплинаны өздөштүрүүдө талап кылынуучу жыйынтыктар:**

Каллиграфия (таза жазуу) предметинин базалык бөлүгүн үйрөнүүнүн натыйжасында педагогика факультетинин ар бир студенти ар бир тамганы элементи менен жазганга аудиториядан тартып машыгат.

**Каллиграфия боюнча окуу дисциплинасынын программасы болжол менен төмөнкүдөй түзүлүшү керек:**

▪ Программаны колдонуу чөйрөсү билим берүүчү окуу дисциплинанын жумушчу программасы “Башталгыч класс мугалими” адистиги боюнча орто кесиптик жана жогорку кесиптик Башталгыч класстарда окутуу адистерди даярдоочу Мамлекеттик программалардын бөлүгү болуп саналат.

▪ Негизги кесиптик билим берүү программасынын курамында дисциплинанын орду: окуу дисциплинасы кесиптик циклга кирет. (вариативдик бөлүк).

▪ Каллиграфия дисциплинасынын максаты жана милдети – дисциплинаны өздөштүрүүнү жыйынтыгына коюлган талаптарга дал келүүсү керек. Дислиплинаны өздөштүрүүнүн жыйынтыгында үйрөнүүчүлөр (педфактын студенттери) төмөнкүлөрдү **билүүсү зарыл**:

▪ мектеп жашындагылардын окуу ишмердүүлүгүн жана таанып-билүү өзгөчөлүгүн;

▪ жалпы башталгыч билим берүү жана жалпы башталгыч билим берүү программасынын билим берүү стандартынын талаптарын;

▪ башталгыч мектептин программасы жана окуу-методикалык комплексин;

▪ мектепке чейинки жана башталгыч жалпы билим берүүнүн маалымат берүүчү программасын ишин улантуучу суроолорун;

▪ башталгыч мектепте тарбия сабагынын мүмкүнчүлүгүн бардык предметтер боюнча сабактарда окуу таанытуучу ишмердүүлүккө өнүктүрүүнүн ыкмаларын жана методдорун мотивациялоо;

▪ окутууда кыйынчылык жараткан көйгөйлүү балдардын өзгөчөлүгү;

▪ окутууда кыйынчылык жараткан балдарды коррекциялык өнүгүүсүн түздөө иштеринин негизи;

▪ зээндүү балдарды окутуунун жана тарбиялоонун негиздери;

▪ башталгыч билим берүүдө негизги окуу предметтеринин мазмунун кесиптик ишмердүүлүктү жана окутуунун методдорун жүргүзүү үчүн керектүү көлөмдө болушун;

▪ мектеп жашына чейинкилерди даярдоодо мазмуну жана деңгээлдик талаптары;

▪ мектеп жашындагылардын (бардык окуу предметтери боюнча) окуу ишмердүүлүгүн текшерүүнүн жыйынтыктарынын педагогикалык методдору жана ыкмалары;

▪ балага педагогикалык мүнөздөмө түзүүнүн ыкмасы;

▪ башталгыч класстардын мугалимдеринин ишмердүүлүгүн баалоонун негизи, үйрөнүүчүлөрдүн жетишкендик эсебинин түрлөрү, коюлган белгилердин критерийлери;

▪ сабактарды окутууну уюштурууда педагогикалык жана гигиеналык талаптар;

▪ сабакты даярдоо үчүн керектүү маалымат булактарын жана методикалык адабияттарды ж.б. табуу жана колдонуу;

Сабактын максатын жана милдетин аныктоо, санитардык-гигиеналык талаптарга ылайык бөлүнгөн үйрөнүүчүлөрдүн өзгөчөлүгүнө окуу предметин, жашын, классын эске алуу менен пландоо;

▪ ар түрдүү каражаттарды колдонуу, сабактарда бардык окуу предметтери боюнча окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнүн методдорун, формаларын

уюштуруу, окуучулардын жаш курагы жана даярдык деңгээлин, окуу предметинин өзгөчөлүгүн эске алуу менен түзүү;

▪ сабактарда физикалык көгүгүүлөрдү аткаруу алдында өзүн коргоо, техникалык коопсуздукту сактоо жана коргонуу ыкмаларын колдонуу;

▪ зээндүү балдар менен иштөөдө жеке өзгөчөлүктөрүнө ылайык пландоо жана жүргүзүү;

▪ окуу процессинде кыйынчылык менен үйрөнүүчүлөргө коррекциялык-өнүктүрүү иштерин пландоо жана жүргүзүү;

▪ билим берүү процессинде окутуунун техникалык каражаттарын колдонуу;

▪ үйрөнүүчүлөр менен максаттуу өз ара педагогикалык мамилени калыптандыруу;

▪ бардык окуу предметтери боюнча педагогикалык текшерүү өткөрүү;

▪ үйрөнүүчүлөрдүн окуу жетишкендигинин диагностикалык жыйынтыгын чечмелөө (интерпретациялоо)

▪ бардык окуу предметтери боюнча сабактарда окуучулардын ишмердүүлүк жыйынтыгын жана процессти баалоо, белги коюу;

▪ бардык предметтер боюнча сабактардын жүрүшүн өз алдынча көзөмөлдөө жана өз алдынча анализ жүргүзүү;

▪ бардык окуу предметтерин окутуу боюнча педагогикалык ишмердүүлүктүн жыйынтыгын жана жүрүшүн анализдөө, түздөө жана аларды өркүндөтүү;

▪ кыргыз (орус) тилдеринде оозеки жана жазуу кептин нормаларын жана эрежелерин сактоо менен каллиграфиялык эреженин негизинде жазуу;

▪ сабактын мазмунун аныктоо үчүн методдорун жана максат, милдеттерин коюуда анализдөө;

▪ сабакты өткөрүүнүн алдында өз алдынча көзөмөл, өз алдынча анализ жүргүзүү;

▪ мазмунун талдоо, окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу жана дидактикалык материалдарды тандоо;

▪ ар түрдүү методдорду, каражаттарды, мектеп жашындагы окуучулардын ишмердүүлүгүн уюштуруу формаларын колдонуу;

▪ сабактарда окуучулар үчүн педагогикалык байкоолорду өткөрүү;

▪ окуучулардын жетишүүсүнүн эсебин чыгаруу.

**Башталгыч класстын мугалими ээ болуучу билим, билгичтик жана көндүм**:

▪ башталгыч мектепте бардык окуу предметтери боюнча сабактарды өткөрүү жана пландаштыруу, максатын жана милдеттерин аныктоонун методуна таянууга;

▪ башталгыч класстын окуучуларынын жана өзүнчө үйрөнүүчүлөрдүн окуу жетишкендиктеринин бааларын, жаш өзгөчөлүгүн, классын эске алуу менен диагностикалык ыкмаларын өткөрүүгө;

▪ үйрөнүүчүлөргө педагогикалык мүнөздөмө түзүүгө;

▪ окуу документацияларын киргизүүгө.

Башталгыч класстын мугалимдеринин окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу ишинде **анын жеке түзүп алган жумушчу программасы** болжол менен төмөнкү билимдерди, билгичтиктерди, көндүм, компетенцияларды камтышы керек. Төмөндө биз тарабынан сунушталган жумушчу программадагы айрым темалардын үлгүлөрүн мисал катары карап көрөлү.

**1. Киришүү. Туура жазуунун мааниси. Жазуунун эрежелери.**

Коомдун мүчөлөрүнүн турмушундагы жана алардын тиричилигиндеги тилдин баа жеткис мааниси коомдун мүчөлөрүнүн бири-бири менен байланыштуу, пикирлешүү үчүн кызмат кыла тургандыгында. Мына ушунун негизинде тил өзүн коллективдүү эмгектин процесстеринде өнүктүргөн, коом үчүн жана анын бардык мүчөлөрүнө бирдей кызмат кылуучу жалпы элдик тил болуп саналат. Ошондуктан, тилдин кайсы түрүндөгү формасы болсо да (оозеки, жазуу) аны ошол тилде сүйлөгөн коомдун бардык мүчөлөрү бир түрдүүлүктө колдонуунун коомдук мааниси зор. Башкача айтканда, кандайдыр бир топ татаалдашкан болор эле. Мисалы: Октябрь революциясына чейин

колдонулган, араб алфавитинде кептеги сөздөрдү жазуунун кандайдыр бир тартипке салынган эрежеси болгон эмес. Натыйжада араб алфавитиндеги тамгаларды жазганды үйрөнгөн адамдар сөздүн маанисинин бузулгандыгына карабастан, ар кимиси өз билгенинче ар түрдүү формада жазып келишкен. Мисалы: „20" деген сөздү „жрма" „жыгрма" „жырма" ж.б. түрдө жазышкан. Мунун натыйжасында бири экинчисинин жазуусун окуп түшүнө алган эмес. Мындай азыр деле чала сабаттуу адамдардын жазылган жазуусунан оюн түшүнүү кыйынчылыкты туудурат. Анткени, алар эч кандай эрежени колдонушпайт. Мына ошондуктан окуучуларды сабаттуу жазууга үйрөтүү, сөзсүз, мамлекетти жана коомдук мааниси зор. Милдеттердин бири болуп саналган сабаттуу жазууга үйрөтүүнүн негизи- балдарды башталгыч класстарда окутуудан башталат.

**2. Жазуу гигиенасы.**

**Жазуу** моторлошкон татаал процесс. Окуучуну туура жана сулуу жазууга үйрөтүү мугалимдин системалуу жана чыдамдуу эмгектенишин талап кылат. Ал эми туура эмес жазганга көнүп калган окуучуну тамгаларды туура жана сулуу жазууга үйрөтүп, өнөкөт алдыруу андан да түйшүктүү иш болот. Ошондуктан балдарды жазууга үйрөтүүнүн эң алгачкы учурунан баштап эле жазуунун техникасынын эрежесин сактоого өзгөчө көңүл буруу керек. Жазуунун техникасын бузуу балдардын ден соолугуна зыян келтириши мүмкүн.

**3. Жаңыдан жазып баштаган окуучунун жазуудагы психологиялык бөтөнчөлүгү.**

Сабаттуу адам кат жазган убакта көпчүлүк көңүлүн анын мазмунуна жана ойдун стилистикалык жактан түшүнүктүү болуп түзүлүшүнө бурат. Кээде орфографиялык жана пунктуациялык белгилери жөнүндө да ойлойт. Ал эми тамгалардын графикалык түзүлүшү, алардын бири менен биринин кошулушу көкүрөккө жат болуп автоматташып кеткендиктен, жазып жаткан адам булар жөнүндө таптакыр ойлобойт, анткени адамга көп жылдык тажрыйбанын натыйжасында автоматизмдин даражасына жеткен машыгуу пайда болот.

Ошондой эле жазып жаткан убакта өзүнүн денесин туура тутуу, колдун кызмат кылуу абалы жана калем сапты кармоонун ыгы чоңдор үчүн көнүмүш адатка айланып калат.

**4. Сабаттуу жазууга көмөктөшүүчү факторлор, шарт, көрүү, угуу, кабыл алуулардын ролу.**

Мурда психологдордун жана методисттердин көпчүлүгү орфографиялык навыктын негизинде көрүү кабыл алуусу жана жазгандарды эстеп калуусу жатат дешчү. Экинчи бирөөлөрү кол менен көрсөтүү, үчүнчүлөрү угуу жана сүйлөө кабыл алуусуна көнүл буруп келишкен. Азыркы илим орфографияны өздөштүрүүдө көрүүнүн кабыл алуусунун маанисин жокко чыгарбайт. Көп окуган көптү байкаган окуучулардын жакшы жазаары бизге белгилүү, анткени алар окуп жатканда сөздөрдун жазылышын көрүп отуруп байкап калат жана мындай окуулардан кийинки грамматикалык жана орфографиялык тыянактар үчүн материалдарды берет.

Жазууга жана жазуу эрежелерин өткөндө окуучудагы көрөгөчтүк жана эсти өстүрүү өтө керек. Көрүүнүн жардамы аркасында гана окуучулар эрежеге баш ийбеген кээ бир сездөрдүн ошондой эле татаал сөздөрдүн жазылышын өздөштүрө алат. Окуучулар окуп жаткан тексттеринен ошондой татаал сөздөрдү кездештирет, мугалим алардын жазылышына көңүл бурат, класска ага окшогон сөздөрдүн тизмеси илинет, окуучулар сөздүктөргө жана справочниктерге карап алардын жазылышын тактайт. Булардын баары алардын жазылуу эрежесин өздөштүрүүгө жардам бербей койбойт. Бирок жалаң гана көрүү, түшүнүү, эстөө орфографияны өздөштүрүүгө жардам берет деп ойлоого болбойт.

**5. Жазууга үйрөтүүнүн негизги принциптери.**

Окуучуларды сулуу жана тазаа жазууга үйрөтүүнүн педагогикалык жана коомдук мааниси чоң. Жакшы жазган окуучу жазуу сабактарын аткарган убакта кызыгып ынтаасын коюп жазат, ошондуктан, ал катаны да аз жиберет. Булганыч жана начар жазган окуучу, тескерисинче, жазууга көңүл коштук мамиле жасайт да катаны көбүрөөк жиберип коёт.

Жазуунун ыгына үйрөтүү-графикалык машыгуу көнүгүүлөрүн туура жана системалуу колдонуу керек. Анткени, балдарды биринчи классынан баштап таза жана туура жазууга үйрөтүү менен бирге, аларды машыгуунун тийиштүү деңгээлине да жетиштирүү талап кылынат. Мында биринчи кезекте жазууга машыгуу- кыймылга машыгуу катарында каралууга тийиш. Окуунун ыгын өздөштүрүү, жазуунун ыгын өздөштүрүүнүн ылдамдыгына таасирин тийгизет. Бала окуганды канчалык кеч өздөштүрсө, жазууга машыгуу да ал үчүн ошончолук кыйын болот, анткени, балдар окуунун алгачкы мезгилинен баштап эле тамгаларды көчүрүп жазуу менен гана чектелбестен, муундарды жана сөздөрдү мугалимдин өзү дагы доскага бор менен бирдей жоондукта окуучуларга басымсыз жазууну үйрөтүү керек. Анткени, мугалимдин жазуусун үлгү катарында кабыл алышат.

## 6. Жантык жана басымсыз жазунун ыгына көнүктүрүү

Балдар окуунун биринчи күнүнөн тартып эле жантык жазуунун ыгына көнүктүрүлөт. Жантык жазууга көнүктүрүүнүн өзү дептердин партада туура коюлуш абалына байланыштуу болот, анткени кагаздын жантык абалда туура жатышы- жантык жазууну пайда кылат. Дептердин жантык абалда болушу жазылуучу саптын башталышынан аягына чейин колдун кыймылынын эркин жылып турушуна жакшы шарт түзөт. Ошондуктан 1-класстын мугалими окуучуларга жантык жазууну артыкчылыгы жөнүндө дайыма түшүндүрүп жана эскертип туруусу керек. Жазуунун жыйынтыгы - 65градуска барабар болууга тийиш. Жазуу убагында партанын үстүнө коюлган дептердин төмөнкү сол бурчу окуучунун көкүрөгүнө дал келгендей болуп, ошондой эле калем сапты да туура кармоо керек. Эгер бул эки нерсе толук сакталбаса, жантык жазууда айрым кемчиликтер пайда болот. Окуучуларды жантык жазуунун ыгына көнүктүрүүдө тынымсыз машыгуулар талап кылынат

## 7.Жазуу жана сызык дептерине кичине тамгалардын жазылышын үйрөтүү. Алиппе мезгили.

Кичине тамгалар да баш тамгалар сыяктуу эле „5” топко бөлүнөт:

▪ кичине тамгалардын 1-тобу түз таякчалардан жана таякчанын учу жогору жагынан төмөн карай жогору жана төмөн жагынан имерилген илмекче таякчалардан турган тамгалар кирет: и,ш,т,г,п,р,у,ү.

▪ 2-тобу майда таякчаларга чекит жана түйүнчөлөр кошумчалана турган тамгалар: л,м, й, ц, щ,н, ң,ь,ы.

▪ 3-тобу овалдуу тамгалардан турат: о, ө, а, ю, д, б, я, ф.

▪ 4-тобу сол жагынан жарым овалдуу тамгалар: с, е, ё, ч, ъ, в.

▪ 5-тобу бул топко он жагы жарым овалдуу жана оң, сол жактары жарым овалдардан кошулган тамгалар: ж, э, з, х, к.

**8.Үзгүлтүксүз жазууга үйрөтүү.**

**Тамгаларды бирдей бийиктикте жана аралыкта жазууга көнүктүрүү.** Колду кагаздан ажыратпай, тамгаларды үзгүлтүксүз жазууга көнүктүрүү балдарды шамдагайлуулукка үйрөтөт. Ошондуктан, окуучулар жазууну жаңыдан үйрөнө баштагандан эле, тамгаларды бири-бирине улап, калем учту кагаздан ажыратпай жазуу керектиги мугалим тарабынан дайым эскертилип туруусу зарыл. Балдар эң мурда бир муундан, андан кийин эки, үч муундан турган тааныш сөздөрдү үзгүлтүксүз жазууга көнүшөт. Бирок, тик таякчалардан турган тамгаларды үзгүлтүксүз жазууга караганда овал түрүндөгү тамгаларды бири-бирине кошуп, улап жазуу бир топ кыйынчылыкты туудурат. Мындай учурда үзгүлтүксүз жазуунун бир нече жолдорун пайдаланууга болот. Колдун кыймылынын багыты боюнча мурда жазылган чийменин үстүнөн кайтадан бастырып жазуу аркылуу б.а. солдон оңдү айландырып жазуу: ш, ш, э, ш, о. Овал түрүндөгү тамгалардын ичинен о, о, ю тамгалары төмөн жагынан үзгүлтүксүз уланып жазылат

**9.Окуучунун жазуу дептерине коюлуучу талаптар.**

Дептердин көрүнүшүнө карап, окуучунун аткарган ишинин сапаты жөнүндө жана ошондой эле мугалимдин өзүнүн ишинин сапаты жөнүндө да баамдоого болот. Дептерди талапка ылайыктуу сактоону окуучуларды эмгек тартибине тарбиялоочу каражат катарында кароо керек. Окутуу жана тарбиялоо ишинде дептердин жогоруда айтылгандай олуттуу мааниси окуучуну жана

окутуучуну бир топ талаптарды аткарууга милдеттендирет. Бул талаптар, биринчиден, дептердин тышкы көрүнүшүнө, экинчиден, анын мазмунуна тийиштүү.

Дептердин тышкы көрүнүшүнө төмөндөгүдөй талаптар коюлат:

Дептердин тышына окуу предметинин аты, классы жана мектеби, окуучунун фамилиясы жана өз аты даана жазылууга тийиш. Биринчи жана экинчи класстарда дептердин тышындагы жазууну мугалим, ал эми үчүнчү жана төртүнчү класстарда мугалимдин көрсөткөн үлгүсү боюнча окуучулардын өздөрү жазат.

**10.Жазуу сабактарын өткөрүүнүн болжолдуу үлгүлөрү. 1- класста жазуу сабагын жүргүзүүнүн үлгүсү.**

**А а** тамгасын жазуу

**Сабактан темасы**: **А** баш тамгасын жана **а** кичине тамгасын жазуу .

**Билим берүүнүн максаты**: А а тамгасынын мүнөздүү өзгөчүлүгүн сактап, балдарды туура жазууга үйрөтүү .

**Өнүктүрүүчүлүк максаты**: А а тамгасы катышкан сөздөрдү элементи менен жазууга, аларды оозеки жана жазуу кепте колдоно алат.

**Тарбиялык максаты**: Жазып жаткан учурда балдарды туура олтурууга адат алдыруу. Туура жана таза жазууга машыктыруу. Сабакта тартипти сактап, коллектив (топ) менен бирге иштей билүүгө көнүктүрүү.

**Сабактын жабдылышы**: Өтүлүүчү Аа тамгасына байланыштуу А а тамгасынын басма жана жазма түрлөрү.

**Сабактын планы :**

1) Сабакты уюштуруу.

2) Жазуунун эрежесин эске алуу.

3) Манжалар үчүн гимнастика жүргүзүү.

4) Жаңы сабакты түшүндүрүү. А**а** тамгасынын басма жана жазма түрлөрүн салыштыруу .

5) Тамганын элементин доскага, абага жазуу.

6). Дене жазуучу көнүгүүлөр.

7) Аа тамгасын доскага, абага жана дептерге саноосуз жана саноо боюнча жазуу

8) Аа тамгасын  үзгүлтүксүз жазуу.

9) Үйгө тапшырма берүү.

9) Дептерлерди жыйноо.

10) Жакшы жазылган үлгү дептерди көрсөтүү.

**Сабактын жүрүшү:**

1. Мугалим  окуучулардын сабакка карата даяргандыгын байкаш үчүн, парталарды кылдырып, дептерлердин,  калем саптардын, соргуч кагаздардын өз ордуна  жаткандыгын карап чыгат.

2. Мугалим  ар бир баланын отурганын текшерип чыгат  жана кимде ким жазуу учурунда туура  отуруунун эрежесин сактаса гана анын ден соолугу чың жана таза болуп өсө тургандынын окуучулардын эстерине салат .

3.Мугалим балдардын калеп сап кармаган манжаларын кыймылына келтирүүчү  гимнастиканы жүргүзөт:

а) Биринчи көнүгүү. Сөөмөйдү  саноо боюнча бир дегенде- көтөрүү, эки дегенде - түшүрүү (калган манжалар жумулуп коюлган болот)

б) Экинчи көнүгүү. Сөөмөйдү саноо боюнча бир дегенде- ачуу, эки дегенде - жумуу ( аты жок бармак менен  чыпалак  жумулуп турат).

**Сабаттуу жазууга жардамдашуучу шарттар.**

Орфографияны түшүнүүгө, өздөштүрүүгө жогорку саналып кеткен факторлордон тышкары бир канча шарттар да жардамдашат. Алардын эң керектүүлөрүнө токтолуп өтөлү:

1.Окуучу жаза турган сөзүнүн маанисин адегенде түшүнүп алууга тийиш, маанисин түшүнбөсө, туура эмес жазып алышы ыктымал. Мугалим окуучунун сөздүн маанисин түшүнгөндүгүнө көзү жеткенде гана жаздырышы керек.

2.Сөздүн туура окулушуна жана дептерге туура жазылышына, анын грамматикалык формаларына жакшылап көңүл буруп, окуучуларга окуп көр, эсте, эстегенди жаз, ук, этият болуп жаз өндүү талаптарды коюп, каталардын үстүндө кылдаттык менен аларды иштетип, жазганын текшертип, ондотуп жана

кайрадан көчүртүп, окшош мисалдарды таптырып, каталардын үстүндө кошумча иштерди иштетип, окуучулардын өз алдынча иштөөсүн өстүрүп жана активдүүлүгүн күчөтүү керек.

**Башталгыч класстардагы “Каллиграфия” курсу боюнча модулдук суроолор болжол менен төмөнкүдөй болушу мүмкүн (модулдук суроолор каллиграфия предмети боюнча түзүлгөн жумушчу программадан алынды):**

- **Модуль 1. Суроолор:**

1.Таза жазуу сабактарынын максаттары жана милдеттери.

2.Сабаттуу жазууга көмөктөшүүчү факторлор.

3.Сабаттуу жазууга көнүктүрүүчү шарттар.

4.Жазууга үйрөтүүнүн негизги принциптери.

5.Башталгыч класстын окуучуларын жазууга көнүктүрүү.

6.Жазууга үйрөтүүдө тыбыштык талдоо жүргүзүү деген эмне?

7.Басымсыз жазуу кандай болот?

8.Жазуу ылдамдыгын калыптандыруу.

9.Алиппе мезгилинде жазууга үйрөтүү сабактарынын болжолдуу үлгүсүн жазууга машыгуу.

10.Жазуунун гигиенасы деген эмне?

11.Жаңыдан жаза баштаган окуучулардын жазуудагы психологиялык бөтөнчөлүктөрү.

12.Башталгыч класстын окуучуларын туура жазууга үйрөтүүнүн методикасы.

13.Каллиграфия (таза жазуу) сабактарынын максаттары, милдеттери?

14.Туура жазуунун эрежелерин үйрөтүүчү илим эмне деп аталат?

15.Каллиграфия (таза жазуу) сабагы кайсы сабак менен байланышта?

16. Сабаттуу, сулуу жазууга үйрөтүү иши кайсы илимге таянат?

17.Жазууга үйрөтүүдө тыбыштык талдоо жүргүзүү кайсы мезгилде болот?

18.Орфографиялык көнүгүүлөрдүн түрлөрүнө кайсылар кирет?

19.Грамматикалык-орфографиялык талдоо, көчүрүп жазуу жөнүндө?

20. Алиппе мезгилинде кичине тамгалар канча топко бөлүнөт?

21.Окуучуларды сабаттуу жазууга үйрөтүүдө мугалим эмнеге көңүл бурат?

22. Каллиграфия (таза жазуу) сабактарында сөздөрдүн айтылышына жана жазылышына көңүл буруш керекпи?

23. Каллиграфия (таза жазуу) эрежелери кайсы илимге таянат?

24. Алиппе  дептери менен иштөөнүн жолдору кайсылар?

24. Көчүрүп жазуунун максаты эмнеде?

**Модуль 2. Суроолор:**

1. 3-4-класста каллиграфия (таза жазуу) сабагын кантип жүргүзөбүз?

2. Окуучуларды кантип үзгүлтүксүз жазууга үйрөтөбүз?

3. Алиппе мезгилинде жазууга үйрөтүү сабактарынын болжолдуу үлгүсү кандай болот?

4. Катасыз сулуу жазууга тыбыштык талдоонун таасири кандай?

5. Окуучунун жазуу дептерлерине кандай талаптарды коебуз?

6. Сабат ачууда каллиграфия (таза жазуунун) мааниси кандай?

7. 1-2-класста окуучуларды доска менен иштөөгө кантип үйрөтөбүз?

8. Жазууга жана таза жазууга үйрөнүүнүн методикасынын негизги жоболору жөнүндө түшүнүк.

9. Жазууга үйрөтүүдө колдонулуучу методдор кайсылар?

10. Сызыктуу методду жүргузүүнүн жолдору?

11. Таза жазуу сабагында колдонулуучу генетикалык метод качан колдонулат?

12. Тактикалык метод боюнча жазууга үйрөтүү кайсы мезгилде жүргүзүлөт?

13.Копиясын (нускасын) түшүрүү методу кайсы учурларда колдонулат?

14. Жазууга даярдоого карата кандай көнүгүүлөрдү жүргүзөбүз?

15. Жантык жазуу деген эмне? Анын ыгына көнүктүрүүнү түшүндүр.

16. Жазуунун өлчөмү жана гигиенасы деген эмне?

17. Окуучуларды кантип үзгүлтүксүз жазууга үйрөтөбүз?

18. Тамгаларды бирдей бийиктикте жазууга көнүктүрүүнүн жолдору?

19. Жазуу ылдамдыгын кантип калыптандырабыз?

20. 3-4-класстын окуучуларынын кол жазмаларында эмнелер байкалат?

21. Окуучунун дептерлерине коюлуучу талаптар кайсылар?

22. Жазуу жана таза жазуу боюнча сабактардын болжолдуу үлгүлөрүн жазуу.

23.2-3- класстарда таза жазуу сабагын жүргүзүүнүн милдеттери.

24. Жазуу куралдары жана аларды пайдалануу жөнүндө.

25. Туура жазууга үйрөтүүдө көчүрүп жазуунун мааниси?

26. Окуучуларды жөнөкөй жана чыгармачылык менен көчүрүп жазууга үйрөтүү.

27. Сабат ачууда окуу менен таза жазуунун байланышынын кыскача маалымат берүү

**Баллдык саясат:**

Окутуунун кредиттик технологиясынын шарттарында окуу процессин уюштуруунун элементтеринин бири - студенттердин окуу жетишкендиктерин баалоонун баллдык-рейтингдик системасы болуп саналат.

Курс 2 модулга бөлүнгөн, алардын ар бири белгилүү бир көндүмдөрдү жана жөндөмдөрдү калыптандыруу циклин билдирет. Ар бир модулдан кийин, аралык башкаруу күтүлүүдө.

| **Кредиттик баалоо системасы** | | | **Беш баллдык баалоо системасы** | |
|---|---|---|---|---|
| **Жүз баллдык система** | **Тамгалык баалоо** | **Балл** | **Беш баллдык баалоо** | **Жетишүүнүн деңгээли** |
| 90-100 | AA | 4.0 | 5 | Эң жакшы-минималдуу каталары менен эң жакшы натыйжа |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 85-89 | BA | 3.5 | 4 | Абдан жакшы-айрым каталары менен ортодон жогору натыйжа |
| 80-84 | BB | 3.0 | | |
| 75-79 | CB | 2.5 | 4 | Жакшы-көрүнүктүүкаталары менен орточо натыйжа |
| 65-74 | CC | 2.0 | | |
| 58-64 | DC | 1.5 | 3 | Канааттандыраарлык-олуттуу кемчиликтери менен начар натыйжа |
| 51-57 | DD | 1.0 | | |
| 50 | E | 0.5 | 3 | Орточо-натыйжа минималдуу талаптарга жооп берет |
| 49 | FF | 0.0 | 2 | Канааттандыраарлык эмес зачет алуу минималдуу тапшыруу зарыл |
| 45-48 | F1 | 0.0 | 2 | Канааттандыраарлык эмес-жалпы өтүлгөн материалды кайра тапшыруу зарыл |

## Сунушталган адабияттардын тизмеси
## (негизги, кошумча адабияттар жана интернет булактары)

Негизги окуу китептери, окуу-методикалык куралдары, лекция топтому, басмакана тарабынан тиешелүү гриф менен чыгарылган мамлекеттик стандартка ылайык дисциплинаны өздөштүрүү үчүн жетиштүү болгон бардык минималдуу маалыматты камтыган жана лицензиялоо жана аккредитация стандарттарына жооп берген негизги окуу китептер ЖОЖдун китепканасында болушу керек. Билим берүүгө тиешелүү нормативдик иш кагаздар (Мыйзамдар, Стандарт, Жоболор)

Окулуп жаткан айрым дисциплиналар жөнүндө адабий маалыматтар жок болгон учурда, базалык окуу куралы катары дисциплинанын бардык бөлүмдөрүн материалдын жалпы мазмунун камтыган 2-3 басылышы (окутуучунун окуу пособиялары, лекциялары) сунуш кылынышы мүмкүн.

ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринин студенттерине пайдалануучу адабияттардын тизмесин сунуш кылуу зарылдыгы бар:

**Негизги адабияттар: С.К.Рысбаев "Окуучунун сүйлөө жана жазуу ишмердиги" Бишкек-2014, Б. Рысбекова Акунова А., Сартбаев К., МуратaлиеваА."Башталгыч мектепке кыргыз тилин окутуунун методикасы" дисциплинасынын окуу методикалык комплекси. 1-бөлүм. Бишкек- 2013; Акунова А., Сартбаев К., Мураталиева А. "Башталгыч мектепте кыргыз тилин окутуунун" методикасы 2-бөлүм Бишкек-2013; Акунова А.Р., Чокошева Б.С., Кыргыз тили сабагы боюнча башталгыч мектептин мугалими үчүн методикалык колдонмо, Бишкек-2013; Осмонкулов А. "Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуу методикалык тарыхынан. Бишкек-2010; Акунова А.Р., Б.Чокошева, Шаелдаева С. "Кыргыз тили" 3-класс мугалимдери үчүн методикалык колдонмо. Бишкек-2013; С.С.Сакиева.Башталгыч класстарда эне тилин окутуунун методикасы боюнча окуу курал. Бакалавр боюнча даярдалган студенттер үчүн. -Бишкек, 2017.**

Кошумча адабияттар: Саалаев Ө. Окутуунун интерактивдүү усулдары Бишкек-2009; Рысбекова Б, Сыртбаев. К. 1-класстын мугалимдери үчүн методикалык курал. Бишкек-1973; Рысбекова Б, Сартбаев К. Сабат таблицасы Фрунзе, Мектеп, 1983; Рысбекова Б Алиппени окутуунун методикалык көрсөтмөсү Фрунзе мектеп 1983; Башталгыч класстардын мамлекеттик стандарты. 2023; Башталгыч класстардын программалары; С.Рысбаев. Алиппе окуу китеби. 2007 "Учкун" басмаканасы, 2008 "Полиграфбум" басмаканасы.

**Интернет булактары:**

1.www.tamgasoft.kg

2.www.dem.kg

3.www.say-hi.me

4.www.ux.pub.com

Балл (баа, упай) коюу системасы: Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун (26.06.2023.Протокол №11) студенттердин жетишүүсүн жана билим сапатын баалоочу модулдук-рейтинг системасынын жобосу. Модуль-катышууну текшерүү (КТ), аралык текшерүү (АТ) жана студенттердин өз алдынча иши (СӨАИ) каралган. Семестр ичиндеги модулдун саны окуу планындагы лекциялык сааттын жумалык жүктөмүнөн көз карандысыз бардык предметтер боюнча 2 модулду түзөт.

“Катышууну текшерүү” (КТ)- ар бир дисциплинанын жумушчу программасындагы критерийлер жана көндүмдөргө ылайык студенттердин катышуусун эске алуу менен 0-8ге чейинки балл менен бааланып, окутуучу тарабынан АВН маалыматтык системасынын электрондук журналына студенттердин сабакка катышуусун белгиленгенден кийин катышууну текшерүү (КТ) баллы автоматтык түрдө коюлуп жалпы баллы 5тен жогору болсо модулга кирүүгө жол ачылат.

Эгерде студент ошол предметтен сабакты көп калтырып, предметтен окутуучу тарабынан лекциялык, практикалык, лабораториялык, семинардык сабактардын электрондук журналына “кж” деген белгилер коюлуп жана жалпы 70% түзгөн учурда катышууну текешерүүгө (КТ) автоматтык түрдө “0” балл коюлуп модуль тапшырууга жол жабылат.

“Жетишүүнү текшерүү”- ар бир сабактын түрү боюнча жумушчу программасындагы материалды өздөштүрүүсү, сабактардагы көндүмдөрүн, коммуникабелдүүлүгүн, ой жүгүртүүсүн жана теориялык көндүмдөрүн, активдүүлүгүн, жетишүүсүн, илимий, маданий иш чараларга жигердүүлүк менен катышуусун эске алуу менен 0-5ке чейинки балл менен бааланып, окутуучу тарабынан АВН маалыматтык системасынын электрондук журналына студенттердин сабактардагы жетишүүсү баалагандан кийин жетишүүнү текешрүү (ЖТ) автоматтык түрдө 0-10го чейинки балл болуп модулга кирүүгө уруксат берилет. Жетишүүнүн жыйынтыгы 0-5 ке чейинки баа менен жоопторду студент берген учурда коюлат. Модулдарды (экзамендерди) тапшыруу компьютердик тестирлөө аркылуу жүргүзүлөт. Бул учурда

аралыктагы текшерүү (АТ) жана студенттин өз алдынча иштери (СӨАИ) бириктирилип, окуу процессинин графигине ылайык жүргүзүлүп, 0-31 баллга чейин бааланат, 31 баллдын 60% АТга, СӨАИге берилет. Жыйынтыктоочу текшерүү жалпы 100 баллдык система менен аныкталат.

Окутуунун кредиттик технологиясынын шарттарында окуу процессин уюштуруунун элементтеринин бири – студенттердин окуу жетишкендиктерин баалоонун баллдык- рейтингдик системасы болуп саналат. Сунуш кылынып жаткан ал система модулдук-рейтингдик баалоонун Жоболоруна ылайыкташтырылды. Республиканын жогорку окуу жайларынын педагогика жана башталгыч билим берүү адистигинде билим алып жаткан студенттердин окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруусу боюнча билимдери, билгичтиктери жана көндүмдөрү кафедра тарабынан сунуш кылган окуу курстарынын (предметтердин, дисциплиналардын) баары ошол жобонун негизинде бааланат.

**Республиканын жогорку окуу жайларынын педагогика жана башталгыч билим берүү адистигинде окуп жаткан студенттер, практиканттар мына ушундай болжолдуу программаны окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу ишин**де жетекчиликке алуусу зарыл.

### 1.3. Педагогика факультеттеринин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууну үйрөтүүнүн программалык талаптары

Кыргыз Республиканын жогорку окуу жайларынын педагогика факультеттеринде кесиптик билим алып жаткан стуленттерине, башкача айтканда, болочок башталгыч класс мугалимдерине окуусунун сабаттуу, туура жазуу мадананиятын калыптандырууну үйрөтүү маселелери бүгүн программалык зарылдык, аталган проблеманын учурдагы актуалдуулугунда күмөн жок. Башталгыч класс окуучусунун сабаттуу, ары туура, ары кооз жазуусу аны окутуп жаткан мугалимдин профессионалдык чеберчилигине гана байланыштуу деген пикирди карманып, адегенде болочок мугалимдин өзүнүн профессионалдык компетенциясын буга багыттап калыптандыруу зарыл экендигин белгилөө болот.

Кыргыз Республикасынын педагогикалык багыттагы жогорку окуу жайларынын педагогика факультеттеринин окуу-тарбия процессиндеги артыкчылыктуу (приоритеттүү) багыттардын бири болуп, башталгыч класстардын мугалиминин, башкача айтканда, болочоктогу жогорку квалификациялуу адисти даярдап чыгаруу, анын профессионалдык педагогикалык даярдыгын эске алуу менен адис окуучунун сабаттуу жазуу маданиятын калыптандырууга багыттоо. Башталгыч класс мугалиминин педагогикалык потенциалы анын башталгыч класс окуучусунун сабаттуу жазуу маданиятын натыйжалуу калыптандыруу ишинде гана толук ачылышы мүмкүн. Ушундан улам ар бир педагогикалык жогорку окуу жайынын педагогикалык факультетинин студенттин окуучунун жазуу маданиятын (каллиграфиясын) калыптандыруу, өнүктүрүү багытында иш алып барышы зарыл, андагы окуу-тарбия процесси да мына ушуга багытталышы керек.

Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинде эле 450 студент бар. Бул адистикти көп окуу жайлары даярдайт, анткени республиканын мектептери дале болсо башталгыч класстын мугалимдерине муктаж, мындай муктаждык жыл өткөн сайын кайрадан күчөп баратат.

Кесиптик билим берүүчү окуу жайлардагы, анын ичинде педагогикалык жогорку окуу жайларындагы окутуу-тарбиялоо процессине байланышкан инновациялык процесстер башталгыч класстын болочок мугалимге керектүү, зарыл маалыматтарды берүүнүн таасирдүү, ийкемдүү жана натыйжалуу жолдорун түзүүгө тийиш, анткени, андагы студенттер да, педагогдор да билим булактарынан өзүнө карата болгон индивидуалдуу мамилелерди издөөгө муктаж болот. Окуу-тарбия процессиндеги ар кандай маалыматтарды өзүнө индивидуалдык мүнөздө сиңирмейин, билим алуу процесси натыйжасыз жана максатсыз болуп калат. Мунун кесепетинде болочок педагогдордун, айрыкча башталгыч класстардын мугалимдигине даярдалып жаткан студенттердин окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу процессинде педагогикалык, психологиялык жана методикалык бир катар системалуу кыйынчылыктар пайда болот.

Башталгыч класстардын болочок мугалими жогорку окуу жайынын педагогика факультетинде окуп жаткан мезгилинен тартып өзү билим алып жаткан мезгилде жана педагогикалык практика мезгилинде окуучунун жазуу маданиятын натыйжалуу калыптандырууга болгон даярдыгы учурда өтө маанилүү, ары проблемалуу маселе экендигин таануу кыйын, себеби, башкасын айтпаганда да бул маселеде болочок мугалимдин педагогикалык чеберчилигинен түздөн-түз көз каранды болгон окутуу жана тарбиялоо процессинин түпкү максаты жана жыйынтыктары барып-келип ошол профессионалдык педагогикалык даярдыктын жана болочок мугалимдин өзүнүн кесиптик маданияттын абалына жараша болот.

Ошентип, башталгыч классттардын болочок мугалиминин өзүнүн профессионалдык педагогикалык маданиятынын калыптанышынын проблемаларынын курч коюлушу студенттердин жаңы муунун атайын жана такай калыптандырууну талап кылат, ал эми профессордук-окутуучулук жамаат аны ийгиликтүү жана натыйжалуу чечүүнүн иштиктүү жолун издөөгө жана табууга милдеттүү.

Бүгүнкү күндө республиканын мектептери жакындап келе жаткан окуучунун билимин текшерүүчү PIZA эл аралык программасына даярдык көрүп жаткан мезгилде мектептин башталгыч класстарынын жазуу сабаттуулугу, окуу сабаттуулугу натыйжалуу калыптандырылышы өзгөчө маанилүү. Биздин изилдөөбүздүн темасынын актуалдуулугу мына ушундай маанилүү жагдайлар менен шартталат:

Кыргыз Республикасынын Президентинин “Мамлекеттик тилди өркүндөтүү жөнүндөгү” жарлыгынын талаптарын ишке ашыруу; мектептин башталгыч класс окуучуларынын жазуу маданиятын калыптандыруу маселесин менен да тыгыз байланышкан.

Биздин бул чакан изилдөөбүзгө республиканын жогорку окуу жайларынын педагогикалык факультеттеринде окуп жаткан студенттердин башталгыч класс окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу боюнча кафедрадагы жумушчу прграммалар, окуу жайдагы окуу пландары,

программалар жана стандарттар, окуучунун жазуу жана окуу ишмердүүлүгүн калыптандыруу боюнча илимий изилдөөлөр, методикалык окуу куралдары, окутуу-тарбиялоо боюнча нормативдик актылар, методикалык илимий макалалар жана энциклопедиялар методологиялык негиз болуп берди.

Максатыбыз- республиканын педагогикалык жогорку окуу жайларынын педагогика факультетинде башталгыч мектеп мугалимдерин даярдоочу студенттерин окуучусунун сабаттуу жана туура жазуу маданиятын калыптандырууга үйрөтүү.

Милдетибиз- мектептин башталгыч класстарынын болочок мугалиминин окуучусунун жазуу маданиятынын калыптандыруу процессине карата анализ жасап, проблемага иликтөө жана аларды жалпылаштыруу иштерин жүргүзүү. Башталгыч класстардын мугалимдигине даярданып жаткан студенттине болочоктогу окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруунун жолдорун жана каражаттарын табууга көмөктөшүү. Окуучунун жазуу маданиятын калыптандыруу боюнча экспериментaлдык иштердин натыйжалуулугун аныктоо.

Башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин профессионалдык педагогикалык даярдыгы, окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу боюнча компетенциялары, бул боюнча методикада иштелип чыккан жана тажрыйбада сыналган натыйжалуу формалар жана методдор жогорку окуу жайларынын педагогика факультеттериниин бүтүрүүчүлөрүнүн окуучунун жазуу маданиятын калыптандыруу проблемаларын чечүүгө өбөлгө болот жана педагогдорду даярдоодо колдонууга толук жарамдуу болушу шарт.

**Ушул маселеде К.Сартбаев, А.Акунова, А.Мураталиевалардын авторлугу менен жарык көргөн “Башталгыч мектепте кыргыз тилин окутуунун методикасы” (Бишкек, 2013) жана А.Акунова, К.Сартбаев, А.Мураталиевалардын авторлугу менен жарык көргөн “Башталгыч мектепте кыргыз тилин окутуунун методикасы” дисциплинасынын окуу-методикалык комплекси (1-2-бөлүм, 2013) жогорку окуу жайларынын педагогика факультеттеринин аталган дисциплинаны уюштуруучу**

**окутуучуларына жана окутуунун кредиттик технологиясы боюнча билим алган студенттерине арналган эмгектери негиз боло алат. Окуу китеби жана окуу-методикалык комплекс изилденип жаткан тема боюнча маалыматтарды бере алат. Келечектеги адис окуучунун жазуу маданиятын калыптандыруудагы ыкмаларды, усулдарды, стратегияларды окуу китебинен жана колдонмодон пайдалана алат.**

**Ошондой эле С.К.Рысбаевдин "Окучуунун сүйлөө жана жазуу ишмердиги" (1-2-китеп, Бишкек-2014) эмгегинде эне тилиндеги сөздүн маани-маңызы, сөз билүүсү, аны колдоно алуусу, андан ары окуучунун сүйлөө жана жазуу ишмердиги, анын илимий мүнөздөмөсү, ага коюлуучу дидактикалык талаптар, сүйлөө жана жазуу ишмердигине, анын ичинде дилбаян, баяндама, жат жазууга үйрөтүүнүн теориялык жана практикалык маселелерин камтуу менен изилденип жаткан маселедеги окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууга негиз боло алат.**

**С.С.Сакиева "Башталгыч мектепте эне тилин окутуунун методикасы:боюнча окуу куралы" (Бишкек, 2017) башталгыч мектептин окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруудагы жазуу көндүмдөрүн колдонууга, текст түзө билүүгө жана жазууга, күнүмдүк жана чыгармачылык жазууга үйрөтүүгө шарттарды түзө алат.**

**В,Мусаева, Б.Субанова "Жазуу жумуштары" 1-4-класстар (жат жазуу, баяндама) (Бишкек,2014) окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууга башкача айтканда, бир, эки, үч муунду сөздөрдү жазууга, жат жазуунун түрлөрүн, баяндама жазуунун жолдорун үйрөтүүгө өбөлгө боло алат**.

Жогорку окуу жайларынын педагогика факультеттеринин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууну үйрөтүүнүн методдоруна келсек, башталгыч класстын болочок мугалимеринин окуучусуна туура жана сабаттуу жазууну үйрөтүүсүнүн баскычтары, же болбосо, деңгээлдери болот.**С,РЫСБАЕВДИН ДЕНГЭЭЛДЕП ОКУТУУ ИДЕЯСЫН КОШУМЧАЛОО Аларды төмөнкү деңгэлдер боюнча сунуш кылабыз.**

**Башталгыч деңгээл: мында окуучуга калем сапты же карандашты туура кармоодон тартып түз сызык, кыйшык сызыктарды чийдирүү көндүмдөрүн калыптандырат. Ортоңку (илгерилетилген) деңгээл: мында башталгыч класс мугалими жазууга ылайыкталган дептерге тамгаларды алгач жеке-жеке, андан кийин аларды кошуп жаздырат. Жогорку (сертификаттык) баскыч: мында ал тамгаларды кошуп чакан-чакан сөздөрдү, кийин сүйлөмдөрү жаздырат. Булардын баарында окуучу туура жана катасыз жазуусу көзөмөлгө алынышы керек.**

Демек, бардык деңгээлдерде окуучунун кептик негизги жөндөмдүүлүктөрү (окуу, жазуу, сүйлөө, түшүнүү) болушунча ырааттуу түрдө үйрөтүлүшү талап кылынат. Бул процессте педагогика менен психология илимдериндеги мотивациянын ролу маанилүү.

Мотивация (motivation) деген жүрүм-турумду, аракеттерди аныктаган факторлордун системасын түшүндүрөт. Ички жана тышкы мотивациянын чектерин аныктап жатып, мотивация булактары, же башталгыч класс окуучусунун өздүк каалоолору жана максаттары менен тыгыз байланышта болушу мүмкүн (ички мотивация), же сырттан белгиленген (мугалимдин таасири) параметрлер менен аныкталышы мүмкүн (тышкы мотивация) деп белгилейт.

Ошону менен катар туура жана сабаттуу жазууга үйрөнүүгө болгон толук кандуу мотивациянын негизин мугалимде да окуучуда да прагматикалык максаттардын болушу зарыл. Биздин оюбузча, аларга төмөнкүлөрду сунуштоого болот:

-башталгыч класстарда окуучунун тамгаларды, сөздөрдү туура жазууга көнүгүүсү, кийинки класстарда өздөштүрүлө турган предметтерге карата даярдык көрүүгө умтулуу;

-башталгыч класстын окуучусунун оозеки жана жазуу кебин калыптандыруу менен аны туура, сабаттуу жана түшүнүктүү сүйлөөгө көндүрүү - бул башталгыч класс мугалиминин негизги милдеттерине кирет.

Башталгыч класс окуучусунун туура жана шар окуй билиши, сөздөрдү, сүйлөмдөрдү туура, сабаттуу жаза билиши анын кийинки класстарда окутулуучу предметтерди ийгиликтүү өздөштүрүшүнө өбөлгө болоорун мугалим эстен чыгарбаганы жакшы. Окуучунун чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрү да ушул туура, сабаттуу сүйлөөсү, жазуусу менен тыгыз байланышкан.Демек, окуучу текстти туура, шар окуй алса, тамгалардын элементтерин жаза алат деп айтууга негиз бар.

Бирок, тилдин функционалдык мүмкүнчүлүктөрү (кеп туура сүйлөө жана туура, сабаттуу жазуу ишмердүүлүгү тууралуу болуп жатат) дайыма эле коомдун прагматикалык талаптарына дал келе бербейт. Бул жагынан алып караганда жогорку окуу жайларынын педагогика факультеттеринин студенттеринин окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууда өзүнүн азыркы мезгилдеги маселенин өнүгүү деңгээлинде коомдун социалдык талаптарына жооп бере алабы, маселе мына ушунда.

Демек, жогорку окуу жайларынын педагогика факультеттеринде билим алып жаткан студенттер кыргыз тилинин мамлекеттик тил, окуучунун эне тили катары учурдагы абалын, калыптануу, өнүгүү процессин жана функционалдык милдеттерин мыкты өздөштүрүшү зарыл.

Ошентип, кыргыз тилинин функционалдык өнүгүү багыттары кыйла өнүктү деп айтууга болот. Бирок, кыргыз тилинин бул маанилүү функционалдык максат-милдеттери анын көбүнчө ***коммуникативдик*** чөйрөдө колдонулушун камсыздайт. Принцибинде, тилдин мындан башка ***когнитивдик*** (таанып-билүүчүлүк) милдети, ошондой эле, жогоруда айтылгандай, коомдук прагматикалык милдети да бар экендигин эске алуу зарылдыгы келип чыгат. Когнитивдик ресурстар окуучунун дүйнө тууралуу маалымат жана билимдерди жыйнап чогултуу жаатындагы тилдин потенциалы менен байланыштуу.

Башталгыч класс окуучусунун оозеки жана жазуу маданиятын калыптандыруунун бир катар принциптерин болочок мугалим, азыркы педагогикалык факультеттин студенти мыкты өздөштүрүп алуусу зарыл. Буга кайсылар кирет?

**1.Окуучунун оозеки жана жазуу маданиятын калыптандыруунун коммуникативдик принциби: Башталгыч класстарда лексикалык-грамматикалык тилдик материалдарды жаттап үйрөтүүдөн - пикир алышып** баарлашууга карай гана эмес, тескерисинче, пикир алышып баарлашуудан лексикалык-грамматикалык материалдарды оозеки кепте колдонуп, сүйлөп жана жазып машыгууга карай багытталат. Окутуу процесси комплекстүү методдордун алкагында жүргүзүлүүсү, башкача айтканда, ар бир тема туура сүйлөөнүн жана туура жазуунун грамматикалык, лексикалык, тексттик жактан интеграцияланган методикалык абалда иштелип чыгуусу зарыл.

2.Башталгыч класстын болочок мугалиминин окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу процессинде социалдык өбөлгөлөрдү камсыз кылган окутуу каражаттары кеңири жана окуу технологиялары ийкемдүү, жеткиликтүү болушу зарыл. Окуу куралдары түздөн-түз окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууга ылайыкталып, жөнөкөйдөн татаалга жана жеңилден оорго сыяктуу дидактиканын принцибинде иштелип чыгуусу зарыл. Толук кандуу педагогикалык, дидактикалык жана методикалык принциптердин негизинде түзүлгөн, илимий-теориялык жагы практикалык колдонулушу менен айкалышкан оозеки сүйлөшүү жана жазуу көндүмдөрүн калыптандыруучу материалдар менен камсыз болуусу эң башкы маселе. Бул үчүн башталгыч класс мугалими окуу материалдарын тыкан ирээттеп, аларды татаалдыгына жараша сунуш кылышы керек.

3.Башталгыч класстардын болочок мугалиминин окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу процессинде анын өзүнүн кесиптик компетенттүүлүгү биринчи планга чыгып, педагогикадагы, психологиядагы, дидактикадагы жана окутуу методикасындагы ролу менен мааниси да бүгүнкү күндө чоң орун ээ.

4.Азыркы техникалык жетишкендиктер, чексиз стандарттакан жана ааламдашуу процесси жүрүп турган учурда мектептин башталгыч класстарынын окуучуларынын жазуу маданиятын натыйжалуу калыптандыруу

процесси оболу тилди өздөштүрүү маселеси менен тыгыз байланышта Башталгыч класстын мугалимдери ушул маанилүү маселени эске алышпай, аны математикалаштырып, техникалаштырып супсак, кургак үйрөткөндөрүнөн улам, окутуунун натыйжалуулугу төмөн болуп жатканы айгине. Муну ошол мугалимдерди даярдап жаткан жогорку окуу жайдан баштоо зарылдыгы бар.

5.Башталгыч класс окуучусунун жазуу маданиятын натыйжалуу калыптандыруу маселеси педагогика менен методикада бүгүн жөн жерден эле чыккан жок, окуучулардын бүгүн дээрлик көпчүлүгү сабатсыз жазат, сабатсыз сүйлөйт. Окуучунун жазуу маданияты мектепти аяктап жаткан мезгилде да толук кандуу калыптанбагандыгын практика айгинелеп турат. Бүгүн мындай курч маселенин жаралышына жана анын талап, критерийлеринин иштелип чыгышынын зарылдыгы төмөнкү объективдүү жагдайлар менен түшүндүрүлөт: Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүккө жетишип (1991), кыргыз тили Мамлекеттик тил статусун алгандан (1989) кийин билим берүүнүн жана тарбиялоонун баштапкы жана ортоңку звеносу болгон мектептерде, анын жогорку звеносу болгон жогорку окуу жайларында кыргыз тилин мамлекеттик тил катары окутуу ишине чоң маани берилип баштаганы менен арадан отуз жылдан ашуун мезгил өткөнүнө карабай мектептердин башталгыч класстарында окуучунун тилдик даярдыгы начар, алардын жазуу маданияты жетиишерлик калыптанган эмес, а жогорку окуу жайларынын педагогика факультеттеринде окуп жаткан болочок башталгыч мугалимдердин буга карата болгон профессионалдык даярдыктары да али начар.

6.Башталгыч класстарда окутуп тарбиялоо иштери жолго коюлуп, кыргыз тилин окуучунун жазуу сабаттуулугун калыптандыруу процессине ыңгайлаштыруу барып – келип тилди окутуунун актуалдуу маселелерине келип такалат, андыктан анын концепциясы иштелип чыгышы зарыл, нормативдик документтер, окутуу программалары, мамлекеттик стандарттар түзүлүшү зарыл. Башталгыч класс окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруунун методикасын өзүнчө предмет катары окутуу жогорку окуу жайларында жолго коюлуучу замандын кечиктирилгис талабы. Бул үчүн билим берүү, илим

министрлигинен атайын сааттар бөлүнүп берилиши керек. Кантсе да бул маселеде айрым аракеттер жок эмес, бар (караңыз; 2000-2010-жылдары Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тилин өнүктүрүүнүн программасы; Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тилин өнүктүрүү жөнүндө мыйзам. 2004-жылдын 12-февралында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган); Мамлекеттик тилди өнүктүрүү үчүн уюштуруу, материалдык-техникалык шарттарды түзүү боюнча иш-чаралар жөнүндө № 958 токтом да кабыл алынган эле (2004-жылдын 28-декабры); Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тили жөнүндө мыйзам (2004; Кыргыз тилинин программасы (2000).

7.Ошентсе да кыргыз тилине түздөн-түз тиешеси бар, ансыз окутуу мүмкүн болбогон предметтер – башталгыч класстардагы адабий окуу, алиппе жана кыргыз тили предметтери окуучунун оозеки жана жазуу кебинин калыптанышына, эң башкысы анын туура жана сабаттуу жаза билүү көндүмдөрүнө ылайыкталган эмес. Бул жагдайды башталгыч класстарда кыргыз тилин, адабий окууну, алиппени окутуу жаатындагы методика өркүндөлүшү зарыл деп эсептейбиз.

Кыргыз тили, адабий окуу, алиппе жана каллиграфия предметтери башталгыч класстагы билим берүү процессинде бирин экинчиси толуктап турган, генетикалык жактан эгиз предметтер. Аларды мектептин башталгыч класстарында да жогорку окуу жайларынын педагогикалык факультеттеринде да интеграциялап биргеликте окутуу иштери жолго коюлушу зарыл, ошондо гана окуучунун оозеки жана жазуу кебин, анын жазуу маданиятын калыптандыруу иштери жакшы натыйжасын бермек.

Эми ошол жазуу маданиятын калыптандыруу методикасынын объектиси болгон мектептин баштапкы звеносу – башталгык класстардын окуучуларынын курактык өзгөчөлүгүнө байланышкан маселелерге келели. Себеби, жазуу маданиятын калыптандыруу маселеси барып –келип мына ушул куракты эске алуу маселесине байланышат. Башталгыч класстар – жалпы билим берүүчү орто мектептин биринчи баскычы. Мында окутуу иши төрт жылга созулуп,

баланын алты-жети жаш курагынан башталат. Жети жаш курак сабактарды системалуу уюштуруунун мезгили катары каралып келет. Окуучунун туура сүйлөөсү, туура жана сабатуу жазуу ишмердүүлүгү мына ушул куракта калыптандырылышы керек.

Буга чейин биздин билим берүү системабыз ылайыкташтырылган дүйнө эми жок. Биз такыр эле башка ааламда жашап жатабыз. Ошондуктан мектептеги билим берүү тутумунун фундаменталдык негиздерин кайрадан карап чыгышыбыз керек. Жаңы шарттарда биз балдарыбызга эмнени үйрөтүп, кантип үйрөтүшүбүз керектигин кайрадан карап чыгуу зарылдыгы келип чыкты.

“Я.А.Коменскийден тартып улантылып келе жаткан окуу-тарбия процесси, - деп жазат В.И.Андреев, - эскилиги жетип, аны айрым бир оңдоолор, жада калса бүтүндөй системага киргизилген жаңылануулар, айрым бир проблемалык кырдаалдарын чечип салуу, колдогу бар окуу китептерин жаңыртуу сыяктуу аракеттер жардам бербей калды. Маселе айрым бир толуктоолор тууралуу эмес, таптакыр жаңы, теориялык терең иштелип чыккан концепцияны иштеп чыгууда турат” [15: 265].

Башталгыч класстарда балдардын окуу жана жазуу көндүмдөрүн калыптандыруу маселеси артыкчылыктуу орунда турушу шарт, окуу менен жазуу көндүмдөр эне тили менен чектелбей, орус, англис тилдеринде да өнүккөнү талапка ылайык. Бул окуучунун активдүү трилингвизмин калыптандырып, анын мамлекеттик, расмий жана чет тилдердин биринде эркин сүйлөшүнө алып келет. Окуу көндүмдөрүнүн калыптанышына өзгөчө маани берилиши керек, анткени, окуу баланын башка предметтерди натыйжалуу өздөштүрүүсүнүн да ачкычы. Башталгыч класстарда элементардык математикалык сабаттуулуктун алгачкы көндүмдөрү калыптана баштайт. Ушуга кошумча иретинде программалоонун элементтерин камтыган санариптик сабаттуулуктун калыптандырылышы максатка ылайык. Бул куракта балдар интеграцияланган сабактарды (алиппе, кыргыз тили, адабий окуу, каллиграфия) окуганы жакшы, алардын алган билимдери табият, коом,

адам жана анын эмгеги тууралуу түшүнүктөр менен жабдылуусу зарыл.

**Башталгыч класс мугалиминин “Каллиграфия” сабактарында багыт алуусу үчүн темаларды сааттарга бөлүштүрүүнүн болжолдуу үлгүсү (озубуздун жумушчу программаны коюш керек)ЖАМУнун жумушчу программасын аласын....ЖАМУга 1-курска келген стушенттен жат ажзуу алынып, кол жазма сулуулугу текшерилет..**

| № | Зарыл болгон багыттар, темалар | Сааттар | Өткөрүлүүчү күнү, датасы | Факт |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Барактын (дептердин) бетине тамга түшүрүү үчүн алгачкы баскычы | 1 саат | | |
| 2 | Ири жана майда жантык сызыктар | 1 саат | | |
| 3 | Асты жагы имерилген түз сызык | 1 саат | | |
| 4 | Асты жагы имерилген түз жантык сызык | 1 саат | | |
| 5 | Асты, үстү жагы иймерилген майда жана ири түз жантык сызыктар | 1 саат | | |
| 6 | Ири жана майда  овалдуу сызыктар | 1 саат | | |
| 7 | Ири жана майда жарым овалдуу сызыктар | 1 саат | | |
| 8 | Астыңкы жана үстү жагында белгиси бар сызыктар | 1 саат | | |
| 9 | Дептердин сызыкчасындагы белгилер | 1 саат | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 10 | Майда жана ири түз сызыкчалар | 1 саат | | |
| 11-12 | и, ш; И, Ш; п, р, т, г тобундагы тамгалар (чоң тамгалар өзүнчө, майда тамгалар өзүнчө) | 2 саат | | |
| 13 | Л, м, Л, М, я, Я тобундагы тамгалар | 1 саат | | |
| 14 | У, ц ,щ, Ц, Щ, Ч, ч тобундагы тамгалар | 1 саат | | |
| 15 | С, С, е, о, О, а, д, б тобундагы тамгалар | 1 саат | | |
| 16 | Ь, ъ, ы, в тобундагы тамгалар | 1 саат | | |
| 17 | Н, Ю, н, ю, К, к тобундагы тамгалар | 1 саат | | |
| 18 | В, З, з, э, Э, ж, Ж, х, Х,Ф тобундагы тамгалар | 1 саат | | |
| 19 | Ф, Г,У, Т,П, Б, Р, Д тобундагы тамгалар | 1 саат | | |
| 20 | ол, ом, оя, об, од, оф тамгаларын бириктирип жазуу | 1 саат | | |
| 21 | ок, он, оп, ос, ож, оз, ог тамгаларын бириктирип жазуу | 1 саат | | |
| 22 | ое, ой,оц,ош, ощ тамгаларын бириктирип жазуу | 1 саат | | |
| 23 | аг, аж, аз, аб, ад, ав, ас тамгаларын бириктирип жазуу | 1 саат | | |
| 24 | ие, ий, иц, ищ тамгаларын бириктирип жазуу | 1 саат | | |
| 25 | ел, ем, ег, еж, оз тамгаларын үзбөй бирикирип жазуу | 1 саат | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 26 | Тамгаларды сүйлөмдө бириктирип жазуу иштери | 1 саат | | |
| 27 | яб, яр, яв, ят тамгаларын бириктирип жазуу | 1 саат | | |
| 28 | юз, юг, юж, ют, юн тамгаларын бириктирип жазуу | 1 саат | | |
| 29 | ль, мь, ья, ье тамгаларын үзбөй бириктирип жазуу | 1 саат | | |
| 30 | Оо, Сс,Ээ тамгаларын бириктирип жазуу | 1 саат | | |
| 31 | Тамгаларды жазууда кетирилген каталардын, кемчилдиктердин үстүнөн иштөө | 3 саат | | |
| 32 | «Сыйкырдуу калем» чыгармачылык өнөрканасы | чейрек | | |

**Бул программанын окуу процессиндеги орду, мааниси эмнеде?**

Учурдагы мектептердин приоритетүү багыттарынын, максаттарынын жана милдеттеринин бири – окуучунун башталгыч класстардан тартып каллиграфиясынын туура калыптанышын пландуу жана системалуу жүргүзүү болуп эсептелет. Мектеп окуучусунун башталгыч класстардан тартып эле сабаттуу, туура, кооз жаза билүүсү жана окуй билүүсү анын кийинки класстарда өздөштүрө турган предметтердин ачкычы, ошондуктан жогорку окуу жайларында даярдалып жаткан башталгыч класстардын болочок мугалимдерине аудиторияларды өтүлүүчү курстар мына ушуга багытталганы туура.

Сабаттуу жазуунун көндүмдөрүнө ээ болуу узакка созулган жана татаал процесс. Буга карата тандалган көнүгүүлөр манжалардын майда моторикаларын жана туура координацияланышын камсыз кылат. Мектеп курагындагы каллиграфия сабактары бир катар башка предметтер менен түз же

кыйыр абалда катыштыгы болот. Башталгыч класстардын чыгармачылык менен иштеген мугалимдери жазуу сабактарында башка предметтердин интеграцияланышын камсыз кыла алышат. Алар бул боюнча атайын программаларды да түзүп алышат. Андай программалардын максаты – аң-сезимдүү, туура каллиграфиялык жазуунун негиздерин калыптандыруу болуп саналат. Ал эми милдеттерине болсо – тез, туура, сабаттуу жана кооз жазууга көнүктүрүү. Жазуунун гигиенасын калыптандырат, барактын (дептердин) бетинде туура ориентир жасоо, тамгаларды туура жайгаштыруу көндүмдөрүн калыптандырат. Мунун баары програманын окутуучу, үйрөтүүчү функциясына кирсе, анын өнүктүрүүчү функциясына – ой жүгүртүүнүн негизги процесстерин (анализ, синтез, салыштыруу) өнүктүрүүнү камсыз кылат. Колдун манжаларынын майда моторикаларын өнүктүрүү, чыгармачылык менен мамиле кылуу сыяктууларды калыптандыруу иштери да ошол программанын алкагында камсыз кылынат. Программанын тарбиялоочу функциясына болсо – баланы тыкандыкка, баамчылдыкка, токтоолукка, эмгекти сүйүүгө, жазуу процессине жоопкерчилик менен мамиле кылууга көндүрүү.

Каллиграфия менен окуучу биринчи класстан эле окуп баштап, кийинки класстарда каллиграфиялык көндүмдөрүн улам калыптандырып олтурушат. Бала 1-класстан баштап каллиграфия менен иштөө менен ал иш-аракетти калыптандыруу менен аны 2-4-класстарда каллиграфиялык көндүмдөрдү өркүндөтүү кыргыз тили предмети аркылуу өркүндөтүлөт. Окуучунун мектепке алгач кадам таштаган күнүнөн тартып ал үчүн негизги жана эң маанилүү предмет да ушул каллиграфия сабактары.

Окуунун жана жазуунун ыкмаларын системалуу түрдө пайдалануусу башталгыч класстардын окуучуларынын жалпы окуу, билим алуу көндүмдөрүн калыптандырат. Бала кийинки жылдары активдүү өздөштүрө турган кыргыз тили, алиппе, адабий окуу сабактары боюнча ала турган билимдери, билгичтиктери жана көндүмдөрү да ушул предметти канчалык натыйжалуу өздөштүргөнүнө байланыштуу болот.

Башталгыч класстардын мугалимдери үчүн да окуучусунун каллиграфия сабактарынан алган билимдери, алардын жазуу маданиятынын жакшы натыйжалуу калыптанышы анын мугалим катары алдында турган көптөгөн маселелердин натыйжалуу чечилишине өбөлгө.

Башталгыч класстын мугалими жалпы класс менен иштөө милдеттеринен башка да класстагы айрым окуучулардын кетирген каталарынын үстүнөн иштөөсү, ал каталарды өз убагында оңдоо менен да алектениши керек. Туура, таза, катасыз, кооз жазуунун, буга окуучуларын көндүрүүнүн методдору менен ыкмалары окутуунун белгилүү бир принциптерине таянылат.

Каллиграфияга окутуу иши жалпы дидактикалык принциптерден тышкары графикалык жазууга үйрөтүүчү бир катар спецификалык прниципттерди кармануунун шарттайт. Айталы, көрсөтмөлүүлүк (наглядность, визуальность) принциби каллиграфия сабактарында маанилүү роль ойнойт. Мунун негизинде башталгыч класстын мугалими сабактарда доскага, же инт ерактивдүү доскага, окуучунун дептерине тамгаларды, сөздөрдү, сүйлөмдөрдү туура жазуунун элементтерине көрсөтүп бере алат. Каллиграфия сабактары оозеки айтып берүү менен эле чектелбешин ар бир мугалим түшүнүшү керек. Мугалимдин көрсөтүп бергенинин мааниси – окуучу аны туурап, ошого окшоштуруп иштөөгө көнөт. Бул окуучунун мугалимге таасирленүүсү дегендик.**ИНТЕРАКТИВДУУ ДОСКА МЕНЕН ИШТЕТУУНУ КОШУУ КЕРЕК!**

Башталгыч класстын окуучусунун жазууга үйрөнүү процесси аң-сезимдүү абалда болгону керек, окуучу жазышы керек болгон тамга кандай абалда, кантип жазылышы керек экендигин билсин. Ал тамгалар экинчи тамга менен кантип бириктирилип жазылат, түз жазуу деген эмне, жантык жазуу деген эмне, жазган тамганын бийиктиги канчалык болушу керек, калем сапты кантип кармоо керек, тамга жазуу мезгилинде кантип отуруу керек – ушулардын баарын окуучу аң-сезими менен кабылдашы керек, аларды аң-сезими менен аткарышы зарыл. Жазууга көнүп жаткан ар бир окуучу ишине аң-сезимдүүлүк менен мамиле жасап жатса, ал кетирген каталарын да өзү табат,

окуучунун өз катасын өзү табуусу – кийин ал ошондой каталарды кетирбейт дегендиктин кепили эмеспи.

Жазуу ишиндеги кайталоо, бир эле тамгаларды, сөздөрдү кайра-кайра жаздыруу баланын көндүмдөрүн автоматташтырат, улам-улам кайталап жаздыруунун өзү көндүмдөрдүн бекемделишине, тактыкка, тыкандыкка жана ылдам жазууга гана алып келет. Бирок мындагы ар кандай иш-аракеттер аң-сезимдүү жана натыйжалуу болгону туура. Окуучунун графикалык көндүмдөрүн калыптандыруу иштери класстагы ар бир окуучунун жеке өзгөчөлүктөрүнө ылайык болушу шарт. Диссертациябыздын тийиштүү параграфтарында дифференция тууралуу айтылган жерлерде буга кенен токтолгонбуз.

Жазууга окутууда дидактиканын оордон-жеңилге, жөнөкөйдөн-татаалга деген принцибинин да пайдасы жок эмес. Окумуштуулардын пикиринде, жазууга көнүктүрүп жаткан процесс окуучунун жалпы өнүгүүсүнөн артта калбай, а балким, мурдараак болушу керек окшойт, себеби, бул окуучунун өнүгүүсүн гана шарттайт. Ошол эле мезгилде каллиграфия сабактарындагы темалар улам татаалдашып отурушу керек.

Башталгыч класстарда каллиграфия предметин өздөштүрүү боюнча типтүү программалардын жана бир нече окуу-методикалык колдонмолордун авторлору окумуштуу-методисттер Н.А.Бондаренконун, В.Г.Горецскийдин, А.Ф.Кирюшинанын, А.Ф.Шанконун, А.Ф.Желтовскаянын, В.А.Ильюхинанын, Е.Н.Соколованын, Л.И.Тикунованын эмгектерине таянсак окуучунун каллиграфиялык көндүмдөрүнүн негизгилери катары буларды саноого болот, ал окумуштуулар буларды көрсөтүшөт: “Основные методические приёмы обучения каллиграфическим навыкам письма:

1.Первостепенное значение при обучении каллиграфии имеют показ учителем процесса письма и объяснение способов написания букв, слогов, слов, предложений во время этого показа.

2.Списывание учащимися с готового образца – прописей, образца учителя на доске или в тетради. Приём основан на том, что учащиеся подражают, воспроизводят образцы письма.

3.Копировальный способ следует применять ограниченно в связи с тем, что обведение образца осуществляется учащимися без достаточного осознания процесса письма и даже видения формы буквы. Важно, чтобы копирование осуществлялось как письмо правильными движениями, так как в противном случае копирование не даёт нужного эффекта и может привести к закреплению неправильных движений.

4.Воображаемое письмо, или письмо в воздухе заключается в опоре учащихся на двигательные ощущения и на зрительно воспринимаемый образец.

5.Анализ формы букв, который может осуществляться разными способами. Можно анализировать формы буквы, раскладывать её на составляющие, зрительно выделяемые элементы.

6.Письмо под счёт, или в такт счёту способствует выработке плавного, ритмичного письма в определённом темпе” [145, 54].

Каллиграфия предмети боюнча башталгыч класстардын мугалиминин программасын толук өздөштүргөн окуучу үчүн бул тармакта көп жылдардан бери үзүрлүү эмгектенип келишкен окумуштуу – практиктердин эмгектерине таянып текшерүүнүн төмөнкү жолдорун сунуш кылабыз, асыресе, А.Ф.Желтовская менен В.А.Ильюхина төмөндөгүлөрдү сунуш кылышат: Контроль и оценка планируемых результатов. Текущий:

- прогностический, то есть проигрывание всех операций учебного действия до начала его реального выполнения;

- пооперационный, то есть, контроль за правильностью, полнотой и последовательностью выполнения операций, входящих в состав действия;

- рефлексивный, контроль, обращённый на ориентировочную основу, «план» действия и опирающийся на понимание принципов его построения;

- контроль по результату, который проводится после осуществления учебного действия методом сравнения фактических результатов или выполненных операций с образцом. Итоговый контроль в формах:

- практические работы;
- творческие работы учащихся;
- конкурсы;
- выставки.

Самооценка и самоконтроль – определение учеником границ своего «знания – незнания», своих потенциальных возможностей, а также осознание тех проблем, которые ещё предстоит решить в ходе осуществления деятельности [59, 64].

Булардын пикирлерине таянуу менен башталгыч класстардын окуучуларынын жазуу маданиятын калыптандыруу маселесинде эмгектенип жүрүшкөн кыргыз окумуштуулары өздөрүнүн окуу пландарын жана жумушчу программаларын түзүп алышып иштеп келишет.

## Глава боюнча корутунду

Диссертациялык изилдөөнүн биринчи главасы "Педагогика адистигинин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууну үйрөтүүнүн жалпы маселелери жана проблеманын изилдениши" деп аталып, главада үч ири маселе каралды.

1. Адегенде башталгыч класстын окуучуларынын жазуу маданиятын калыптандыруу жана анын теорияда, окутуу методикасында изилденишинин абалын караган жалпы теориялык жана методологиялык маселелер каралды.

2. Главанын экинчи параграфында башталгыч класстын окуучуларынын жазуу маданиятын калыптандырунун педагогикалык шарттары, ал эми үчүнчү параграфта республиканын жогорку окуу жайларынын педагогика жана башталгыч билим берүү адистигинин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууну үйрөтүүнүн дидактикалык талаптары каралды.

3. Изденүүчү иштеп чыккан жумушчу программаны педагогика адистигиндеги  башталгыч билим берүүнүн  методикасы мугалимдери пайдалана алышат.

# II ГЛАВА. ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ. ПЕДАГОГИКАЛЫК ЭКСПЕРИМЕНТ

## 2.1. Башталгыч класстын окуучуларынын жазуу маданиятын калыптандыруунун формалары жана методдору

Жалпы билим берүүчү орто мектептеринин башталгыч класстарына сабак берүүчү болочок мугалимдер мына буларды эске алуулары зарыл:

Башталгыч класстардагы каллиграфия боюнча сабактар окуучуга сулуу, кооз жазууга гана көндүрбөстөн, баланын өз алдынча чыгармачылыгын калыптаныруууга да өбөлгө - шарттарды түзөт. Окуучу өз оюн, иштөө тартибин жөнгө салып, анын сабакка болгон, жасап жаткан ишине болгон кызыгуусун арттырат.

"Канткенде башталгыч класстын окуучусун сулуу, кооз жазууга көндүрсө болот?" – ушул маселе башталгыч класстардын мугалимдеринин да үйдө ата-энелерди да дамаамат (жалпы) кызыктырган актуалдуу маселе. Мектептеги жазуу сабактарында, же үйдө сабактарга даярданып жаткан мезгилде баланын сулуу, кооз жазуусуна гана маани бериш керекпи, же анын таза, түшүнүктүү жана сабаттуу жазуусун да жетекчиликке алуу зарылдыгы барбы? Соңку мезгилдердеги жогорку технологиялар дүркүрөп өнүгүп жаткан тапта анын сулуу, кооз жаза билиши заманга актуалдуубу? Бул маселелер азыр башталгыч класстын мугалимдерин да ата-энелерди да кыйнап турган нерсе.

Башталгыч класстардын окуучуларынын кол жазмасы (почерки) дароо эле калыптана кала турган нерсе эмес, буга мугалимдин, да үйдө ата-энелердин да тажабаган аракеттери керек. Башталгыч класстарда окуучулардын көбүнүн кол жазмасы жакшы эмес болот. Замандын өзгөчөлүгү ушул болуп калды – көбүбүз кол менен жазбай да калдык. Мунун таасири окуучуларга тийбей

коймок беле. Көп жылдардан (балким, кылымдардан) бери салтка айланган открыткалар электрондук каалоолорго айланды, конверт менен жиберилген каттар телефондогу СМСтер менен алмашылды. Доклад, баяндамаларды, отчеттор менен билдирүүлөрдү, рефераттар менен курстук, дипломдук иштерди деле даяр жерден чыгарып алууга мүмкүн болуп калды.

Ошого карабастан мектептеги башталгыч класстардын жазуу сабактарын эч ким жокко чыгарган жок, муну жокко чыгаруу мүмкүн да эмес. Мектептердеги башталгыч класс окуучулары али да болсо парталарына жабышып, жазуу иштери менен алек. Дале болсо окуучунун сулуу, кооз, туура жана сабаттуу жазуусу калыптана элек. Эмне үчүн? Балдарга кантип жардам берүүгө болот?

Жазуу иштери окуучу үчүн эмнеси менен кыйын? Башталгыч класстардын окуучуларын окуу ишмердүүлүгүнө караганда жазуу ишмердүүлүгүнө үйрөтүү алда канча кыйын. Эмне үчүн? Мунун себептери бир топ. Биз алардын негизги деп табылган экөөсүнө гана токтолобуз.

1. **Физиологиялык себеп.** Башталгыч класстын окуучусу сабакта олтуруп көпкө чейин буга чейин ага көнүмүш болбогон чыңалуу абалында отурууга мажбур. Жазуу сабактарында окуучу ордунан туруп кетүүгө же артын, капталдарын кароого тыюу салынат, ал эркин эмес. Анын ошол көнүмүшкө айланбаган позасы бир эле нерсеге – партанын бетиндеги дептерине, андагы жазуусуна багытталган абалда болот. Анын колдору талыйт, көздөрү да чарчайт, бүтүндөй денеси оор тартып калат. Окуучунун аракеттери ал да болсо автоматтык түрдө аракеттенгенге көнө элек. Мындай абал ал үчүн жаңы, ал дайым чыңалуунун астында болот.

2. **Психологиялык себеп.** Психологдордун изилдөөлөрүнө ылайык азыркы балдардын көпчүлүгүнө “клиптенген ой жүгүртүү” мүнөздүү. Бул эмне, бул кандай ой жүгүртүүнү түшүндүрөт? ***Клиптенген же клиптүү ой жүгүртүү*** **–** дүйнөнү, айлана чөйрөнү кыска- кыска образдар аркылуу кабыл алуу дегендик. Ошол кыска-кыска фрагменттелген (англ. тилинен "clip" - фрагмент, үзүндү) окуучуга дүйнөнү бир бүтүндүктө эмес, бири-экинчиси

менен байланышпаган окуялардын, образдардын тизмеги же жыйындысы катары кабыл алынат. Бул жакшы көрүнүш эмес. Эмне себептен ушинтип калдык? Буга интернеттин, комикстердин, социалдык байланыштагы посттордун, азыркы мультфильмдердин, телеберүүлөрдүн, сериалдардын таасири бар. Окуучулар, айрыкча, башталгыч мектеп курагындагы окуучулар аң- сезиминдеги картиналардын, көз алдындагы окуялардын, маалыматтардын тынымсыз алмашып туруусуна көнүп калышты.

Мунун натыйжасында айрыкча кенже курактагы окуучу оюн бир нерсеге концентрациялай албай, сабактарда өтүлгөн окуу материалдарын же болбосо, турмушундагы башка маалыматтарды көпкө чейин эсине сактай албай калды. Мына ушул себептен кенже курактагы мектеп окуучулары жазганды каалабай калышты. Жазуу иши алар үчүн кыйынга турган машакаттуу жумуш болуп калды. Башталгыч класстын окуучусунун таза, кооз, сабаттуу жазуу ишмердүүлүгү, маданияты анын көңүлүнүн бир нерсеге багытталгандыгын, жеке кызыгуусун, көңүлү менен аракеттенүүсүн талап кылат эмеспи. Дептерге тамгаларды ирээти менен кооз жана таза жазуу аракеттерин талап кылган ишмердүүлүк ушул. Ал тамгаларды бирин-экинчиси менен кошуп, туура жана сабаттуу сүйлөм куруу аракеттери да мына ушунда жатат.

Кооз жазуунун зарылдыгы канчалык? Графология деп аталган илим максатсыз же кокустан жаралган илим тармагы эмес, анын жардамы менен адамдын жазуусунан (почеркинен) улам анын кандай адам экендигин, мүнөзүн, дагы башка касиеттерин билүүгө болот. Мээнин алкактары менен адамдын кыймылы же аракеттеринин ортосунда тыгыз байланыш бар экендигин психологдор да аныкташкан. Кенже курактагы окуучу жазуу ишмердүүлүгүн аткарып жатып окуу материалдарын бирдиктүү кабыл ала баштайт, айлана-чөйрөнү даана таанып, инсан катары да активдүү калыптана баштайт. Каллиграфия – психотерапиялык мыкты метод, ал окуучунун сабырдуулукка, аракетчилдикке, тыкандыкка көндүрө турган метод. Мектептердин башталгыч класстарында жүргүзүлгөн мониторигдин жыйынтыгы менен азыркы заманда окуучулардын таза, кооз, көрктүү жана сабатуу жазуусуна болгон зарылдык

мындан 10-20 жыл мурдагыга караганда кыйла төмөндөп кеткенин көрүүгө болот. Ошого карабай окуучунун жазуу маданиятынын туура калыптанышы канчалык зарыл экендигин эч ким тана албайт.

Жазуу маданиятынын калыптанышы жогоруда сөз болгондой татаал, маашакатту иш. Баланын кенже курагында, башкача айтканда, мектепке чейинки куракта, ал кыйналбай, оюн аркылуу, ойноп жатып эле аткара турган маселелер каралышы керек. Системалуу эмгек кылуу, чыгармачылыгын талап кылган эмгек окуучу үчүн мектептин башталгыч класстарында гана башталганы оң.

Анын үстүнө балага туура, кооз, сулуу жазууну үйрөтө турган ар бир эле адамдын өзүнүн кол жазмасы жакшы экендигине эч ким кепил боло албайт, ар кимдин эле кооз жазуу маданияты калыптанган деп айтуу кыйын. Ошондой адам кантип анан окуучудан кооз жазууну талап кылсын.

Башталгыч класста жазууну үйрөнүп жаткан окуучунун дароо эле кооз, сулуу, көрктүү жазууга даяр деп айтууга болбойт, бул алиппеге чейинки мезгилде ушундай болсо, алиппеден кийинки мезгилде абал башкача болушу мүмкүн. Жазуу маданиятынын калыптанышы, такшалуусу убакытты талап кылган көрүнүш экендигин унутпашыбыз керек.

Психологдордун кеңешине ылайык каллиграфия менен максаттуу түрдө иш жүргүзүү иштери биринчи класстын экинчи жарымынан гана башталганы туура. Буга чейин класста балдар менен сүрөт тартуу, пластилин менен бир нерселерди жасоо, конструктор жыйноо сыяктуу иштер менен алек болуу максатка ылайык. Баланын мээсиндеги майда-майда моторикалардын калыптанышы балага сабактарда жазуу маданиятын калыптанышынын туура өбөлгөсү болмокчу.

Башталгыч класстардын окуучулары үчүн Россия Федерациясынын бир катар шаарларында “Планета” деп аталган басмакана бар, анын чыгарган китепчелери азыр Кыргызстанда да соңку он жылдан бери сатылып калды. Алар жазууну калыптандыруу боюнча ар кандай тренажерлорду, окуу куралдарын түстүү форматта даярдашып, кенже курактагы окуучунун

кызыгуусун арттыра турган абалда чыгарышат. Ата-энелер балдарына аларды сатып алышса да, тилекке каршы, кенже курактагы окуучулар алар менен иштегенди көп жактыра беришпейт экен. Мунун себеби – ошол окуу куралдары чоң көлөмдө (40 барактан ашуун бет) жасалып, аны өздөштүрүп бүткүчө окуучу да мугалим да тажап кеткени байкалат. А чынында башталгыч класстардын окуучулары мектептеги сабактардан тышкары үйдө кеминде 20–30 мүнөт жазуу менен алек болуп, каллиграфиясын калыптандыруу максаты бар. Балким окуучу үчүн бул да оордук кылаар. Сөз болуп жаткан басмакананын 6-8 жаш курактагы балдар үчүн ***"Жазганды үйрөнөбүз"*** (*"Учимся писать"*) деп аталган форматы боюнча мурдагылардан башкачараак чыгарылып жатканына күбө болдук. Ал китепчелер көлөмү боюнча ар бири 16 беттен туруп, окуучу эми же сабакта болсун, же үйдө болсун, 10-15 минут гана иштей алат. Бул убакыт аны тажатып жибербейт. Анын мазмуну да мурдагылардан кескин айырмаланып, окуу дептерлери менен окуу-методикалык комплекстердеги салттан башкачараак даярдалган. Эми окуучу сызыктарды, узорлорду даана ажыратып кооз жазуунун алгачкы элементтерин өздөштүрө башташат.

Башталгыч класстын окуучусунун жазуу маданиятын туура калыптандыруу максатында **сабактардын төмөнкү түрлөрү менен формалары сунуш кылынат:**

• түз бурчтуктагы (тегиздиктеги) чекиттер менен жазуу иштери;

• 45 градус бурчтуктагы (тегиздиктеги) чекит менен жазуу иштери;

• параллель жаткан сызыкчаларга жазуу, мында жантайган сызыкчалар, үч бурчтуктар, төрт бурчтуктар, тегерек сызыкчалар, снежинкалар эске алынышы абзел;

• сызыкчалардын арасындагы кичирейтилген жана чоңойтулган аралыктын сакталышы;

• кыйшайтылган жана түз торчолордогу (клетки) элементтер менен фигуралардын ар түрдүүлүгү;

• стереометриялык кагаздар менен иштөө, мында окуучу мурдатан штрихтелген сүрөттөрдүн же жазуулардын үстүнөн жазат.

Экинчи бир маселе – мектептеги башталгыч кластардын мугалимдеринен да, үйдөгү ата-энелерден да мындай бир доомат угабыз, же наразычылык дейбизби, “дептери шалтак, кир, үйрөтсөң да болбойт, тамгалары кыйшык, ирээти менен жазылган эмес” – мына ушундай нааразычылыктар көп айтылат. Муну оңдоого деги болобу? А балким оңдоонун эч кандай зарылчылыгы жоктур? Бала кантип жаза алса ошентип жазсын. Анын кол жазмасы (почерки) ошончолук маанилүүбү? Айрыкча, азыркы заманда бала чоңойсо кагазга калем сап менен эмес, компьютердин клавиатуралары менен жазып калат эмеспи.

Бирок ошентсе да баланын башталгыч класстардан баштап таза, кооз, сулуу, сабаттуу жазуу маданияты калыптанышы зарыл го. Анын жазганынын дааналыгын, кооздугун, тууралугу менен сабаттуулугун мектептеги башка оозеки предметтердин мугалимдери каалабайт бекен? Демек, окуучунун кенже жаш курагында, мектептин 1-классынан баштап жазуу маданиятын калыптандыруу зарылдыгы келип чыгат. Бул үчүн анын туура, кооз жана сабаттуу жазуусун камсыз кылуучу амалдардын өзүн билүү, өздөштүрүү зарыл. Окуучунун каллиграфиясы жакшы болушу үчүн мугалим буларды билгени дурус:

▪ окуучусунун мээсиндеги майда-майда моториканын өнүккөндүгү;

▪ партага (столго) отурганда далысынын түз кармалышы;

▪ калем сапты түз, туура кармашы;

▪ калем сапты кармоонун “прицеп”, “көзөмөнгөн чекиттер”, “резиночка”, “салфетка” деп аталган ыкмалардын пайдаланылышы.

▪ кенже курактагы окуучуга өнүгүүлөрдү, машыгууларды (жазуу көнүгүүлөрүн жана машыгууларын) көбүрөөк жасатуу зарылдыгы бар.

Баланын мээсиндеги жазуу иштерине ылайыкталган майда моториканын жакшы өнүккөндүгү маанилүү нерсе, а эгер мындай болбосо, ал таза жана сабаттуу жаза албайт. Ошол мээдеги моториканын көмөгү менен баланын колдору, булчуңдары жазууга ылайыкталышы шарт. Бул үчүн кенже курактагы

балдарга ылайыкталган ар кандай оюндарды уюштурууга болот. Айталы, сүрөт тартуу же калем менен мурда тартылган сүрөттөргө түс берүү, боёо, пластилинден ар кандай нерселерди жасоо, майда деталлдардан турган конструкторлорду жыйноо, кайчынын жардамы менен кагаздан, кездемеден ар кандай фигураларды кесүү жана башка ущул сыяктуу жумуштарды аткаруу окуучунун жазууга болгон кызыгуусун стабилдештирет, аны тажап кетпөөгө көндүрөт. Мындай көнүгүүлөр менен күн сайын машыгуу зарыл, бул баланын мээсиндеги майда моторикаларды гана активдештирбестен, анын кыймылынын да активдүүлүгүн камсыз кылат. Анын ой жүгүртүүсү калыптанып, эсте тутуусу (память), ойлоп табуусу сыяктуу жөндөмдүүлүктөрү да калыптанат. Буларсыз башталгыч класстардын билим, тарбия берүү процесси эч нерсеге жарабайт.

Баланын далысынын туура кармалышы же бекемдиги. Көрсө дене тарбия менен спорт да баланын кооз жазуусуна көмөкчү боло алат экен. Баланын далысынын туура кармалышы, белинин бекемдиги анын партада же столдо туура отурууга, демек, жазуу ишин да максаттуу аткарышына көмөкчү болот экен. Баланын жазып жаткандагы абалы анын отурушуна (поза) да көз каранды болбой койбойт. Кыйшайып же бир нерсеге сүйөнүп отурган бала анан кантип кооз жаза алсын!

Демек, эрте менен баланын уйкудан тураары менен зарядка жасашы жана эрте мененки машыгуулардын комплекси анын кооз жазуусуна өбөлгө болоорун ар бир мугалим, айрыкча, ата-энелер унутпаганы жакшы.

Калем сапты туура кармоо. Калем сап ар кандай болот эмеспи – гель менен жаза турган  калем сап, шариктүү, ичке, жоон жаза турган калем сап, жылмакай же одуракай, сулуу, кооз ж.б. Алар ар кандай предметтерден жасалышы мүмкүн. Кенже курактагы мектеп окуучусу мунун кандайын тандашы керек? Ар бир окуучуга анын колдорунун физиологиясына карап калеп сап тандап берүү зарыл. Анын колдорунун кистилери азырынча майда, ошондуктан жоон, перосу оор калем саптардын азыр кереги жок. Баланын кармаган (иштеген, жазган) калем сабы кооз болсо кандай жакшы, бирок бул

чоң мааниге ээ эмес. Учунда шариги бар калем сапты (шариковая) пайдалануу жөндүү. Гельдүү калем сапка бат эле жукпай калышы мүмкүн, же кагазды тытмалап жибериши да мүмкүн, кагаздын бетине жайылып аны булгап жибериши да мүмкүн. Мындай учурда баланын жазуу ишине болгон кызыгуусу жоголот. Калем саптын стержени мүмкүн болушунча ичке болгону жакшы. Дүкөндө калем сап сатып алууда аны жазып көрүү зарыл, ал кагазга тамгаларды даана жазгыдай болсун. Анын эмнеден жасалганына да маани берүү керек, эгерде ал металлдан же пластмассадан жасалган болсо, аны пайдаланбай эле койгон туура. Мындан баланын бармактары сыйгаланат, тердейт. Адам кармай турган жеринде резинасы болсо – мына ушундай калем сапты (ручканы) пайдалануу сунуш кылынат. Ал колго жумшак, тердебейт, баланы жүдөтпөйт. Дагы бир жагдай – балага үстүндө баскычы (кнопкасы) бар калем сапты алып бербөө керек, бала аны класста, сабакта тынбай шыкылдатып баса берет.

**Калем сапты (ручканы) туура кармоо.**

Кенже курактагы окуучунун жазуу сабактарында калем сапты (ручканы) туура кармоосу анын кооз жана сабаттуу жазуусуна көмөкчү боло алабы? Көмөкчү боло алат, бирок, болгону анын жазуу темпи, ылдамдыгы абдан эле аксайт. Ошого карабай, окуучунун туура, кооз, сулуу, таза жана сабаттуу жазуусу үчүн мунун маанисин жогору койгонубуз туура болот. Баса белгилешибиз керек – көпчүлүк окуучулар, ата-энелер, жада калса, башталгыч класстын мугалимдери окуучусунун калем сапты туура кармоосу маселесине анчейин көңүл бурушпайт. Бул методикалык жактан да туура эмес нерсе. Биз кенже курактагы окуучунун (башталгыч класс окуучусунун) жазуу учурунда калем сапты туура кармоо боюнча “прицеп” деп аталган методду (муну “сүйрөө” методу деп туралы) сунуш кылаар элек. Мындай метод баланын калем сапты туура кармоосун камсыз кыла алат. Оболу, калем сапты туура кармоо үчүн баланын бармактарынын үчөөсү: баш бармагы, сөөмөйү жана ортоңку бармагы – аракетке келтирилиши керек. Ошол үчөөсү менен алгач калем саптын башынан (эң жогорку жеринен) кармап, акырындык менен бармактарды

төмөн жакка сүйрөп жүрүп олтуруу керек, ошондо калем сап керектүү жерге келгенде өзүнөн өзү жай таап калат.

**Көзөмөл чекит.**

Кенже курактагы окуучулардын көпчүлүгү калем сапты учунан кармашат, бармактары барып калем саптын башына чейин жетип калат. Аны бир аз жогорураактан кармоо керек. Баланын калем сапты (ручканы) туура кармоосун камсыз кылуу үчүн анын ортоңку бармагына белги коюу керек, ал ошол белгиге карап калем сапты кармайт. Ал эми калем саптын керектүү жерине түстүү скотч чаптап, белги коюу зарыл, бала калем сабын так ошол жерден гана кармашы керек. Ошондо гана анын туура кармашы камсыз болот.

**Машыгуулар.**

Кенже курактагы мектеп окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу ишинде анын тынымсыз машыгуулары чоң мааниге ээ. Ал машыгуулар класста сабак учурунда гана эмес, сабактан тышкаркы учурларда да улантылышы шарт. Мында ар кандай пропистерди (жазууларды) аткаруу талап кылынат. Айталы, биринчи класстын окуучусу үчүн атайы кабыл алынган жазуулар болот, алардын татаалдыгы окуучунун курактык өзгөчөлүгүнө ылайык келиши шарт. Алардын ошончолук жөнөкөй болушун мектепте мугалим тандап, үйдө машыгуу үчүн ата-энелерге сунуш кылат.

Ал эми 2-4-класстын окуучулары үчүн бир тексттен көчүрүп жазуу машыгуулары жарайт. Өтө татаал болбогон текстти тандап алып, аны дептерге көчүртүп жазуу машыгуулары тууралуу сөз жүрүп жатат. Мындай машыгуулар баланын туура жана катасыз жазуусуна өбөлгө болот. Кийин, жогорку классстардагы дил баян, мазмундама, жат жазуу сыяктуу жазуу иштерине мына ушундай машыгуулар негиз болуп берет.

Башталгыч класстардагы штрихтелген дептерге жазуу, атайын сызылган сызыктарга же клеткаларга жазуу, сүрөт тартуу, тартылган сүрөттөрдү туура боёо иштери да баланын жазуу маданиятынын калыптанышына шарт түзүп берчү формалар менен каражаттар. Жазуу боюнча машыгуулардын алгачкы мезгилинде каллиграфиялык эрежелер кармалбаса да баланын жазууга болгон

көндүмдөрүн арттырат. Мектептин башталгыч класстарынын мугалимдери (үйдө ата-энелер деле) методикадагы **дисграфия** боюнча китептерди, методикалык макалаларды таап алып окуп чыгышканы дурус.

Ошентип, мектептеги кенже курактагы окуучунун кооз, сулуу жана тыкан жазуусун канткенде камсыз кылууга болот? Кенже курактагы бала мектепке келгенге чейин эле, бала бакчада же үйдө жазуунун элементардык көндүмдөрүнө ээ болгон абалда келет. Бирок анын жазуулары али да болсо каллиграфия эмес болчу. Каллиграфиянын элементтери менен бала мектепте,т.а. биринчи класстан тартып үйрөнө баштайт. Баланын дептерине таза жазуусу мындагы эң маанилүү иш, анын кооз, сулуу жана сабаттуу жазуусуна чейин мына ушул таза, тыкан жазуусун камсыз кылып алуу зарылдыгы бар. Баланын дептерине тамгаларды, сөздөрдү жана сүйлөмдөрдү таза, тыкан жазуу көндүмдөрүнө ээ болгондон кийин гана анын кооз, сулуу жана сабаттуу жазуусун талап кылуу туура болот. Акырындык менен барып окуучу бат жазууга көнүшү керек. Мындай методикалык сунуштарды мектептеги башталгыч класстардын мугалими мыкты өздөштүрүп алганы шарт.

**Кантип жана эмнеден баштоо керек, кандай даярдык керек?**

Эгерде бала алты жашка толгон болсо, таза, тыкан, кооз, сулуу жазууга али даяр эмес болсо, аны каллиграфия сабактарына катыштыруу зарылдыгы келип чыгат. Эгер бала мектепке чейинки мекемелерде басма түрүндө гана жазып көнгөн болсо, эми мектепде аны ошого таянуу менен жазуу көндүмдөрүн калыптандыруу милдети турат. Мунун дароо баштабай акырындык менен даярдык сабактарында жүргүзүү методикасын колдонуу зарыл.

Башталгыч класстарынын мугалимдеринин көбү окуучусунун жазууга болгон кызыгуусунун такыр эле жоктугун айтып даттанып келишет, муну үчүн кандай кылуу керек? Аны жазуу иштерине кызыктыруу деле оңой эмес. Балким, балага жазуусун кийин чоңойгонда ал эч нерсеге жөндөмү жок, керексиз адам болуу коркунучу бар экендигин түшүндүрүү керек. Жазууну

да эӊ эле жөнөкөй элементтеринен баштоо керек. Көпкө чейин жазуу иштери менен машыктыруу да пайдасына караганда зыянын көбүрөөк берет. Жазууга болгон эӊ жөнөкөй көндүмдөр кайсылар:

▪ сабакта сүрөт тартуу же мурда тартылган сүрөттөрдү боёо;

▪ пластиллин менен ар кандай буюмдарды жасоо;

▪ манжалардын гимнастикасы;

▪ аппликацияларды кесип иштөө;

▪ конструкторлордун жөнөкөй түрлөрүн жыйноо.

Булар окуучунун манжаларынын активдешине өбөлгө болот. Активдүү манжалар кийин жазуу иштерин туура жүргүзөт эмеспи.

**Жазууга чейинки окуунун мааниси.**

Ырас, мектептеги башталгыч класстардын жазуу сабактарына чейин окуу сабактарынын активдүү жүргүзүлүшү түшүнүктүү го. Кенже курактагы мектеп окуучусу канчалык көп окуса, көп эле окубай, окуганын түшүнүп окуса, туура жана шар окуса, анын жазуу сабактарында да активдүүлүгү ошончолук болот. Анын сөздөрдү, сүйлөмдөрү жазуусу ошончолук сабаттуу болот. Бала ошол окуп жаткандагы текстти көрүп эске тутуу көндүмдөрүнүн көмөгү менен жазуу ищтеринде орфографиялык одоно каталарды кетирбейт. Тексттеги тамгалар, сөздөр менен сүйлөмдөр анын эс тутумунда сакталган абалда болот. Кенже курактагы баланын жазуусуна керек болгон каражаттар кайсылар? Алар:

▪ дептер же альбом;

▪ жөнөкөй калем – жумшак стержени менен карандаш;

▪ шариктүү калем сап (ручка), окуучу анысын кичинекей колдорунда оӊой кармай алгыдай болсун;

▪ мурдатан жазмалары бар дептерчелер (прописи), түз сызыктуу дептерлер жана чатыраш дептерлер.

Жазуу сабактарын кантип өткөрүү керек? Ырас, азыркы жогорку технологиялардын шартында кенже курактагы мектеп окуучусунун таза, кооз, тыкан жана сабаттуу жазуусун камсыз кылуу боюнча көптөгөн

сайттарда  чыккаӊ да жазуу маданиятын туура калыптандыруу боюнча алгылыктуу кеӊештерди таба албайсыӊ. Табылбаган ошондой кеӊештердин эӊ эле негизгиси – машыгуулар экен. Баланын жазуу үстүнөн канчалык көп машыгуусу анын жазуу маданиятынын туура калыптанышына өбөлгө. Ал машыгуулар регулярдуу режимде жүрүшү шарт. Бир күн жаздырып коюп, аны эки-үч күн унутуп коюу жарабайт. Бала күн сайын мектепте да үйдө да жазуу иштери менен тынбай машыгып турганы зарыл.

Башталгыч класстардын ар бир мугалими өзү тапкан, өзү сабактарда активдүү пайдаланып жүргөн методиканы сунуш кылышы толук ыктымал, мунун деле колдоо зарыл. Ошентсе да башталгыч класс окуучунун жазуу маданиятын камсыз кылуу боюнча жалпыга керек болуучу педагогикалык, методикалык **кеӊештер** болот, алар:

▪ оболу колдогу калем сапты туура кармоону көрсөтүп бергиле - өзүӊ кармап, аны көрсөт; калем сап (ручка) баланын сөөмөйү менен ортоӊку бармагынын ортосунда болсун, аны баш бармак менен кармоо керек. Кармоонун ушундай абалы калем саптын туура фиксацияланышына шарт түзөт, жазууга да ыӊгайлуу болот;

▪ жазуу машыгууларынын эӊ эле жөнөкөй түрлөрүнөн баштагыла. Тигил же бул тамганы дептерге дароо жазуунун зарылдыгы деле жок. Оболу ошол тамганын сөлөкөтүнүн сүрөтүн чийүү керек, ал тамганын сөлөкөтүнүн туура чийилген алгачкы практикасы болсун;

▪ жазуу сабагынын узактыгы он беш минутадан ашпашы керек. Адатта, мындай курактагы окуучу ар нерседен бат тажайт, аны сабактардын ортосунда ар кандай кыймылдуу оюндар менен алаксытуу зарылдыгы бар;

▪ жазуу сабактарында шашуунун пайдасы жок, зыяны бар. Адатта, мектептеги мугалим да үйдөгү ата-энелер да баласынын бат эле жазып салуусун, анын жыйынтыгын көрүүгө ынтызар, бул натуура. Баланын кооз, сулуу, туура жана сабаттуу жазуусу узакка созулган процесс, ал чыдамдуулукту талап кылат;

▪ жакшы маанай – ийгиликтин ачкычы. Эгерде окуучунун жазууга болгон көңүлү жок болсо, аны кыйноонун зарылдыгы жок, эркине коюу керек. Кызыктуу бир нерселерди айтуу менен анын маанайын көтөрүү зарыл, кийин гана жазууга столго же партага отургузгула;

▪ сабактын, жазуу сабактары болсо да, анын жүрүшүн ар кандай оюндар менен коштоо, оюн сабагын уюштуруу керек. Ошентип окуучунун кызыгуусун камсыз кыласың да анын жазууга болгон активдүүлүгүн көрө алабыз;

▪ тамгалар мурдатан жазылган дептерлерди (прописи) пайдалан, алардын жардамы менен окуучу алгач туура, таза жазууга көнүгөт, аларды көрүп окуучу бат, ылдам жазууга көнөт, элестетүүсү, эс тутуму туура калыптанат;

▪ мектептеги кенже курактагы окуучунун жазуу иштерине болгон кызыгуусун, ага ынтаа коюусун (внимательность) камсыз кылуу зарылдыгы бар. Окуучу ага көрсөтүлгөн үлгү менен өзүнүн жазганын салыштырсын, анализдесин, өзүнүн каталарын тапсын. Окуучунун баамдуулугу, тыкандыгы, байкагычтыгы ушул жазуу маданиятынын калыптанышы менен тыгыз байланышта өнүгө турган касиеттери экендигин башталгыч класс мугалими да ата-энелер да унутпашы керек;

▪ эгерде окуучу сологой болсо (бул соңку мезгилдеги балдардын көбүнө мүнөздүү негедир), аны оң кол менен жазууга чакыруу, көндүрүү туура эмес, мейли ал сол колу менен эле жаза берсин. Баланын табигый жөндөмүн “сындыруу” жарабайт.

▪ башталгыч класстын мугалимдери да, үйдөгү ата-энелер да, окуучунун эжеси менен байкеси да унутпашы керек болгон бир жагдай – башталгыч класста окуп жаткан окуучу дароо эле каллиграфиялык туура жазуу көндүмдөрүнө ээ боло калышы кыйын. Анын тамгаларды туура, кооз жазылбаганы үчүн жемелөөнүн да зарылчылыгы жок. Эмне болгон күндө да биз адамды башталгыч класстан баштап сабаттуу жазууга, сабаттуу окууга,

окуганын түшүнүүгө, түшүнгөнүн кайра айтып берүүсүнө көндүрүшүбүз керек экендигин эстен чыгарбайлы.

▪ Башталгыч класстын окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу ишинде мугалимдер да ата-энелер да төмөнкү зарыл адабияттарды карап чыкканы талаптка ылайык болоор эле: Белинский В.Г., Чернышевский Н.Г., Добролюбов Н.А. О детской литературе и детском чтении. - М.: 1984; Возрастная и педагогическая психология. Под ред.А.В. Петровского. – Москва, 1993. – 288. ; Возрастные возможности усвоения знаний.(Младшие классы школы). Под ред. Д.Б.Эльконина, В.В.Давыдова. -М.: Просвещение, 1986. - 442 стр. ; Гриценко З.А. Детская литература. Методика приобщения. - М.: 2019. - 94 б.; Добролюбов Н.А. О детской литературе и детском чтении. - М.: 1954.; Комарова Т.С. Формирование графических навыков у дошкольников. -М.: Просвещение, 1970. - 152 стр. 228. 3-7 жашка чейинки балдарды өнүктүрүү жана билим берүү боюнча жетекчилик ” (ЮНИСЕФ - 2014ж.). – Бишкек, 2014. – 88 б. ; 6-7 жаштагы балдарды мектепке даярдоонун жалпы өнүктүрүүчү (базистик) программасы”. – Бишкек, 2014.

Башталгыч класстын окуучуларынын жазуу маданиятын калыптанды-руунун педагогикада эң эле кеңири тараган **методдорунун** бири – окуучуга карата болгон индивидуалдык мамиле (дифференцированный подход).

Башталгыч класстын ар бир окуучусунун жекелик касиеттерин эске алуу бардык эле предметтер боюнча жүргүзүүлүчү сабактарда керектүү, зарыл метод, бирок бул башталгыч класстардагы алиппе, кыргыз тили жана адабий окуу сабактарында өзгөчө мүнөзгө ээ жана мындай нерсе ошол сабактардын өзгөчөлүгүнө байланыштуу. “Жекелик” деп мугалим ар бир окуучусунун мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен тапшырма берип, аны өз алдынча аткарган ишмердүүлүктү түшүнөбүз. Окуу-тарбия процесси – бул эки тараптуу процесс, окуучу менен педагогдун биргелешкен ишмердүүлүгү. Изилдөөчүлөр башталгыч класстардагы жазуу иштерин, каллиграфияны, алиппени, кыргыз тилин жана адабий окууну окутууга жетишээрлик көңүл буруп, негизинде аны экинчи субъектке – педагогго таркатпайт. Ал ортодо болочок педагогдун

каллиграфия, алиппе, кыргыз тили жана адабий окуу боюнча сабактардагы профессионалдык педагогикалык даярдыгын жогорулатуу жана ага улай каллиграфияны, алиппени, кыргыз тилин жана адабий окууну оптималдаштыруу маселеси окутуучу менен окуучунун өз ара аракеттенүүсүнүн өзгөчөлүктөрү эске алынмайын чечилбейт.

ЖОЖдогу башталгыч класстардын мугалимдерин даярдоочу педагогика адистигиндеги каллиграфия, алиппе, кыргыз тили жана адабий окуу сабактарындагы индивидуалдуу ыкмалардын жаңыча чечмелениши тууралуу айтуу зарылдыгы бар. Мунун өзөгү боюнча, окутуу-тарбиялоодо окуу куралдан окуучуга карай эмес, тескеринче, студенттин реалдуу мүмкүнчүлүктөрүнөн багыт алуу керек, аны реалдуу мүмкүнчүлүктөрүн өстүрүү, өркүндөтүү, байытуу принцибинде окутуу керек. Тажрыйбада бул мындайча ишке ашырылат:

• жазууну окутууда класстагы “ортозаар” окуучуга багыт алуудан баш тартуу;

• класстагы ар бир окуучудан мыкты сапаттарды издөө;

• окуучуну психологиялык-педагогикалык диагностикадан өткөрүү (кызыкчылыктары, шыгы, багыты, Мен – концепциясы, мүнөздүк сапаттары, ой жүгүртүү процессинин өзгөчөлүктөрү);

• окутуу-тарбиялоо процессинде ар бир окуучунун инсандык өзгөчөлүктөрүн эске алуу;

• анын инсандык калыптануусун, өсүүсүн алдын ала боолголоо;

• каллиграфияга үйрөтүүнүн жекелик программаларын түзүү, аны өркүндөтүү.

Ушундан улам индивидуалдык мамиле педагогика адистигинде окуп жаткан студенттин профессионалдык педагогикалык даярдыгынын жана профессионалдык педагогикалык маданиятынын туура калыптандыруу процессинин негизи жана керектүү шарты болуп саналат. Мындай технология башталгыч класстардагы каллиграфияда, алиппеде, кыргыз тилин жана адабий окууда өзгөчө мааниге ээ, анткени бул предметтер аркылуу башталгыч

класстардын окуучуларынын кийин башка предметтерди натыйжалуу өздөштүрүүсүнө шарт түзүлөт. Түпкүлүгүндө, башталгыч класстын окуучусунун да жогорку окуу жайларында окуп жаткан студенттердин да, баарынан мурда, жазуу жана окуу маданиятын калыптандыруу, оозеки кебин калыптандыруу, аны андан ары өстүрүү маселеси ар дайым актуалдуу болуп келген. Мындай проблеманын индивидуалдуу методдорун иликтеген окумуштуулардын жоон тобу анын негизги үч этаптан тураарын белгилешет:

Биринчиси, башталгыч класс окуучусунун, ага сабак берип жаткан студенттин сүйлөө жөндөмүн өздөштүрүүгө негизги таасир эткен жекелик өзгөчөлүктөрдү өздөштүрүү. Бул үчүн каллиграфияны, алиппени, кыргыз тилин окутуу курсу башталганда ар бир окуучуга жекече диагностикалык баракча түзүлгөн, анда студенттин тилдик жөндөмүнүн баардык түрү (угуу, окуу, жазуу ж.б.) боюнча деңгээли аныкталган.

Экинчиси, башталгыч класс окуучуларын, кийин аларга сабак бере турган студенттерди жекелик-психологиялык өзгөчөлүктөрүнө жараша типтик топторго бөлүштүрүү. Мында биз маанилүү жекелик өзгөчөлүктөр деп төмөнкүлөрдү аныктадык:

- кызыкчылыктардын калыптанышы (мотивация);
- билими, жөндөмү;
- таанып-билүү мүмкүнчүлүктөрүнүн өнүгүүсү (оперативдүү эс тутум);
- логикалык ой жүгүртүүсү жана окуяны активдүү элестетүүсү.

Үчүнчүсү, кептик активдүүлүктү жана өз алдынчалыкты өнүктүрүүгө багытталган өз алдынча иштөө системаларын индивидуалдаштыруу. Бул башталгыч класс окуучусунун жазуу жана окуу ишмердүүлүгүнө байланыштуу:

1. Жазуу жана окуу темпи.
2. Окулган тамгалардын комбинациясы.
3. Көркөм окуунун элементтерин пайдалануу.
4. Тексти түшүнө билүү.
5. Тексттин маанисин кайра айтып бере алуу.

Угуу ишмердүүлүгү:

1. Кепти уга билүү.
2. Түшүнө билүү.
3. Сөздөрдү кепте туура пайдалануу.
4. Укканын кайра айтып берүү.

Жазуу ишмердүүлүгү:

1. Орфография, туура жазуу.
2. Сезим жана элестетүү.
3. Окуялардын ирээтин сактоо.

Сүйлөө ишмердүүлүгү:

1. Фразалардын так, түшүнүктүүлүгү.
2. Сүйлөө темпи.
3. Сөз байлыгы.

Тилдин тактыгы:

1. Өзүнчө тыбыштар.
2. Басым, ритм.
3. Интонация.

Лексика:

1. Көп түрдүүлүк, көлөм.
2. Тандоонун тактыгы.

Сөздү коштой билүү:

1. Теманы өнүктүрүү.
2. Баарлашууну демилгелөө.
3. Өзүнүн оюн, мамилесин айта билүү.
4. Логика.
5. Айткандарын тескөө (түшундүрүү, оңдоо).

Вербалдык эмес аспектилер:

1. Көз-карашы, турушу.

2. Жаңсоолор, өңүндөгү өзгөрүүлөр.

3. Текстке жараша жест-мимикаларды туура жасоо.

Индивидуалдуу ыкманы ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн биз, типтик топтордун чегиндеги маанилүү жекелик өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен өз алдынча иштөөнүн системасын иштеп чыктык. Бул ыкмада ар кыл топтордогу окуучулар да студенттер да интеллектуалдык активдүүлүгү, өз алдынча ой жүгүртүүсү, оперативдүү эс тутуму, өз оюн логикалуу, ырааттуу билдирүү деңгээли, лексикалык, грамматикалык жана башка материалдарды билүүсү боюнча же эң төмөнкү же эң жогорку абалда болуп мүнөздөлөт.

Башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин окуучунун жазуу маданиятын калыптандыруу процессинде сабаттуу, туура жана кооз жазууну өздөштүрүүнүн негизги үч баскычы бар:

1. Башталгыч баскыч.

2. Ортоңку (илгерилетилген) баскыч.

3. Жогорку  (сертификаттык) баскыч.

Бардык баскычтарда кептик негизги жөндөмдүүлүктөр (окуу, жазуу, сүйлөө, түшүнүү) болушунча ырааттуу түрдө үйрөтүлүшү керек. Башталгыч баскычтын максаты болуп -  күнүмдүк-тиричилик деңгээлинде сүйлөшүү жөндөмдүүлүктөрүнө ээ болуу (кошуналар менен сүйлөшүү, дүкөндө, базарда керектүү буюмдарды сатып алуу, көчөдө, чоочун жерде ориентир (багыт алуу) алуу үчүн).

Илгерилетилген баскычта орто деңгээлдеги байланыш жөндөмдүүлүктөрү үйрөтүлөт. Бул жерде тил үйрөнүп жаткан киши кыргыз тилинде маектешүү мүмкүнчүлүктөрүн кеңейте алат, башкача айтканда, үйрөнүп жаткан тилдин дагы да көбүрөөк тилдик моделдерин, дагы да көбүрөөк лексикалык каражаттарын өздөштүрө алат, өзүн курчаган тилдик мейкиндикте зарыл болгон байланышты дагы да ишенимдүүрөөк, максаттуураак жүргүзө алат.

Жогорку (жыйынтыктоочу) баскычта коммуникативдик жөндөмдүүлүк орто билими бар орточо деңгээлде тилди алып жүрүүчү чоң кишилердин

деңгээлине жакындатылышы керек. Бул баскычта тилди үйрөнүп жаткан киши өзүнүн оюн оозеки да, жазуу түрүндө да жеткире алышы керек, окуганды билип, кино көрүп түшүнө алышы керек.

***Окутуунун коммуникативдик принциби.*** Окуутунун бул принцибин лексикалык-грамматикалык тилдик материалдарды жаттап үйрөтүүдөн - пикир алышып баарлашууга гана эмес, тетирисинче, пикир алышып баарлашуудан лексикалык-грамматикалык материалдарды оозеки речте колдонуп, сүйлөп машыгууга багытталат. Окутуу процесси комплекстүү методдорунун алкагында жүргүзүлүүсү, башкача айтканда, ар бир тема грамматикалык, лексикалык, тексттик жактан интеграцияланган методикалык абалда иштелип чыгуусу зарыл.

***Жазуу үчүн тилдик материалдарды тандоо жана аны үйрөтүүдө функционалдык мамиле жасоо принциби.*** Бул учурда сүйлөөнүн эң кичине бирдиги катары тыбыш, сөз же сөз айкашы эмес, сүйлөм алынышы зарыл. Туура жазууга эми гана көнүгүп жаткан окуучу сабакта түздөн-түз пикир алышууга катышышы керек, анан гана жазууга өтсүн.

Болочок мугалимдин окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу процессинде каллиграфияны, алиппени, кыргыз тилин предмет катары окутуу ишине бардык болгон социалдык өбөлгөлөрдү камсыз кылган окутуу каражаттары кеңири жана окуу технологиялары ийкемдүү, жеткиликтүү болушу зарыл. Окуу куралдары түздөн-түз башталгыч класс окуучусуна ылайыкталып, жөнөкөйдөн татаалга жана жеңилден ооргo сыяктуу дидактиканын принцибинде иштелип чыгуусу зарыл. Толук кандуу педагогикалык, дидактикалык жана методикалык принциптердин негизинде түзүлгөн, илимий-теориялык жагы практикалык колдонулушу менен айкалышкан оозеки сүйлөшүү көндүмдөрүн калыптандыруучу материалдар менен камсыз болуусу туура жазууну үйрөтүүдө эң башкы маселе. Бул үчүн окутуучу окуу материалдарын ирээттеп, аларды татаалдыгына жараша сунуш кылышы керек.

- Окуп түшүнүү материалдары.

- Угуп түшүнүү материалдары.
- Грамматикалык материалдар.
- Жазуу материалдары.

Болочок мугалимдин окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу процессинде каллиграфияны, алиппени, кыргыз тилин жана адабий окууну туура, сабаттуу жана кооз жазууну үйрөтүүнүн алкагында окутуунун мааниси да бүгүнкү күндө чоң, андыктан анын методикасы да жазууну окутуунун методикалык маселелери окутуунун натыйжалуулугун арттырууда негизги маселелерден болуп саналат.

## 2.2. Педагогикалык эксперименттик иштердин жүрүшү жана анын жыйынтыктары

Республиканын жогорку окуу жайларынын педагогика жана башталгыч билим берүү адистигинде билим алып жаткан студенттердин, болочок мугалимдердин окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруунун жана ал мугалимдин өзүнүн профессионалдык-педагогикалык маданиятын калыптандыруунун натыйжалуу формаларын, методдорун жана ыкмаларын аныктоо, талдоо боюнча уюштурулган эксперименттик-практикалык изилдөөлөрдүн жыйынтыктары изилдөөнүн башында аныкталган жумушчу божомолдун (гипотеза) тууралыгын тастыктады.

Илимдин башка тармактары сыяктуу эле, педагогикада, жалпы билим берүүчү орто мектептерде, айрыкча, андагы башталгыч класстарда жана мектепке чейинки билим жана тарбия берүү мекемелеринде тигил же бул предметти (биздин шартыбызды, жазууга үйрөтүү, каллиграфия) сабактарын окутуунун технологиялары да тынымсыз өсүп-өнүгүүдө болгон динамикалуу процесс. Ар бир илим өзүнүн алкагындагы изилдөөлөрдө фактыларга (факт – бул эксперимент иштери, анын жыйынтыктары) таянат. Орустун улуу физиологу академик И.П.Павловдун түшүнүгүндө, факт тигил же бул маселеде эксперименттик-тажрыйба иштерин жүргүзүп жаткан окумуштуу үчүн дамаамат жетекчиликке алынуучу негизги көрсөткүч. Окутуунун

технологияларын изилдеген илим өз тармагы боюнча алдыңкы тажрыйбага жана практикага таянат. Мында окуу процесси менен алдыңкы мугалимдердин тажрыйбалары негизги мааниге ээ. Бирок мугалимдердин тажрыйбалары ошол турушунда илимий-педагогикалык жактан негизделбесе илим болуудан али алыс. Алар качан гана ар тараптан изилденип, талкууланып турмуш сыноосунан өткөндө гана илимге айланып, практикада колдонууга сунуш кылынат. Педагогиканын илгертен бери келе жаткан дидактика тармагындагы жаңылыктардын, жетишкендиктердин баары мына ушундай болгон. Демек, методикада изилдөө ишин жүзөгө ашыруунун бирден бир жолу – ***педагогикалык эксперимент.*** Ал аркылуу изилдөөчү тарабынан иштелип чыккан технология: жобо, метод, сунуштардын ынанымдуулугу, ишенимдүүлүгү жана тууралыгы окуу процессинде текшерилип көрүлөт. Ушуга байланыштуу республиканын бир катар жогорку окуу жайларынын педагогика жана башталгыч билим берүү адистигинде окуп жаткан студенттердин болочок мугалим катары окуучусунун жазуу маданиятынын калыптануу процессин үйрөнүү боюнча уюштурулган педагогикалык эксперименттерге жана алардын жыйынтыктарына кененирээк токтололу.

Педагогикалык эксперимент иштери үчүн Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин педагогикалык факультети, Баткен Мамлекеттик университетинин педагогика факультети, Ош мамлекеттик педагогикалык университет алынгандыгын жогоруда айтканбыз.

Педагогикалык факультеттердин студенттерин окуучусунун жазуу маданиятын калыптандырууга үйрөтүү боюнча диссертациялык изилдөөнүн алкагында биз педагогикалык экспетиментке изилдөөчү менен изилденүүчү маселенин фрагментинин ортосундагы гносеологиялык жол менен бардык. Мындай жолдун раелизацияланышы негизги эки маселенин: психология илиминдеги психикалык чагылдыруунун формасы; предметтик жана белгилик-түшүнүктүк формалар изилденди.

Окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу жана башталгыч класс мугалиминин өзүнүн профессионалдык-педагогикалык маданиятын

калыптандыруу процессинде студенттин, болочок мугалимдин өзүнүн профессионалдык педагогикалык маданияты, кесиптик даярдыгы феномениниин предметтик формасы кыялдануунун, элестетүүнүн катышуусу менен ишке ашырылат. Изилдөөчүнүн жумушу кыялдануунун же элестетүүнүн аркасы менен жүрөт. Ал сүрөткер сыяктуу образдарды интуициянын жардамы менен түзөөрү сыяктуу илим изилдөөчү да интуициянын жардамына муктаж. Ошол эле мезгилде таанып-билүүнүн белгилик-түшүнүктүк формасы педагогикалык эксперименттин жүрүшүнүн динамикасын чагылдырып, анын аныктоочу жана калыптандыруучу этаптарын көрсөттү. Алгач экспериментке республиканын түштүк региондорунда жайгашкан бир катар жогорку окуу жайлардын педагогика жана башталгыч билим берүү адистигинин студенттери, мектептин башталгыч класстарынын мугалимдерин даярдоочу педагогикалык колледждердин студенттери, мектепке чейинки окуу-тарбия иштерин жүргүзүүчү бала-бакчалардын тарбиячылары, мугалимдери жана психологдор тартылды. Ыңгайлуулук үчүн биз аларды үч блокко бөлдүк (№ 2.2.1. таблицаны караңыз).

***Таблица 2.2.1. Адистиктердин блокторго бөлүштүрүлүшү.***

| № | Блоктор | Башталгыч билим берүүгө тиешеси бар адистиктер |
|---|---|---|
| 1 | Биринчи блок | ЖОЖдорун педагогика факультеттеринин студенттери |
| 2 | Экинчи блок | Башталгыч класс мугалимдери |
| 3 | Үчүнчү блок | Мектепке чейинки мекемелердин мугалимдери менен психологдор жана кесиптик орто окуу жайларынын студенттери |

Тажрыйбалык-мониторинг жумуштарына баары болуп 70 студент катышты, алардын эксперименталдык группалардагы студенттердин саны 40 жана текшерүүчү группадагылардын саны 30 студент болду. Мониторингдин жыйынтыктары менен ал студенттерди адистигине ылайык эксперименталдык

жана текшерүүчү группаларга бөлдүк. Алардын курамын № 2.2.2 таблицадан караңыз.

**Таблица 2.2.2. ЭГ жана ТГ боюнча студенттердин курамы**

| Эксперименттик тайпа | Студенттердин саны | Текшерүүчү тайпа | Студенттердин саны |
|---|---|---|---|
| Башталгыч класс мугалими адистиги (студент) | 10 | Башталгыч класс мугалими адистиги (студент) | 10 |
| Кыргыз тили, алиппе, адабий окуу (мектеп мугалими) | 10 | Кыргыз тили, алиппе, адабий окуу(мектеп мугалими) | 10 |
| Орто кесиптик окуу жайынын студенттери | 10 | Орто кесиптик окуу жайынын студенттери | 10 |
| Мектепке чейинки мекемелердин мугалимдери, психологдору | 10 | Мектепке чейинки мекемелердин мугалимдери, психологдору | 10 |

Республиканын жогорку окуу жайларынын педагогика жана башталгыч билим берүү адистигинде окуп жаткан студенттердин окуучусунун жазуу маданиятынын калыптанышынын жана өсүшүнүн деңгээлин аныкташ үчүн биз мунун негизги багыттарын (параметрлерин) түзгөн тесттерди иштеп чыктык, ал багыттар:

1.Окуучулардын курактык өзгөчөлүктөрүн билүүсү;

2.Окуучулардын сабакка болгон кызыгууларын арттыруунун жолдорун билүүсү;

3.Окуучуларга карата болгон урматтоо сезимдеринин бар экендиги;

4.Өзүн-өзү тарбиялоого, билимин жогорулатууга карата болгон аракеттеринин бар экендиги;

5.Окуучулар менен сүйлөшүүдөгү, баарлашуудагы активдүүлүгү;

6.Профессионалдык педагогикалык ишмердүүлүктө жеке чыгармачылыкты колдонуу деңгээли;

7.Окуучунун окууга жана жазууга болгон даярдыгын билүүсү;

8.Социомаданий феномендерди аныктоо жана таанууга карата болгон жөндөмдүүлүктүн бар экендиги;

9.Каллиграфия, кыргыз тили, алиппе жана адабий окуу сабактарында предмет аралык байланышты түзүү жөндөмдүүлүгү;

10.Болочок мугалимдин сезимталдыгын аныктоо максатында этнографиялык, фольклордук, маданий жана илимий түшүнүктөрүнүн комплексинин калыптангандыгын аныктоо.

Тесттин мындай багыттары негизги төрт фактордун жана 10 факторлук белгилердин негизинде жайгаштырылды. Негизги төрт фактордун абалын № 2.2.3. таблицадан караңыз. Эксперименттин калыптандыруучу этабынын жетектөөчү идеясы Кыргызстандагы жогорку окуу жайлардын педагогика жана башталгыч билим берүү шартында болочок мугалимдердин профессионалдык педагогикалык маданиятын калыптандыруунун жана алардын окуучунун жазуу маданиятын калыптандыруусунун натыйжалуу жолдорун аныктоо эле. Мында социомаданий фактор биринчи планга чыкты (болочок мугалимдин сезимталдыгын аныктоо максатында анын каллиграфиялык, коммуникативдик, этнографиялык, этномаданий жана илимий түшүнүктөрүнүн комплексинин калыптангандыгын аныктоо; социомаданий феномендерди аныктоо жана таанууга карата болгон жөндөмдүүлүктүн бар экендиги; жазуу жана сүйлөө искусствосу, каллиграфия, алиппе, адабий окуудагы чыгармаларды баалоодогу жөндөмдүүлүктүн бар экендиги). Мына ушул жагдайды эсепке алуу менен биз жыйырманчы, жыйырма биринчи кылымдын студенттери аларга карата таасир берүүчү багыттын объектиси болбой, баарлашуудагы жана адамдар менен мамиле түзүүдөгү субъекттен-субъектке процессин жетекчиликке алуусун аныктадык. Мындай эксперимент-мониторинг иштерин бизге педагогика жана башталгыч билим берүү адистиктердеги студенттердин өздөрү жүргүзүп беришти.

**Таблица 2.2.3. Студенттердин профессионалдык педагогикалык маданиятынын фактордук белгилери**

| № | Негизги факторлор | Студенттин профессионалдык педагогикалык фактордук белгилери |
|---|---|---|
| | Чыгармачылык жөндөмдүүлүктүн бар экендиги | Болочок мугалимдин сезимталдыгын аныктоо максатында этнографиялык, фольклордук, маданий жана илимий түшүнүктөрүнүн комплексинин калыптангандыгы |
| | Өзүн-өзү тарбиялоого, билимин тереңдетүүгө болгон аракет. | Өзүн-өзү тарбиялоого, билимин жогорулатууга карата болгон аракеттеринин бар экендиги; окуучулар менен сүйлөшүүдө, баарлашууда активдүүлүктүн бар экендиги |
| | Башталгыч класс окуучулары менен болгон мамилеге баарлашууга болгон аракет | Окуучулар менен сүйлөшүүдө, баарлашууда активдүүлүктүн бар экендиги; окуучуларга карата болгон урматтоо сезимдеринин бар экендиги |
| | Социомаданий фактор: искусство чыгармаларына карата болгон кызыгуунун бар экендиги | Социомаданий феномендерди аныктоо жана таанууга карата болгон жөндөмдүүлүктүн бар экендиги; искусство жана көркөм адабият, маданият чыгармаларын туура баалоодогу жөндөмдүүлүктүн бар экендиги; |

Педагогика факультеттеринин студенттеринин окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу деңгээлин аныктоо ишинин сапаттуу жана ынанымдуу экендигин камсыз кылуу үчүн биз математикалык статистиканын методдорун (пикирлердин дал келгендигининин критерийлерин) пайдаландык. Бул критерийлердин алкагында педагогика факультеттеринин студенттеринин тигил же бул маселе боюнча пикирлеринин дал келгендигинин деңгээли аныкталды.

______________________________S ___________ (1)

К * l/12[m²(k³–k)–mI–Tj]

m – мониторингке катышкан эксперттердин саны (индекс J) ;

к – бааланууучу белгилердин саны (индекс i) ;

S (^icSaij – riHn + I^)² (2)

[ ajj ] – тик бурчтуу матрица (таблица) размер к х m, эксперттердин жоопторунун алдын ала ранжировкаланышы;

tj = 1/12 (ᵛ j)³ –1 ᵛj ) ~ ондоо, түзөтүү коэффициенти

HI (3)

nvj – эксперт тарабынан көрсөтүлгөн группалардын саны № j,

$t^{V}j$ – аныктала элек рангдагы элементтердин саны.

Эгерде $K_k$ = 0, болсо, анда эксперттердин пикирлеринин толук дал келбегендиги; эгерде $K_к$= 1 – о болсо, анда эксперттердин пикирлери толугу менен дал келди дегендик.

Башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин профессионалдык педагогикалык маданиятынын структурасын аныктоонун фактордук белгилеринин көрсөткүчтөрү жалпы ранг менен өлчөндү, башкача айтканда, ар бир белги үчүн бирден онго чейинки балл коюлду. Эң жогорку ранг – 10 балл, эң төмөнкү ранг – 1 балл.

Баллдарды эсептөө, айрым жыйынтыктарын чыгаруу төмөнкү тартипте жүргүзүлдү: алгач эксперттерден тигил же бул фактордук белгинин маанилүүлүгү сурамжыланды, андан кийин гана предметтердин блоктору боюнча ранг баллдары эсептелди. Мунун баары профессионалдык педагогикалык маданияттын калыптанышынын ар бир фактордук белгилеринин абалы көзөмөлгө алынышын шарттап турду, анын баалануу кыймылынын динамикасы да көзөмөлдөндү.

Эксперименттик-мониторинг жумуштарынын биринчи жана экинчи этаптарында жүргүзгөн жумуштарыбыздын № 2.2.4. таблицада чагылдырдык. Мында биз бир нече ар кайсыл педагогикалык адистиктеги болочок мугалимдердин профессионалдык педагогикалык маданиятынын түзүмүнүн онунчу рангды алгандарга артыкчылык көрсөттүк.

**Таблица 2.2.4. Болочок мугалимдин профессионалдык педагогикалык маданиятынын калыптануусунун фактордук көрсөткүчү**

| № | Педагогикалык адистиктер | Профессионалдык педагогикалык маданияты калыптанган студент (болочок мугалим) | Тестеги суроонун № | Фактордук белгиси |
|---|---|---|---|---|

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Башталгыч класстын болочок мугалимдери | Болочок мугалимдин сезимталдыгын аныктоо максатында этнографиялык, фольклордук, маданий жана илимий түшүнүктөрүнүн комплексинин калыптанган | 10 | 4 |
| 2 | Башталгыч класстын мугалимдери | Өзүнүн билимин жогорулатууга карата болгон аракеттери бар | 4 | 3 |
| 3 | Алиппе жана адабий окуу сабактары | Сабактарында предмет аралык байланышты түзүү жөндөмдүүлүгү жогору | 9 | 1 |
| 4 | Каллиграфия сабактары | Окуучулар менен сүйлөшүүдө, баарлашууда активдүүлүгү жогору | 5 | 4 |
| 5 | Бала-бакчалардын тарбиячылар | Өзүнүн билимин жогорулатууга карата болгон аракеттери бар | 4 | 3 |
| 6 | Психологдор | Башталгыч класс курагындагы окуучу-нун курактык өзгөчөлүктөрүн билет | 4 | 2 |

Ошентип, башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин профессионалдык педагогикалык маданиятынын калыптаныш абалы боюнча студенттердин өздөрү жүргүзгөн мониторингдин жыйынтыктары анын фактордук белгилеринин алдын ала абалы аныкталды. Башталгыч класстардын мугалимдери жана психологдор “билимин тереңдетүү, акыл-эсин азыктандыруу, билгичтиктерин калыптандыруу жана көндүм-адаттарын системалаштыруу” маселесин биринчи планга койгону менен, ал эми каллиграфия, кыргыз тили, алиппе жана адабий окуу предметтеринен сабак берген адистигиндегилер “сабактарда предмет аралык байланышты кеңири пайдалануу” жана “окуучулары менен баарлашууда, эркин сүйлөшүүдө ар кимдин активдүүлүгүн” биринчи планга алып чыккандыгы менен, ал эми бала-бакчалардын мугалимдери менен тарбиячылары болсо, “мугалимдин сезимталдыгын аныктоо максатында этнографиялык, фольклордук, маданий жана илимий түшүнүктөрүнүн комплексинин калыптанышын” биринчи планга чыгаргандыгы белгилүү болду.

Эксперименталдык-мониторинг жумуштарын жүргүзүүгө активдүү катышкан педагогика адистигинин ар бир студенти болочок мугалимдин профессионалдык педагогикалык маданиятын жана башталгыч класс окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу процессинде анкеталык суроолордун дээрлик баары негизги фактор экендигине толук ишеништи. Биздин изилдөөбүздүн объектисине кирген жогорку окуу жайлардын педагогика жана башталгыч билим берүү адистигинде окуп жаткан студенттин өз жумушунда кыйшаюусуз жетекчиликке ала турган маселеси болуп “ар бир окуучунун оозеки жана жазуу кебин, маданиятын калыптандыруу” жана “ар бир мугалимдин окуучулары менен аңгемелешүүдө, баарлашуунун ички маданиятын сактап, ачык болуусу” керектигин баса белгилегени болду.

Дегинкиси, болочок мугалимдин профессионалдык педагогикалык маданиятын калыптандыруу процессинде биз жогоруда сунуш кылган тесттик суроолордун ар бири маанилүү, алардын бири экинчисинен төмөн турбайт эле. Эксперименттин катышуучуларынын дээрлик баары ал суроолордун баары түпкүлүгүндө профессионалдык педагогикалык маданияттын даана көрсөткүчтөрү деп таанышты. Ошентсе да бизди кызыктыргын натыйжа – студенттердин эксперименттик топтору менен текшерүүчү топторунун ортосундагы принципиалдуу айырмачылыктар болду. Карап көрөлү:

**Таблица 2.2.5. Профессионалдык педагогикалык маданияттын калыптанышынын эксперименттик жана текшерүүчү топтордогу көрсөткүчү**

| № | Педагогикалык адистиктер | Эксперименттик группа | Текшерүүчү группа |
|---|---|---|---|
| | Башталгыч класс мугалимдери | Тесттин суроолорунун баары профессионалдык педагогикалык маданияттын калыптанышына өбөлгө | Тесттик суроолордун 2,3.6,9 гана профессионалдык педагоги калык маданияттын калыптанышына өбөлгө боло алат |
| | Каллиграфия, кыргыз тили | 5, 9-суроолордон башкасы өбөлгө боло алат | 5, 9-суроолордон башкасы өбөлгө боло алат |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Кыргыз тили, алиппе жана адабий окуу | 5, 9-суроолордон башкасы өбөлгө боло алат | 2,4, 5, 9-суроолордон башкасы өбөлгө боло алат |
| | Бала-бакчалардын мугалимдери, тарбиячылары | Тесттик суроолордун баары | Тесттик суроолордун баары |
| | Психологдор | Тесттик суроолордун баары профессионалдык педагогикалык маданиятынын калыптанышына өбөлгө боло алат | Тесттик суроолордун 2,3.6,9 ганапрофессионалдыек педагогикалык маданиятынын калыптанышына өбөлгө боло алат |

Педагогикалык жогорку окуу жайларындагы педагогика жана башталгыч билим берүү адистиктердин блокторго бөлүштүрүлүшү жана ал блоктордун бири экинчиси менен болгон айырмачылыктары тууралуу айтканда деле ушундай абалдын орун алгандыгын белгилөөгө болот. Эстеп көрөлү: Биринчи блокто башталгыч класс мугалимдери, кыргыз тили, алиппе жана адабий окуу, экинчи блокто башталгыч класстын мугалими, бала-бакча мугалимдери менен тарбиячылары жана психологдор, ал эми үчүнчү блокто каллиграфиядан берген мугалимдер менен кыргыз тили, алиппе жана адабий окуу адистигиндегилер болчу.

Биринчи блок боюнча каралган адистиктер экинчи жана үчүнчү блоктогуларга салыштырмалуу түзүлгөн тесттик суроолордун баары эле болочок мугалимдин профессионалдык-педагогикалык маданиятын жана окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууга өбөлгө түзө бербешин белгилешкен, ал эми экинчи блоктогулар болсо жогорудагы суроолордун айрымдары гана болочок мугалимдин профессионалдык педагогикалык маданиятын түзүүгө өбөлгө дешсе, алардан кескин айырмаланып үчүнчү блоктогулар тесттик суроолордун баары болочок мугалимдин профессионалдык педагогикалык маданиятынын жана башталгыч класстын окуучусунун жазуу маданиятынын калыптанышына өбөлгө экендигин айтышкан.

Ошентип, педагогика жана башталгыч билим берүүнүн методикасы боюнча болочок мугалимдин окуучусунун жазуу маданиятын жана анын өзүнүн профессионалдык педагогикалык маданиятын калыптандаруучу негизги факторлор катары төмөнкүлөрдү саноого болот:

▪ окуучулардын куракттык өзгөчөлүктөрүн билүү;

▪ окуучулардын сабакка болгон кызыгууларын арттыруунун жолдорун билүү;

▪ окуучуларга карата болгон урматтоо сезимдеринин бар экендиги;

▪өзүн-өзү тарбиялоого, билимин жогорулатууга карата болгон аракеттеринин бар экендиги;

▪ окуучулар менен сүйлөшүүдөгү, баарлашуудагы активдүүлүгү;

▪профессионалдык педагогикалык ишмердүүлүктө жеке чыгармачылыкты колдонуу деңгээли;

▪ социомаданий феномендерди аныктоо жана таанууга карата болгон жөндөмдүүлүктүн бар экендиги;

▪ каллиграфия, кыргыз тили, алиппе жана адабий окуу сабактарында предмет аралык байланышты түзүү жөндөмдүүлүгү;

▪ болочок мугалимдин сезимталдыгын аныктоо максатында этнографиялык, фольклордук, маданий жана илимий түшүнүктөрүнүн комплексинин калыптангандыгы.

Жогорку окуу жайлардын педагогика жана башталгыч билим берүү адистигинде билим алып жаткан студенттердин окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу боюнча билим, билгичтик, көндүм (компетенциялары), өздөрүнүн профессионалдык педагогикалык маданиятынын калыптанышынын динамикалык өсүшү № 2.2.6 таблицада берилди, таблицадан көрүнгөндөй, профессионалдык педагогикалык маданият түшүнүгү ордунда катып турган сенек көрүнүш эмес, ал дайыма кыймылдагы, динамикалуу процесс экендигин көрүүгө болот. Берилген суроолордун ичинен социомаданий феномендин, фактордун башкалардан артыкчылык кылганы жана этнографиялык,

фольклордук материалдарды сабактарда көбүрөөк колдонуу боюнча фактордук белгилердин артыкчылык кылганы белгилүү болду.

**Таблица 2.2.6. Педагогика адистигин студенттеринин профессионалдык педагогикалык маданиятынын өсүү динамикасы**

| Катар № № | Фактордук белгилер | Фактордук белгилердин басымдуулук кылышы | | Өзгөрүүлөр |
|---|---|---|---|---|
| | | Эксп. группа | Текш. группа | |
| 1 | 1 | 4,8 | 4,2 | 0,6 (19,04%) |
| 2 | 2 | 4,8 | 3,3 | 1,5 52,08%) |
| 3 | 3 | 7,1 | 4,9 | 2,2 (30,98%) |
| 4 | 4 | 5,9 | 4,0 | 1,9 (15,25%) |
| 5 | 5 | 6,3 | 4,1 | 2,2 (34,92%) |
| 6 | 6 | 4,6 | 2,1 | 2,5 (10,86%) |
| 7 | 7 | 5,1 | 4,9 | 0,2 (35,29%) |
| 8 | 8 | 5,0 | 2,0 | 3,0 (60,0%) |
| 9 | 9 | 6,1 | 3,9 | 2,2 (13,11%) |
| 10 | 10 | 3,3 | 2,6 | 0,7 (119,44%) |
| Баары: | | 53 | 36 | 17 (4,19%) |

**Таблица 2.2.7. Студенттердин профессионалдык педагогикалык маданиятынын өсүү динамикасы**

| Катар № | Фактордук белгилер | Фактордук белгилердин басымдуулук кылышы | | Өсүү абалы |
|---|---|---|---|---|
| | | Эксп. чейин | Эксп. кийин | |
| 1 | 1 | 6,6 | 9,2 | 2,6 (36,36%) |
| 2 | 2 | 3,8 | 8,0 | 4,2 (47,36%) |
| 3 | 3 | 4,0 | 8,5 | 4,5 (35,71%) |
| 4 | 4 | 2,5 | 7,2 | 4,7 (23,71%) |
| 5 | 5 | 2,0 | 6,4 | 4,4 (12,0%) |
| 6 | 6 | 4,5 | 9,3 | 4,8 (21,81%) |
| 7 | 7 | 3,1 | 9,0 | 5,9 (1,63%) |
| 8 | 8 | 2,9 | 8,0 | 5,1 (35,59%) |
| 9 | 9 | 2,4 | 7,0 | 4,6 (29,62%) |
| 10 | 10 | 3,9 | 8,5 | 4,6 (73,46%) |
| Баары: | | 35,7 | 81,1 | 45,4 (6,0%) |

№ 2.2.7-таблицадан көрүнүп тургандай, эксперименттик группалардын көрсөткүчү бир катар мүнөздүү өзгөчөлүктөрү менен айырмаланып турат, алардын көрсөткүчтөрүнүн фактордук абалына анализ жасап көрөлү:

1.Мугалимдин чыгармачылык жөндөмдүүлүктүн өнүгүүсүнүн фактору. Жогоруда көрсөтүлгөн тесттик суроолордун көбү ушул болочок мугалимдин жеке чыгармачылык жөндөмдүүлүгүнө тиешеси бар суроолор болчу, мына ошолордун дээрлик баары жетиштүү жогорку баллдык көрсөткүчтөр менен айырмаланган.

2.Биз тандап алган адистиктердин көбүнүн (башталгыч класстын мугалимдери, каллиграфия, кыргыз тили, алиппе, адабий окуу) спецификасы оозеки сүйлөшүү, студенттин оозеки жана жазуу кебин калыптандырууга жакын, ошондуктан “жазуу иштери, сүйлөшүү, маектешүү, оозеки баарлашуу” позициясы бардыгында салыштырмалуу жогору экендиги көрүнүп турат.

Жогоруда айтылгандай, үйрөтүүчү (обучающий), бекемдөөчү (закрепляющий) жана өнүктүрүүчү (развивающий) экспериментке баары болуп 70 студент катышып, тажрыйба жүргүзүлгөн жана жүргүзүлбөгөн группаларда 15 лекциялык жана 30 практикалык сабактар өткөрүлдү, 40тан ашык жазуу иштерине анализ берилип, классификацияланды. Ошентип, башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруудан мурда алардын өздөрүнүн профессионалдык педагогикалык маданиятынын калыптануу процесси изденүүчү тарабынан иштелип чыккан жана өркүндөтүлгөн ыңгайлуу методдору менен ыкмалары (технологиялары), көнүгүүлөрдүн системасы менен дидактикалык материалдар, көрсөтмө куралдар менен схемалар, карточкалар менен видеокаражаттар практикада максималдуу текшерилди.

Ошентип, башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин профессионалдык педагогикалык маданияттын структурасында социомаданий компонент менен жазуу иштерин аткаруу, оозеки сүйлөшүү, баарлашуу, демек, жазуу жана оозеки кеп компоненти басымдуулук кылаарын белгилешибиз керек. Ошону менен бирге болочок адистердин профессионалдык педагогикалык маданиятынын калыптанышы боюнча жүргүзүлгөн иш-чаралар өзүнүн

натыйжасын бергендигин белгилешибиз керек. Изилдөөнүн алдына койгон жумушчу божомол өзүнүн жарамдуулугун далилдеди, актады. Ал эми сурамжылоого катышкан айрым студенттердин (экспериментке катышпаган педагогикалык факультеттин студенттери) тесттин айрым суроолоруна, айталы, студенттер менен, же мугалим болгондо, окуучуларынын жазуу маданиятын калыптандыруу, оозеки сүйлөшүү, баарлашуу позициясынын кыйла төмөн экендиги бир эле себеп менен түшүндүрүлөт. Ал себеп ошол айрым бир студенттин өзүнүн тил үйрөнүү процессинин али аяктай электиги, өзүнүн оозеки жана жазуу кебинин калыптануу процесси ал каалагандай жыйынтыктарды али бере электиги менен түшүндүрүлөт. Бул убактылуу көрүнүш, анткени ал студенттердин эми гана экинчи курста окуп жаткандыгын эске алганыбызда баары түшүнүктүү болуп чыга келет, алар Кыргызстандын ЖОЖдорунда дагы алдыда үч жыл окушат, алдыдагы үч жыл бою алар группадагы башка студенттер менен жетишерлик баарлашышат, ошонун аркасында алардын оозеки жана жазуу кеби жетишерлик абалда калыптанат деген ниетти билдиребиз. Кеп биздин изилдөөбүздүн алкагында жүргүзүлгөн эксперменттик иштерге катышпай калган педагогикалык факультеттин студенттери тууралуу баратат.

Эми башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин өздөрүнүн профессионалдык педагогикалык маданиятынын структуралык компонентиндеги абалды карап көрөлү:


**Таблица 2.2.8. Професионалдык педагогикалык маданияттын структуралык түзүмүндөгү компоненттер**

| № | Болочок мугалимдин ППМнын компоненты | Баллдардын саны | % абалында |
|---|---|---|---|
| | Социомаданий компонент | 1343 | 37,73 |
| | Психологиялык (когнитивдик) | 632,5 | 17,76 |
| | Баарлашуу (коммуникативдик) | 2245 | 23,16 |
| | Профессионалдык–рефлексивдик | 867,4 | 17,30 |


## Келечектеги башталгыч класс мугалиминин профессионалдык педагогикалык маданиятын аныктоо боюнча педагогикалык

**факультеттин студенттеринин профессионалдык компетенттүүлүгүнүн калыптануу динамикасы**

***Эксперименталдык группалар***




***Текшерүү группалары***




**Глава боюнча кыскача корутунду**

Диссертациянын “Изилдөөнүн материалдары жана методдору. Педагогикалык эксперимент” деп аталган экинчи главасы эки ири меселеге арналып, башталгыч класстын окуучуларынын жазуу маданиятын калыптандыруунун формалары жана методдору биринчи параграфта каралды. Главанын экинчи параграфы толугу менен педагогикалык эксперименттин жүрүшүнө жана анын жыйынтыктарына арналды. Башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин окуучуларынын жазуу маданиятын калыптандыруу жана алардын өздөрүнүн профессионалдык педагогикалык маданиятын калыптандыруу боюнча тажрыйбалык-эксперименттик жумуштардын жүрүшү жана анын жыйынтыктарын баалоо маселесин караган бул главада биз негизги деп эсептеген үч ири маселеге токтолдук, алар:

▪ жогорку окуу жайларындагы педагогика жана башталгыч билим берүү адистигинде билим алып жаткан студенттердин каллиграфия, кыргыз тили, алиппе жана адабий окуу сабактарында окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруусу жана алардын өздөрүнүн бул маселе боюнча профессионалдык педагогикалык маданиятын калыптандаруунун натыйжалуу методдору;

▪ башталгыч класстардагы каллиграфия, кыргыз тили, алиппе жана адабий окуу сабактарында болочок мугалимдин профессионалдык педагогикалык маданиятын калыптандыруу ишинде сабактардын (лекциялардын жана практикалык сабактардын) натыйжалуу формалары менен каражаттары;

▪ республиканын жогорку окуу жайларынын педагогика жана башталгыч билим берүү факультеттеринин студенттеринин окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу процессиндеги профессионалдык педагогикалык маданиятын калыптандыруу боюнча жүргүзүлгөн тажрыйбалык-эксперименттик иштердин этаптар менен жүрүшү жана анын жыйынтыктары тууралуу сөз кылдык.

Башталгыч класстардын окуучуларынын жазуу маданиятын калыптандыруу процессинде болочок мугалимдин өзүнүн профессионалдык педагогикалык маданиятынын калыптанышы диссертацияда сунуш кылынган структурасы анын структуралык курамындагы компоненттердин ичинен психологиялык, когнитивдик (таанып-билүүчүлүк) компоненттери социомаданий

компонент менен жалпылык белгилери бар экендиги аныкталды. Буга биз эксперименттин аныктоочу этабында жасаган мониторинг учурунда ынандык. Бул эмне дегендик? Биздин тажрыйбалык-эксперименттик изилдөөлөр көрсөткөндөй профессионалдык педагогикалык маданияттын психологиялык-когнитивдик жана социомаданий компоненттеринин интеграцияланышы маданий баалуулуктардын катышы жана башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин ишмердүүлүк факторлорун бирге кароо, педагогикалык жаңы технологиялар менен камсыздалышын гана шарттайт.

Жүргүзүлгөн тажрыйбалык-эксперименттик жумуштардын алкагындагы мониторинг иштери көрсөткөндөй башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу жана өздөрүнүн профессионалдык педагогикалык маданиятынын калыптанышынын проблемалары көп кырдуу, көп аспектилүү жана ар дайым актуалдуу маселе, анткени бул маселе адамдын (башталгыч класс окуучусунун да, ага сабак берген мугалимдин да) ички мүмкүнчүлүктөрүнүн ачылышына өбөлгө болчу, анын турмушта өзүн-өзү реализациялоочу потенциалын аныктоочу көрсөткүч.

Профессионалдык педагогикалык маданияттын калыптанышы жана өнүгүшү профессионалдык педагогикалык ишмердүүлүктүн бир салаасы, бөлүгү, ал өз ичине бир катар белгилерди камтыйт, алар: педагогикалык кызматташтык, маселени кабыл алуудагы, түшүнүүдөгү активдүүлүк, мындай таасирдин студент тарабынан кабыл алынышы, таасирленүүсү, анын да жеке активдүүлүгү, студент мындай процессте объект катары гана эмес, а өзүнүн активдүү позициясынын субъекти катары да кызмат кылат.

# III ГЛАВА. БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА ОКУУЧУНУН ЖАЗУУ МАДАНИЯТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ФОРМАЛАРЫ ЖАНА КАРАЖАТТАРЫ

## 3.1. Балдардын жазуу маданиятын калыптандыруунун технологиялары

Башталгыч класстардын окуучуларынын жазуу маданиятын калыптандыруу ишинде ошол окуучулардын жаш куррактык өзгөчөлүктөрүн жана башталгыч билим берүүнүн методорун жана формаларын туура аныктап, ага ылайык туура каражаттарды пайдалануу милдети турат. Алгач мектептин башталгыч класстарына, ал куррактын педагогикалык-психологиялык жана билим берүүчүлүк өзгөчөлүктөрүнө токтолуу зарылдыгы чыгат.

**Башталгыч класстар, алардын өзгөчөлүктөрү.**

Башталгыч класстар – жалпы билим берүүчү орто мектептин биринчи баскычы. Мында окутуу иши төрт жылга созулуп, баланын алты-жети жаш курагынан башталат. Жети жаш курак сабактарды системалуу уюштуруунун мезгили катары каралып келет.

Буга чейин биздин билим берүү системабыз ылайыкташтырылган дүйнө эми жок. Биз такыр эле башка ааламда жашап жатабыз. Ошондуктан мектептеги билим берүү тутумунун фундаменталдык негиздерин кайрадан карап чыгышыбыз керек. Жаңы шарттарда биз балдарыбызга эмнени үйрөтүп, кантип үйрөтүшүбүз керектигин кайрадан карап чыгуу зарылдыгы келип чыкты.

“Я.А.Коменскийден тартып улантылып келе жаткан окуу-тарбия тутуму, - деп жазат Д.Н.Фельдштейн, **ссылка- эскилиги жетип**, аны айрым бир оңдоолор, жада калса бүтүндөй системага киргизилген жаңылануулар, айрым бир проблемалык кырдаалдарын чечип салуу, колдогу бар окуу китептерин жаңыртуу сыяктуу аракеттер жардам бербей калды. Маселе айрым бир толуктоолор тууралуу эмес, таптакыр жаңы, теориялык терең иштелип чыккан концепцияны иштеп чыгууда турат”

Мектептеги бүтүндөй билим берүү тутумун оптимизациялоо жагын коом алда качан сезип, туйган, мында анын негизги тутуму болгон башталгыч класстарга өзгөчө маани берүү зарыл. Мектептин кенже курагы – бул интенсивдүү өнүгүүнүн жана таанып-билүү процессинин ачкычы катары инсандын кийинки өнүгүшүнө негиз болуп берүүчү курак.

2014-жылы кабыл алынган жалпы билим берүүнүн жаңы стандарттары

билим берүүнүн моделинен компетенттүүлүк моделге өтүүнү шарттаган эле, бул анын жалпы парадигмалары менен маданиятын өзгөртүүнү талап кылган билим берүүнүн жаңы философиясы болчу.

Билим берүүнүн философиясына ыйлайык мугалим эми өз алдынча билим алууга ынтызар болгон окуучуга устат гана болуп, кеңешин берип турат. Билимдин конкреттүү объектилери боюнча окуучу менен баарлашат – азыркы мектептеги ар кандай предметтерди окутуунун философиясы мына ушундай болушу керек.

Билим берүүнүн азыркы философиясы академиялык парадигмаларды четке кагып, анын экологиялык парадигмаларына өтүүнү шарттайт. Билим берүүнүн академиялык парадигмалары мектепте алынган билимдин реалдуу турмуштан алыс экендигине көзүбүз жетти. Ал эми анын экологиялык парадигмалары билим менен билгичтик жуурулушуп келип, үйрөнүлүп жаткан предметтин социалдык, инсандар аралык жана предметтик өзгөчөлүктөрүн эске алууну сунуш кылат. Биз акырындап мектепте бир предметти гана окутуудан четтеп, көп дисциплиналуу предметтер аралык билимди беришибиз керек, ошондо гана реалдуу турмуштун татаал кырдаалдарын чечүүгө жол ачылат. Мында балага гана негизги маани берилип, анын руханий жан дүйнөсүнүн, дене боюнун өнүгүшүнө жумшалып, өзүнүн жашоосун түптөй турган адамдын өсүп жетилишине өбөлгөлөр түзүлмөкчү.

Башталгыч класстардагы билим берүү тутуму эртеңки күнгө даярдануунун гана процесси болбостон, баланын табигый өзгөчөлүктөрү менен акыл-эс кабылдоосуна багытталып, келечекте жашоодон өз ордун тапкан адамды тарбиялоо милдети биринчи орунга чыгат.

Биз эми билим берүүнүн, же алуунун негизги көрсөткүчтөрү болгон билим, билгичтик жана көндүмдөр окуучуну реалдуу жашоого даярдай турган окуу-тарбия процессине өтүшүбүз керек. Эми окуучу турмушунда активдүү жарандык позицияны ээлесин, турмушундагы милдеттерди чече билсин, кызматташа билсин, топ менен иштөөгө көнсүн, учурдагы рынок шарты талап кылган нерселерди бат үйрөнүүгө жарагыдай болсун.

Башталгыч мектепте кайсыл билимдер менен компетенциялар калыптандырылышы керек? Баарынан оболу, окуучу жогорку класстарда окуусун улантып кете ала турган билим, билгичтик компетенцияларга ээ болушуна басым жасалышы керек.

Азыркы мектеп балдары информациялык-санариптик технологиялардын, интернеттин мезгилинде төрөлгөн балдар экендигин унутууга болбойт, алар алгачкы "диджитал" муун, же болбосо булар "санариптик аборигендер". Булар интернетке чейинки жашоо кандай болгондугун билишпейт, ушунун өзү булардын баалуулуктарын, көз караштарын аныктап турат.

Булар ата-энелеринен, мугалимдеринен, тарбиячыларынан кескин айырмаланып, коомду өзгөртүп жибере ала турган күчтүү каражаттарды – санариптик маалыматтарды, коммуникация технологияларын өздөштүрүп алган алгачкы муун. Мунун өзү булардын мектепте да, үйдө да мамилени бүтүндөй өзгөрттү, мектепте мугалим, а үйдө ата-эне санариптик технологиялар жаатында окуучудан же баласынан үйрөнүүчү окуучуга айланды.

Жалпыга бирдей мамиле жасалган же билим берүүгө бир жактуу мамиле жасалып келген салтуу модель мындай окуучулар менен иштөөнүн натыйжасыз экендигин далилдеди. Интернет муундун окуу ишмердүүлүгүнө, сабактарга болгон активдүү мамилесин түптөө үчүн принципиалдуу жаңы методдорду колдонуу зарылдыгы келип чыкты, ал методдор интерактивдүү, индивидуалдаштырылган, кызыктуу жана чыгармачыл болушу шарт.

Мектептердеги салттуу предметтер азыркы окуучуга зарыл болгон билгичтик менен компетенцияларды бере албайт, бүгүнкү күндүн талабы – маданияттар аралык мамиле, айлана-чөйрө, табигый ресурстар маселесиндеги сабаттуулук; экономика, бизнес жана ишкердик жаатындагы финансылык сабаттуулук; саламаттыкты сактоо, туура азыктануу, профилактикалык медицина жаатындагы сабаттуулукту; жарандык милдеттемелер, коомдук иштер, адеп-ахлактын тазалыгы, социалдык адилеттүүлүк жаатындагы жарандык сабаттуулукту мыкты өздөштүрүүнү талап кылат.

Биз азыр улуу бурулуштардын мезгилинде жашап жатабыз. Интернеттин келиши менен бирин-бири мурда таанабыган дүйнө окуучулары бири-экинчиси менен белгилердин, идеялардын, шилтемелердин тили менен эркин сүйлөшүп калышты. Билим берүү стандарттары менен программалардын милдети – окуучуга андай байланыштын негиздүүлүгүнө, пайдалуулугуна карап түзүүнү үйрөтүү. Окуу программалары менен стандарттарды жаңы замандын талаптарына шайкеш келтирип, кайрадан түзүп чыгышыбыз керек.

Азыр мектеп окуучулары интернет түйүнү аркылуу бири-экинчисине активдүү таасир берип, окуу ишмердүүлүгү болобу, билим берүүдөгү ар кандай долбоорлор болобу, өнөктөшүп катышып калышты. Азыркы окуучулардын интернет-мууну күн сайын билим берүүдөгү бул жаңы глобалдык түйүндү эч кандай тоскоолдуктарсыз, эркин пайдаланып калышты.

Азыр окуп, билим алуу үчүн, иштеш үчүн же жарандык укуктар менен милдеттерди ишке ийгиликтүү ашыруу үчүн ар бир адамга ийкемдүүлүк керек болуп калды, тынымсыз өзгөрүп турган заманда ага ылайыкташуу касиети зарыл болуп калды. Демек, билим берүүнүн стандарттары менен окуу программалары да ийкемдүү болушу шарт. Ийкемдүүлүк – тынымсыз өзгөрүп отурган бул заманда биздин билим берүү тутумубуздун туруктуулугун сактап калуунун бирден-бир шарты.

Билим берүүнүн стандарттары менен окуу программалары рынок мамилелеринин шартында кырдаалга жараша улам өзгөртүлүп турушу шарт. Бул билим берүү тутумунун күнүмдүк шарт-кырдаалдардын туткунунда калсын дегендик эмес, тескерисинче, билим берүүнүн негизги каркасы, ядросу болгон, борбордук мааниге ээ болгон жалпы маселелерди жалпылаштырып, кандайдыр бир “бирдиктүү механизмдин” алкагында сонку ачылыштарды камтыган окуу программалары болсун. Бул зарыл, анткени, билим базасы ылдамдык менен өсүп-өнүгүүдө, татаалдашууда, демек, билим берүү программалары да тынымсыз өзгөртүлүп турушу шарт, ошондо гана ал актуалдуу бойдон калат. Ал окуу программалары балдардын жеке муктаждыктарына ылайыкталып корректировкаланып турушу керек.

Башталгыч класстарда балдардын окуу жана жазуу көндүмдөрүн калыптандыруу маселеси артыкчылыктуу орунда турушу шарт, окуу менен жазуу көндүмдөр эне тили менен чектелбей, орус, англис тилдеринде да өнүккөнү талапка ылайык. Бул окуучунун активдүү трилингвизмин калыптандырып, анын мамлекеттик, расмий жана чет тилдердин биринде эркин сүйлөшүнө алып келет. Окуу көндүмдөрүнүн калыптанышына өзгөчө маани берилиши керек, анткени, окуу баланын башка предметтерди натыйжалуу өздөштүрүүсүнүн да ачкычы. Башталгыч класстарда элементардык математикалык сабаттуулуктун алгачкы көндүмдөрү калыптана баштайт. Ушуга кошумча иретинде программалоонун элементтерин камтыган санариптик сабаттуулуктун калыптандырылышы максатка ылайык. Бул куракта балдар интеграцияланган сабактарды окуганы жакшы, алардын алган билимдери табият, коом, адам жана анын эмгеги тууралуу түшүнүктөр менен жабдылуусу зарыл.

Башталгыч класстарда дене тарбия сабактарына өзгөчө маани берилиши керек. Дененин сактыгы, саламаттыгы, адамдын жакшы жашоосунун негизги фактору. Башталгыч класстардагы дене тарбия сабактары менен кошо эле мунун алкагында уюштурулган кыймылдуу оюндар нормага айландырылышы керек.

Баланын үч жашынан он төрткө чейинки курагы анын кол эмгеги менен алек болууга кызыктар экендиги илимий жактан далилденген. Биздин мектептер, айрыкча андагы башталгыч класстар окуунун мектеби болгондуктан, окуучу көпчүлүк убактысын мектепте өткөрөт, ушул абал баланын кол эмгеги менен алек болууга болгон кызыгуусун арттырбай, кайра бул табигый умтулууларды өчүрөт.

Башталгыч мектептер, бала бакчадан баштап эле баланы эмгекке үйрөтүшү керек, аны ар кандай материалдар менен, эмгек куралдары менен иштөөгө көндүрүү зарыл, ошол эмгектенүүнүн алкагында баланы өз алдынча ойлонууга, өз алдынча аракет кылууга көндүрүү зарыл. Ар кандай эмгек ишмердүүлүгү балдардын кайсыл нерсеге болгон жөндөмдүүлүктөрүн

аныктап, баланын талантын ойготот. Эгерде анын мындай кызыгуулары канааттандырылса, ал өзүнө-өзү ыраазы, ал буга дагы жан дили менен берилип жасайт. Ошол иш анын рух күчүн да калыптандырат.

Окуучусунун индивидуалдык өзгөчөлүктөрүн билген мугалим, аны тынымсыз өнүктүрүп, бекемдеп турушу максатка ылайык. Баланын жеке жөндөмдүүлүктөрү менен эсептешип иш кылуу жакшы натыйжаларды берээри анык. Тескерисинче, баланын жеке жөндөмдүүлүктөрүн басынтууга болгон аракеттер, баланын каалабай турганын жасатуу анын көңүлүн калтырып, чарчатат, анын организминин активдүүлүгүн төмөндөтөт, эркин мокотот.

Окуучунун жазуу маданиятын калыптандыруу ишинде окуучунун башталгыч класстарга келгенге чейинки курагын да эске алуу милдети бар. Себеби окуучу мектепке келгенге чейин эле бала-бакчадан жана үйдөн ата-энелердин, ага, эжелеринин көмөгү менен жазууга жана окууга көнүүгө айрым өбөлгөлөр түзүлгөн болот. Эми мектепке чейинки куратын өзгөчөлүктөрүн карап көрөлү.

**Окуучунун мектепке чейинки курагы.**

Изилдөөчүлөрдүн пикирине ылайык баланын төрөлгөнүнөн жети жашка чейинки, же мектепке чейинки мезгили дене түзүлүшү жагынан да психологиялык жактан да ыкчам өнүгө турган мезгили болот, ушул мезгилде анын өмүр бою керектөөчү сапаттары калыптанат. Бул куррактын дагы бир өзгөчөлүгү баланын кийинки жашоосунда ала турган адистик билимдерине негиз боло турган жалпы психологиялык, физиологиялык жана когнитивдик көндүмдөрү калыптана баштайт.

Мектепке чейинки мезгилди шарттуу түрдө курактык үч топко бөлүүгө болот: ымыркай мезгили (баланын төрөлгөнүнөн бир жашка чейинки мезгили); алгачкы балалык мезгили (1 жаштан 3 жашка чейин); мектепке чейинки балалыгы (3 жаштан 7 чейинки мезгили). Баланын өнүгүүсүндөгү мезгилдердин мындай бөлүштүрүлүүсү формалдуу мүнөзгө ээ болгону менен, бул курактардын ар бири психологиялык жана физиологиялык өнүгүү жагынан бири-экинчисинен кескин айырмаланып турат.

Баланын ымыркай мезгилинин өзгөчөлүктөрү булар. Бир жашка толуп бараткан мезгилинде бала чөйрөгө аралашуунун жөнөкөй гана көндүмдөрүнө, ага жасалган мамилени, кайрылууну кабыл алып, жакындарын тааный баштайт. Кыймылдары калыптана баштайт: эмгектейт, акырындап бутуна тура баштайт, алгачкы кадамдарын таштайт, буюмдарды кармалайт, жөлөнөт. Улуулардын чакырыктарына жооп иретинде үн чыгарат.

Балалыктын алгачкы мезгили элементардык баарлашуунун калыптанышы менен мүнөздөлөт, сөз, сүйлөм түзүү, байланыштуу кеби калыптана баштайт. Бала улуулардын айткандарын түшүнүп, өзүнүн ысымын билип калат, акырындап чөйрөнү өздөштүрүүсү калыптанат. Акырындык менен ал ой жүгүртүүнүн образдык формасын өздөштүрө баштайт. Буюмдарды кармалап, даамдап көрөт, түсүн ажыратат, ойногонго жарап калат. Мындай куракта **Масару Ибука айткандай,** ар бир бала өзүнчө таланттуу. Баланын курагындагы алгачкы жылдарында анын мээсинин канчалык өсүшү, өнүгүшүнө көп нерсе байланыштуу болот. “Баланын психологиясын жана анын мээсинин физиологиясын изилдөөнүн жыйынтыктарына ылайык анын акыл-эсинин өнүгүшүнүн ачкычы, же негизи катары алгачкы үч жылы, башкача айтканда, анын мээ клеткаларынын калыптануу мезгили экен. Бир дагы бала гений болуп же келесоо болуп төрөлбөйт. Баары ага түрткү болуудан жана анын мээсинин өнүгүшүнө жараша болот. Бул курак баланын төрөлгөнүнөн үч жашка чыкканга чейинки мезгили”.

Мектепке чейинки балалык аң-сезимдин символикалык негиздерин калыптандыруу менен мүнөздөлөт, ушул куракта анын интелектуалдык, аң-сезимдүү жөндөмдүүлүктөрү калыптанат. Айлана-чөйрө менен карым-катышынын аянты кеңейет. Бул мезгилдин соңунда бала баарына кыйла кенен карап, жакшы-жаманды ажыратып калган мезгили болот. Тегеректе эмне болуп жатканын аң-сезимдүүлүк менен түшүнүп, өзүн-өзү да баалай баштайт. Баланын толук кандуу социализацияланышы да дал ушул куракта жүрөт. Таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн алгачкы элементтери калыптана баштайт. Бала айрым бир тоскоолдуктардан чыгуунун аракеттерин жасай баштайт. Ал

ушул куракта абдан эле активдүү жана эмоционалдуу, дене түзүлүшү да интенсивдүү өсө баштаган мезгили. Бул мезгилдин соңунда баланын билим-тарбия этабынын кийинки баскычына өтүүгө даяр экендигинин белгилери акырындап калыптана баштайт.

Мектепке чейинки тарбия кандай болушу керек?

Биздин мектепке чейинки тарбия ишибиздин азыркы абалы мезгилдин талаптарына жооп бербейт. Муну биз жакынкы күндөрдө оңдошубуз керек. Оболу мектепке чейинки мекемелердеги билим-тарбия процессинин мектептик моделинен баш тартышыбыз абзел. “Бала бакча” деп аталган алгачкы мазмунга кайрадан кайтуу зарылдыгы чыкты. Ошол “бала бакча” гана баланы табиятка жакындатып, ар кандай оюндардын көмөгү менен алардын билгичтиктерин, көндүмүн калыптандыра алат. Бул иш мектептегидей мажбурлоочу мүнөздө эмес, баланы кызыктыруучу, алаксытуучу мүнөздө болгону туура.

Балдардын мектепке чейинки турмушу кызыктуу, ыңгайлуу болушу шарт, аны үчүн ал мекемелер ошого ылайыкташтырылып курулганы туура, мында балдар эрежелери сакталган оюндар менен алек болсун, ошондо баланы спонтандык **импульсивдик аракеттерден** арылтат, чөйрөнү акырындык менен аң-сезимдүү тааный баштайт. Эрежелери сакталган оюндар баланы өзүнүн кыймыл-аракеттерин көзөмөлдөөгө көндүрөт. Акырындык менен баланын таанып-билүүчүлүк, эрктик, эмоционалдык өзүн-өзү **регуляциясынын алгачкы өбөлгөлөрү калыптана баштайт.**

Оюндар арасында балдардын бош убактылары да болгондой болсун, мындай учурда алар ар кандай чыгармачылык, ойлоп табуучулук иштер менен алек болот. Мында да, жанагы оюндар аркылуу  бала жашоосуна зарыл болгон көндүмдөргө ээ болот.

Мектепке чейнки тарбия мезгилинде баланын кеби активдүү калыптана баштайт. Бул мезгил **баланын сенситивдик-коммуникативдик** кебинин калыптанышына ыңгайлуу учур, булар болсо анын бүтүндөй кийинки жашоосуна зарыл нерселер. Тарбиячынын жетекчилиги менен алар баарлашуунун, пикир алмашуунун негиздерин өздөштүрүшөт. Мындай шартта

анын сөздүк запасы кеңейет, байлашыштуу кебинин калыптанышына шарт түзүлөт.

Ааламдашуу мезгилиндеги мектепке чейинки тарбия иши көп тилдүүлүккө негизделиши керек, балдардын башка маданият, башка тилдер менен аралашуусуна керектүү шарттар түзүлүшү зарыл.

Мектепке чейинки тарбия ишинде топторго бөлүп окутуу чоң мааниге ээ, Андай сабактар эркин, табигый шартта өтүлүшү керек. Ал сабактарда бала оңой кабыл ала турган жана өздөштүрүүгө жеңил болгон, ар кандай темадагы дидактикалык оюндарды уюштуруу зарылдыгы келип чыгат. Башкача айтканда, оюн менен түшүндүрмө сабактардын жуурулушунан жаралган жаңы сабактар болушу керек.

Мектепке чейинки мекемелерде аң-сезимдүү эмгектин жөнөкөй көнүгүүлөрү, машыгуулары калыптандырылышы зарыл. Мындай учурда балдарга улуулардын жумуштары менен тааныштыруу максатка ылайык. Мунун баары баланын эмгектенүүгө болгон кызыгууларын, умтулууларын калыптандырууга баш ийдирилиши зарыл.

Ата-энелер, үй-бүлө мектепке чейинки тарбия ишине активдүү катышып, бала бакчалардын ишине да көмөгүн аябашы керек. Ушунда гана мектепке чейинки тарбия иштери натыйжалуу жүргүзүлөт.

Мектепке чейинки тарбия иштеринде тарбиячынын ролу эч нерсе менен алмаштыргыс. Тилекке каршы, бүгүнкү тарбиячылар программалар менен методикалык көрсөтмөлөрдүн алкагынан чыга албай, кызматтык милдеттерин аткаруучулардын алкагынан чыкпай калышты.

Биздин милдетибиз тарбиячынын статусуна болгон мамилебиздин түп тамырынан бери өзгөртүшүбүз керек. Тарбиячы – бул баланын кийинки жашоосун туура түптөй билген инсан. Ал жүрүп отуруп дарыяга айлана турган булактын башатында турат. Жакынкы күндөрдө ошол тарбиячыларды даярдоонун программаларын кайрадан карап чыгуу зарылдыгы бар, эми ар бир топто жогорку квалификациялуу педагог-психолог менен жогорку квалификациялдагы тарбиячы иштеши керек, мындай дифференцияланган

система мектепке чейинки ар бир мекемеге киргизилсин. Мындай кесипке балдарды сыйлаган, урматтаган, сүйгөн аадамдар гана тартылсын.

Республиканын жогорку окуу жайларынын педагогика жана башталгыч билим берүү адистигинде окуп жаткан студент эртең жалпы билим берүүчү мектептин башталгыч класстарынын мугалими болуп чыгышат, алар ушул тармакта иштешет. Алар адегенде эле окууга да жазууга да даяр эмес (башталгыч класстын окуучуларынын көбү бала-бакчага барбагандар болушу толук мүмкүн) окуучулар менен кездешишет. Ошондуктан ал студенттер баарынан мурда педагогиканын теориясы, технологиялардын системасы, окутуу методикасы, балдардын курактык өзгөчөлүктөрүн изилдеген бала психологиясын (детская психология) мыкты өздөштүрүп, натыйжалуу окутуу үчүн зарыл болгон туура формалар менен каражаттарды табууга жөндөмдүү болушу шарт. Мындан да зарылы – ал студенттер (болочок мугалимдер) окуучунун оозеки жана жазуу ишмердүүлүгүн калыптандыруунун теориясы менен практикасын мыкты өздөштүргөн абалда болушу керек.

Башталгыч класстардагы кыргыз тили сабактары окуучунун оозеки жана жазуу маданиятын, коммуникативдик кебин  калыптандыруунун каражаты, окуучу буга чейин каллиграфия сабактарынан туура, кооз, катасыз жазуунун көндүмдөрүнө ээ болгон. Ал эми башталгыч класс окуучусунун кеп ишмердүүлүгүнүн негизги бир түрү катары анын коммуникативдик баарлашуусу каралат. Булар башталгыч класстардагы каллиграфиядан кийинки кыргыз тили, алиппе, адабий окуу сабактарынын натыйжалуулугунан көрүнөт. Окуучунун оозеки гана эмес жазуу кеби да педагогикалык, дидактика илимдеринде уламалуулук, муун ортосундагы байланыштар, маалымат алмашуулар, билимин, билгичтиктерин, көндүмдөрүн, ойлорун, искусство жана адабий чыгармалар, илимий эмгектер, хроникалар аркылуу бере алышат. Демек, мындай процессте коммуникациянын ар кандай түрлөрү менен функциялары ишке ашырылат.

Башталгыч класстын окуучусунун (мектептеги бардык окуучулардын) жазуу кеби алардын калыптанган оозеки кеби менен тыгыз байланышта, ал

илимий лингвистикада контексттик **фактор деп** мүнөздөлөт. Башкача айтканда, бардык керектүү маалымат тексттин өзүндө камтылат, андагы маанилүү окуялар ачык көрсөтүлөт, **нюанстар сүрөттөлөт**. Оозеки кеп эки же андан көп маектештерди бириктирип, аларга түшүнүктүү болгон конкреттүү кырдаал менен байланыштырат. Башталгыч класс окуучунун оозеки кеби кырдаалдык мүнөзгө ээ, ал жазуу кебине караганда азыраак өнүккөн абалда болот. Анын жазуу кебинин оозеки кебинен болгон кескин айырмачылыгы – жазып жаткан окуучунун экинчи бир окуучуга таасир берүү мүмкүнчүлүгү жок, ал эми сүйлөп жаткан окуучу андай коммуникативдик мүмкүнчүлүктөргө ээ. Жазуу процесси пунктуациялык жана орфографиялык белгилердин коюлушу, тамгаларды туура жазуу, шрифт алмаштыруу, абзацтарды колдонуу жана башка каражаттар менен берилет. Оозеки сүйлөшүүлөрдө ал интонация, көз караш, мимика, ар түрдүү жаңсоолор аркылуу көрсөтүлөт. Жазуу ишмердүүлүгүндө тамгалар так, кооз, ал эми ойлор түшүнүктүү формада берилиши керек. Жазуу кебине синтаксистик жана орфографиялык талаптар коюлат, ошондой эле стилистикалык компонент да болушу зарыл. Тексттин мазмуну боюнча жоопкерчилик авторго жүктөлөт, анткени текстти оңдоо, толуктоо көп убакытты талап кылат.

Башталгыч класстардагы каллиграфия, кыргыз тили, алиппе жана адабий окуу сабактарында окуучулардын жазуу кебин калыптандырууну жана өнүктүрүүнү төмөнкү методдордун жардамы менен ишке ашыруу зарыл:

- иммитативдик метод;
- коммуникативдик метод;
- конструкциялоо методдору.

Имитативдик методду “үлгү методу” деп да атаса болот. Анткени бул методдо үлгүлүү тексттерди анализдөө, тилдик конструкцияларды синтездөө, издөө аракети – сөздөрдү жана башка тил каражаттарын тандоо, үлгүлүү тексттерди моделдештирүү жана ошол моделдер боюнча сүйлөмдөрдү, текстти конструкциялоо, эрежелерди жыйынтыктоо, ошондой эле чыгармачылык – тиешелүү толуктоолору, өзгөртүүлөрү менен жазуу түрүндө баяндоо,

инсценировкалоо, сахналаштыруу, көркөм окуу, тууроо сыяктуу процесстер орун алат. "Үлгү методу" боюнча кепти калыптандыруу, өнүктүрүү методдору көптөгөн ыкмаларды: окулган тексттерди баяндоонун түрлөрү, ар түрдүү типте жазылган баяндоолор, текстти тилдик каражаттар аркылуу талдоо, иллюстрациялоо, жанрын өзгөртүү сыяктууларды камтыйт. "Үлгү методдорунун" арсеналына чакан, жекече көнүгүүлөр да кирет: окуучулар тарабынан модель боюнча текст, же сүйлөм түзүү; сөздөрдүн айтылышы, тексттеги интонация, пауза, басым мугалимдин аткаруу мисалында үйрөнүү, өзгөчө – автордун оюн түшүнүү же болбосо артисттик аткаруунун негизинде ар кандай аңгемелер жана окулган чыгармаларга окшош чакан чыгармалар, ал эми адабий-чыгармачыл ийримдерде – котормолор, тууроолор, пародиялар дагы бул методдун негизин түзөт. "Үлгү методу аркылуу окуучулар кептин типтеринин жана ар түрдүү жанрлардын үстүндө иштешет:

▪ сүрөттөө,

▪ баяндоо;

▪ ой жүгүртүү;

▪ текст жазуу, пикирин айтуу, гезит макаласынын, очерктин, аңгеменин стилистикалык, композициялык, мазмундук өзгөчөлүктөрүн белгилөө;

▪ окулган китеп, көргөн спектакль, мүнөздөмө, ошондой эле иш кагаздарын – жарыя, арыз, ишеним кат, түшүнүк кат түзүү.

**Иммитативдик метод-** башталгыч класстарда көбүрөөк колдонулат. Бул метод окуучулардын кебин өнүктүрүүнүн башка методдоруна даярдайт.

**Коммуникативдик метод-**кеп ишмердүүлүктүн теориялык материалдарына таянат, өзгөчө сүйлөө аракетинин анализине: кырдаалды, мотивацияны, маектешкен адамдын кепти кабыл алуусу жана тескери байланышты эске алат. Коммуникативдик метод өзүнө тиешелүү ыкмаларды, окутуу каражаттарды, көнүгүүлөр боюнча тапшырмалардын болушун шарттайт, алар:

▪ кептик кырдаалдарды түзүү же даяр кептик кырдаалды тандоо;

▪ ролдоштурулган оюндарды, эмгекти, экскурсияларды, сүрөттөрдү, атайын уюштурулган байкоолорду, материал топтоо ыкмаларын, таасирлерди тандоо;

▪ сүйлөөгө муктаждыкты жарата турган ишмердүүлүктүн ар кандай түрлөрүн тандоо;

▪ сүрөт тартуу, күндөлүк түзүү;

▪ элестүү сюжеттерди жаратуу;

▪ ар түрдүү жанрларды – докладдар, радио, телекөрсөтүү, жарнактарды тандоо.

Мындай метод жазуу жана оозеки кептик көнүгүүлөр, дилбаяндар ж.б. аркылуу ишке ашырылган көндүмдөрдүн системасын түзөт. Адатта, мындай көндүмдөрдүн жети тобу аныкталган, алар:

▪ дилбаяндын темасын түшүнүү, анын чегин аныктоо, теманы ачуу;

▪ дилбаянды белгилүү бир ойго таяп алуу, өз оюн, өзүнүн позициясын, эмоциясын, каарманга болгон мамилесин ж.б. чагылдыруу;

▪ материал топтоо көндүмү, анын ичинен маанилүүсүн табуу, темага ылайык негизги жана кошумча материалдарды бөлүп кароо;

▪ материалды системалаштыруу, план түзүү, композициянын үстүндө иштөө (тексттин башы, аягы);

▪ текстти тилге даярдай билүү көндүмү: темага ылайык сөздүк түзүү, сөздөрдү, сөз айкаштарды, фразеологияны тандоо;

▪ тексттин фрагменттерин даярдоо, оозеки вариантында интонацияны, кайрылууларды ж.б. ойлоп чыгуу;

▪ текстти түзө билүү көндүмү – оозеки кебинде – импровизациялоо, жазуу кебинде – катасыз жазуу, текстти барактарга жайгаштыруу, аны абзацтарга бөлүү;

▪ жазганын өркүндөтүү көндүмү, аны редакциялоо, анын орфографиясын жана пунктуациясын текшерүү.

**Конструкциялоо методу** – интеграцияланган, синтездешкен метод. Бул метод жогорудагы эки метод менен тыгыз байланышта. Окуучулардын оозеки,

айрыкча, жазуу ишмердүүлүгүн калыптандыруу системасында тексттин түрлөрү анализденет, моделдештирилет жана андан ары өздүк тексттерди конструкциялоо ушул моделдер боюнча ишке ашырылат. Конструкциялоо коммуникативдик метод менен да байланыштуу, анткени ал кептин мотивациясын, анын натыйжалуулугун камсыз кылат, кептин социалдык жана өздүк функцияларын аныктайт.

Конструкциялоо методу кептик көнүгүүлөрдүн типтерине жана бир топ ыкмаларга ээ, алардын көпчүлүгү даярдоо жана көмөкчү функцияларын аткарат, алар кептик көнүгүүлөрүн даярдоо процессинин ар кайсы этаптарына катышат. Булар сөздүк жумуштары, текст же сүйлөмдөр менен иштөө:

▪ логикалык: түшүнүктөр менен иштөө жана алардын аныктамаларын түзүү, заттарды салыштыруу, жаратылыш кубулуштарын белгилери боюнча салыштыруу, текст таануу илиминин теориясына негизделген көнүгүүлөрдү салыштыруу;

▪ тексттин түзүмүнүн үлгүсүн моделдештирүү жана ушул моделге өзүнүн текстин жакындаштыруу, текстин редакциялоо;

▪ тексттин байланыш типтерин иштеп чыгуу, ар кандай функционалдык-маанилүү типтеги тексттерди түзүү;

▪ сүрөттөө, баяндоо жана ой жүгүртүү, ошондой эле ар кайсы жанрдагы – аңгеме, пейзаждык сүрөттөө, очерк, макалалар, каттар, табышмактар, пьесалар боюнча тексттерди түзүү;

▪ сюжеттин диалогдук формада берилиши.

Ошентип, жогорку окуу жайларынын педагогика жана башталгыч билим берүү адистигинде окуп жаткан студенттердин өздөрүнүн жана алардын окуучуларынын жазуу кебин калыптандындурунун методдору боюнча төмөндөгүдөй жалпы тыянак чыгарууга болот:

▪ окутуунун методу – бул мугалимдин билими, тарбия берүү, өркүндөтүү ишмердүүлүгүн кыймылдаткыч күчү, изденүүсү;

▪ окутуунун методу – бул жандуу жана социалдык турмуштун суроо-талаптарына ылайык сүйлөшүү, баарлашуу көндүмдөрү.

## 3.2. Сдуденттердин башталгыч класстын окуучусунун ата-энелери менен иш алып баруусун калыптандыруу.

Болочок мугалимдин кенже класстардын ата-энелери менен иш алып барууга кесиптик даярдыгынын мазмунунун сапаты жогорку окуу жайынын окуу жана окуудан тышкары ишмердүүлүгүнүн өз ара аракеттенишүү процесси менен алдын ала аныкталат.

Окуу ишмердүүлүгүнө окуу сабактары боюнча лекциялык, практикалык сабактар, студенттин өз алдынча иштери жана практиканын ар кандай түрлөрү; ишмердүүлүктүн окуудан тышкары түрлөрүнө – илимий кружоктор, боорукердик, кайрымдуулук акциялары жана башкалар кирет.

Ишмердүүлүктүн бул түрлөрү жогорку мектеп үчүн милдеттүү болгон ар кандай ченемдик документтер менен аныкталат. “Адистик боюнча негизги жогорку билимдин мамлекеттик стандарты” алардын бири болуп саналат. “Педагогика жана баштапкы билим берүүнүн методикасы” 550700 адистиги боюнча мамлекеттик стандарт 2022-жылдын 1-сентябрында киргизилген. Бул документтин мазмуну тапшырып жаткан окуучуларга жана бүтүрүүчү студенттердин даярдыгынын деңгээлине карата бир катар талаптарды аныктайт. Бул Мамлекеттик стандартта педагогиканын бакалаврына жана башталгыч билим берүүнүн методикасына квалификациялык мүнөздөмө берилет, ал төмөнкүнү камтыйт:

- кесиптик ишмердүүлүк чөйрөсүн;
- кесиптик ишмердүүлүктүн объекттерин;
- кесиптик ишмердүүлүктүн түрлөрүн (педагогдук, уюштуруу-педагогикалык, башкаруу-педагогикалык, илимий-изилдөө);
- кесиптик ишмердүүлүктүн функцияларын (окуу-тарбиялоо, уюштуруу-башкаруучулук, илимий-методикалык);
- кесиптик ишмердүүлүктүн типтүү милдеттерин;
- кесиптик ишмердүүлүктүн багыттарын;

- кесиптик ишмердүүлүктүн мазмунун;

- 550700 - Педагогика жана башталгыч билим берүүнүн методикасы адистиги боюнча бакалаврдын чечүүчү компетенцияларына карата талаптар төмөнкүдөй түшүнүктөргө ээ болуусу керек:

- дүйнө таанымдын илимий, философиялык жана диний сүрөттөлүшү, адамдын жашоосунун маңызы, дайындалышы жана мааниси; адамзаттын өнүгүүсүнүн заманбап этабында пикир алышуунун психологиясы; рынок экономикасы; ар кандай саясий агымдар жана партиялар; жаш адистердин укуктары жана милдеттери жөнүндө төмөнкүнү билүүсү керек:

- социалдык-гуманитардык илимдер жаатында негизги окууларды, бул илимдердин ыкмаларын; адамдын адамга, коомго, чөйрөгө карата мамилесин жөнгө салуучу этикалык жана укуктук ченемдерди;

- Кыргызстандын аймагында ар түрдүү социалдык түзүмдөрдүн тарыхый жана анын түзүлүшүнүн өзгөчөлүгүн, кыргыз элинин жана Кыргыз Республикасындагы башка элдердин маданиятынын тарыхын;

- коомдук көрүнүштөрдү жана процесстерди окуп-үйрөнүүнүн принциптерин, коомдук түзүлүштөрдүн, мамлекеттик түзүлүштүн экономикалык өнүгүүсүнүн негиздерин, саясий партиялардын жана коомдук уюмдардын ишмердүүлүгүн;

- билим берүүнүн жана жалпы кесиптик илимдердин негизги багыттарын жана өнүгүүсүнүн келечектерин; эмгекти коргоонун жана техникалык коопсуздуктун негизги жоболорун;

- экологиялык проблемалардын;

- окуучулардын курактык физиологиялык өзгөчөлүктөрүн;

- педагогдук илимди изилдөөнүн теориялык жана эмпирикалык ыкмалары боюнча төмөнкүнү жасай билүүсү;

- өзүнүн ишин илимий негизде уюштурууну, маалыматты топтоонун, сактоонун жана иштеп чыгуунун компьютердик ыкмаларына ээ болууну;

- коомдун өнүгүүсүнүн процесстерине окуучулардын илимий көз караштарын калыптандырууга өбөлгө түзүүнү;

- дени сак жашоону үгүттөөнү, баштапкы мектепте окутуунун жана тарбия берүүнүн алдынкы педагогдук тажрыйбасына талдоо жүргүзүүнү, жайылтууну;

- даярдык профили жана аралаш маселелер боюнча атайын адабиятка багыт алууну;

- өзүнүн ишинде кесиптик лексиканы сабаттуу колдонууну;

- окуу материалын тандап алууну жана интеграциялоону; зарыл болгон дидактикалык материалдарды өз алдынча даярдоону, баштапкы мектептин окуу процессинде окутуунун техникалык каражаттарын колдонуусу боюнча:

- окуу-тарбия процессинин долбоорлорун иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу боюнча көндүмдөргө ээ болуу: төмөнкүлөрдө компетенттүү болуусу керек:

- билим берүүнүн сапатын жогорулатууга шарт түзүү менен педагогдук көйгөйлөрдү коюуда жана аларды чечүүдө.

Анализ көрсөткөндөй, “адис төмөнкүлөрдү жасай билүүсү керек” бөлүгүндө үй-бүлө, ата-энелер коомчулугу менен кызматташтык боюнча билимдин тиешелүү көлөмүн аныктоочу кабыл алынган формуляр жок.

Мамлекеттик стандартта биз тараптан изилденип жаткан сапатка карата баштапкы мектептин педагогунун даярдыгынын көлөмүн толук көлөмдө каралбаганын белгилей кетүү керек.

Окуу ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу документтерге 550700 - Педагогика жана башталгыч билим берүүнүн методикасы адистиги боюнча жумушчу окуу планын келтирүү зарыл, анда окуу сабактары, тандоосу жана педагогдук практикалар боюнча компоненттик сабактары боюнча программалар конкреттештирилет. Келечектеги мугалимдин кенже класстардын ата-энелери менен иштөөгө даярдыгын калыптандыруу боюнча ЖОЖдун окуу-тарбия процессинин мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо үчүн бизге документтерге талдоо жүргүзүү зарыл.

Ишти биз окуу ишмердүүлүгү боюнча документтерден баштадык, анткени ал жогорку мектептин студенттери үчүн негизги документ болуп саналат.

“Педагогика жана баштадгыч билим берүүнүн методикасы” адистиги боюнча жумушчу окуу планына талдоо жүргүзүү бизге изилденип жаткан даярдыкты калыптандырууга өбөлгө түзүүчү бир катар сабактарды бөлүп алуу мүмкүнчүлүгүн берет (1-таблица).

***№ 1-таблица. Болочок мугалимдин ата-энелер менен иштөөгө даярдыгын калыптандырууга өбөлгө түзүүчү окуу сабактары.***

| № | Цикл | Сабактар | Курс |
|---|---|---|---|
| 1 | Жалпы билим берүүчү сабактар (ЖБС) | - Кыргызстандын тарыхы<br>- Философия<br>- Социология<br>- Политология | 2<br>1<br>2<br>2 |
| 2 | Базалык сабактар (БС) | - Педагогика<br>- Тарбия берүүнүн теориясы жана методикасы<br>- Психология<br>- Заманбап билим берүү технологиялары<br>- Башталгыч билим берүүнүн дидактикасы | 1<br>4<br>1<br>2<br>3 |
| 3 | Профилдик сабактар (ПС) | - Башталгыч билим берүүнүн педагогикасы<br>- Баланы мектепке даярдоо | 4<br>3<br>3 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | - Кыргыз тилин окутуунун методикасы<br>- Түшүндүрүп окутуунун теориясы жана методикасы<br>- Окуучунун окуу көндүмдөрүн калыптандыруу<br>- Сөз өстүрүүнүн теориясы жана методикасы көркөм окуунун практикуму менен<br>- Тил илимине киришүү каллиграфиянын практикуму менен<br>- Башталгыч билим берүүнүн теориялык негиздери<br>- Башталгыч мектепте инсанга багыттап окутуу<br>- Мультимедиялык технология | 3<br>3<br>4<br>2-3<br>3<br>4<br>2 |
| 4 | **Тандоосу боюнча компоненттин сабактары УШУЛ ПРЕДМЕТТЕРДИ ОКУУ ПЛАНДАН КОШ** | **- Социалдык педагогика**<br>**- Үй-бүлөлүк педагогика**<br>**- Кызматташтык педагогикасы**<br>**- Чыгармачыл өз алдынча өнүктүрүү педагогикасы** | 2<br>2<br>4<br>3 |
| 5 | **Практика**<br>**МУНУ ДАГЫ ОКУУ ПЛАНДАН КРЕДИТИН, АТАЛЫШЫН ТАКТА** | -Адаптациялык–педагогикалык практика<br>- Баланын мектептеги алгачкы күндөрү<br>-Кесиптик базалык практикасы | 2<br>2<br>3 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | -Кесиптик-профилдик практика | 4 |

Башталгыч класстардын болочок мугалимдин ата-энелер менен иш алып барууга даярдыгын калыптандыруу үчүн биз сунуштаган багыт актуалдуу экендигин бул диаграмманын маалыматтары көрсөтүп турат. Болочоктогу мугалимдин кесиптик-педагогикалык билимдерин калыптандырууда “Педагогика” курсу (10 кредит, 300 саат) алдынкы орунда турат. Бул адистик боюнча базалык сабак катары педагогиканын жалпы негиздери студенттердин педагогдук көрүнүштөргө жана процесстерге илимий талдоо жүргүзүүнүн жана божомолдоонун ыкмаларына ээ болууга, инсандыкка өтүүнү камсыз кылууга багытталган психологиялык-педагогдук даярдыгынын жалпы системасынын маанилүү компоненти болуп саналат.

Болочок мугалимдердин кесиптик ишмердүүлүгүнө, өзүнүн ишинин объектисине комплекстүү көз карашын калыптандыруу – бир бүтүн педагогдук процесс, бул курстун максаты болуп саналат. Ушул жерден курстун багыты: болочоктогу мугалимдерде теориялык билимдердин жана аларды окуу-тарбия процессинин шарттарында практикалык аракеттерге которуу боюнча практикалык шыктардын системасын калыптандыруу келип чыгат. Ошондой эле бул окуу сабактарын үйрөнүү педагогиканын теориялык-методологиялык негиздерин, окуучулардын инсандыгын калыптандыруунун бир бүтүн процесси катары окутуунун жана тарбия берүүнүн негизги педагогдук теорияларын өздөштүрүүгө, балдардын жаш курак жана жекече өзгөчөлүктөрү менен Кыргыз Республикасында билим берүү системасынын окутуу жана тарбиялоо заманбап парадигмалары менен таанышууга мүмкүндүк берет.

Курстун негизги милдеттеринин арасында биз изилдеп жаткан проблемалар үчүн төмөнкүлөр өзгөчө мааниге ээ:

- башталгыч мектептин болочоктогу адистерине заманбап педагогдук илимдин илимий-теориялык негиздерине ээ болуусуна жардам көрсөтүү;

- адам таануу системасында, билим берүүнү глобалдаштырууда педагогиканын ордун ачып берүү;

- баштапкы мектепте педагогдук процессти уюштурууда 12 жылдык билим берүүгө өтүү шартында башталгыч класстардын мугалиминин ролун көрсөтүү.

Бул сабакты окуу процессинде педагогикалык факультеттин студенттери төмөнкүлөргө ээ болуусу керек:

- педагогиканын жалпы негиздери боюнча фундаменталдык билимдерге;
- педагогика боюнча алынган билимди практикада өз алдынча колдоно билүү шыгына;
- баштапкы мектепте педагогдук процессти долбоорлоо жана ишке ашыруу шыгына;
- заманбап этапта кенже класстын окуучуларын тарбиялоо жана окутуунун максаттарын жана милдеттерин аныктай билүү.

Курстун мазмуну демократиялык жана гуманисттик багытта курулган, анда кенже класстын окуучуларынын инсандыгы баштапкы мектептеги педагогдук процесстин объекти жана субъекти катары каралат. Өзгөчө көңүл, биринчи – теориялык-методологиялык бөлүккө бурулат. Анткени, болочоктогу мугалимдердин өзүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнө, өзүнүн ишинин объектисине комплекстүү көз карашын калыптандыруу – бир бүтүн педагогдук процесс, бул курстун максаты болуп саналат. Ошондуктан, мындан бир бүтүн педагогдук процесстин маңызын карап чыгуучу жаңы, система түзүүчү, мазмундуу блокту бөлүп көрсөтүү зарылдыгы келип чыгат.

Башталгыч класстардын болочок мугалимдин ата-энелер менен иш алып барууга даярдыгын калыптандырууда белгилүү бир мүмкүнчүлүктөрдү “Инновациялык процесс катары баштапкы мектепти өнүктүрүү” экинчи бөлүктүн темасында көрүүгө болот. Анда мектеп менен үй-бүлөнүн

кызматташтык көйгөйүнө чоң көңүл буруууга болот, анткени талаптардын бирдиктүү болушу менен кенже класстын окуучусунун ийгилигине жетишүүгө болот.

Биздин терең ишенимибизде, "Башталгыч класстардын заманбап мугалими" темасы өтө маанилүү болуп саналат. Биз тараптан калыптандырылып жаткан даярдыктын (башталгыч класс окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу) контекстинде мугалимдин инсандыгынын негиздерин калыптандыруу маанилүү роль ойнойт. Заманбап этапта мугалимдин функциясы, ага коюлган талаптар. Мугалимдин чеберчилиги. Мугалимдин ата-энелер менен өз ара аракеттенишүүсү. Бул теманы окуп үйрөнүү мектеп менен үй-бүлөнүн кызматташтык көйгөйлөрүн, мугалим-окуучу – ата-эненин өз ара аракеттенишүүсүнүн формаларын тереңден карап чыгууга өбөлгө түзөт.

Курстун бул бөлүгү үй-бүлөлүк тарбия берүүнүн заманбап теориясы, мектеп менен үй-бүлөнүн кызматташтыгы бөлүгүндө окуу материалынын кошумчаланышына муктаж, анткени бул Кыргыз Республикасында 12 жылдык билим берүүгө өтүү үчүн зарыл.

"Педагогиканын" курсун окуунун натыйжасында студенттерде төмөнкүдөй бир бүтүн педагогдук процессти жана педагогдук шыкты системалуу көрө билүү калыптануусу керек:

- педагогдук процесстин мыйзам ченемдүүлүктөрүнө, принциптерине, тарбия берүү механизмдерине ылайык окуу-тарбия берүү ишин жүргүзүү;
- негизги мүнөздөмөлөр боюнча класста педагогдук процессти долбоорлоо жана аныктоо, анын андан ары өнүгүүсүн божомолдоо;
- окуучулар жана ата-энелер менен мамилелерди түзүү;
- мектептин жана үй-бүлөнүн педагогдук процесстерин өркүндөтүү жолдорун аныктоо.

Ошентип, "Педагогика" курсун окуу "мугалим-окуучу– ата-эне" педагогдук системасынын иштөөсүнүн өзгөчөлүктөрү тууралуу студенттердин

билимин кеңейтүүгө, мектеп менен үй-бүлөнүн өз ара аракеттенишүүсүндө мугалимдин ролун ачып берүүгө мүмкүндүк берет.

Бул бөлүмдүн мазмунунда башталгыч класстардын болочоктогу мугалимдеринин ата-энелер менен иш алып барууга даярдыгын калыптандыруу үчүн белгилүү бир мүмкүнчүлүктөр бар, анткени, “Үй-бүлө”, “үй-бүлөлүк тарбия берүү”, “ата-эне” түшүнүктөрү пайда болот. “Батыш Европа өлкөлөрүндөгү мектеп жана педагогика” темасында Я.А. Коменскийдин, Ж.Локктун, Ж.Ж.Руссонун педагогдук теорияларына, алардын үй-бүлөлүк тарбия берүүнү өнүктүрүүгө кошкон салымына токтолобуз. Я.А. Коменскийдин “Энелик мектеп” эмгеги баланы тарбиялоодо ата-эненин ролун тереңирээк көрүүгө мүмкүндүк берет. Бул теманын мазмуну изилденип жаткан даярдыкты калыптандыруу үчүн өзгөчө мааниге ээ.

“Психология” предмети, “Мээ жана психика”, “Заманбап психологиянын түзүмү, милдеттери жана ыкмалары” темаларын окуп үйрөнүү бул максатты чечүүдө белгилүү бир жардам көрсөтө алат, анда илимдердин системасында заманбап психологиянын орду, мааниси жана милдеттери ачып берилет, психологиялык илимдин философиялык-методологиялык принциптери конкреттештирилет. Психология менен педагогиканын катышына талдоо жүргүзүлөт, бул болсо биз тараптан изилденип жаткан даярдыктын контекстинде өтө маанилүү, анткени, болочоктогу мугалим предметтер аралык байланыштар деңгээлинде көрүнүштөрдүн, предметтердин жана процесстердин диалектикалык байланышын орнотууну билүүсү керек. Студенттер педагог үчүн жеткиликтүү болгон, маалыматты топтоонун жана ага талдоо жүргүзүүнүн байкоо, анкета, интервью, тестирлөө, лабораториялык жана табигый эксперимент жана башка ыкмалар сыяктуу окуучуларды жакшылап изилдөөнүн башка методдор менен таанышат, ошондой эле аларды уюштуруу жана өткөрүү талаптарына көңүл бурууга басым жасалат. Бул теманын мазмуну студенттерге окуучуларды иликтеп билүүнүн ыкмаларына ээ болууга, ошондой эле окуучулардын жаш курактык жана психологиялык

өзгөчөлүктөрүн иликтөөнүн зарылдыгын аңдап-билүүгө жана аларды педагогдук процессте туура колдонууга жардам берет.

Ишмердүүлүктүн түшүнүгү, болочоктогу мугалимдерди окуучулар жана алардын ата-энелери менен өз ара аракеттенишүүгө даярдыгын калыптандырууда өтө маанилүү болгон активдүүлүк, предметтүүлүк, максаттуулук, адамдардын ишинин коомдук жана биргелешкен мүнөзү сыяктуу анын негизги маңыздуу мүнөздөмөлөрү экинчи “Ишмердүүлүктөгү жана пикир алышуудагы инсандык” бөлүмүнүн “Ишмердүүлүк” темасында ачылып берилет. Аңдап-билүүнүн жана ишмердүүлүктүн биримдиги адамдын муктаждык-мотивациялык чөйрөсүн өнүктүрүү аркылуу конкреттештириле турганы мүнөздүү көрүнүш. Биздин көз караште, интериоризациялоо---- процессине талдоо жүргүзүү (тышкы жана практикалык ишмердүүлүктөн ички психикалык ишмердүүлүктүн келип чыгышы) жана психикалык процесстерди көзөмөлдөө үчүн тышкы кыймылдар жана сүйлөө реакциялары формасында интериоризациялоонун ролу өтө маанилүү болуп саналат. Бул теманын теориялык билимдерин өздөштүрүү адеп-ахлактык-эстетикалык өз ара аракеттенишүүнү түшүнүү үчүн пайдубал болот, анткени бул процесс бүтүндөй алганда тарбия берүүгө жана өзүнчө алганда мугалимдин инсандыгынын адеп-ахлактык-эстетикалык сапаттарын калыптандырууга ишмердүүлүк мамиленин натыйжасы болуп саналат.

“Топтордун жана жамааттардын психологиясы” темасынын мазмуну “топтун өнүгүү деңгээли”, “топтордогу жана жамааттардагы дифференция”, “топтордогу жана жамааттардагы интеграция”, “жамааттык идентификация”, “баалуулук-багыттык биримдик катары топтун биримдиги” сыяктуу түшүнүктөрдү конкреттештирүү аркылуу ишмердүүлүк процессинде инсандар аралык мамилелердин механизмдерин түшүнүүгө мүмкүндүк берет. “Инсандын психологиясы” (же баланын психологиясы) темасында “инсан”, “индивид”, “инсандар аралык мамилелердин субъекти” категориялары жөнүндө билимдер камтылат, инсанды өнүктүрүүнүн кыймылдаткыч күчтөрү каралат, педагогдун окуучуну үйрөнүүсүнө, түшүнүүсүнө, калыптандыруусуна

жана тарбиялоосуна инсандык мамилесинин маңызы ачып берилет, “инсандын багыты”, жүрүш-туруштун мотивдери жана жүйөөлөшүүсү”, “инсандын кызыкчылыктары, ынанымдары жана дүйнө таанымы”, “инсандын багыты” түшүнүктөрү жана аларды калыптандыруунун өзгөчөлүктөрү конкреттештирилет. Ата-энелер менен иш алып барууга даярдыктын калыптанышынын көрсөткүчүнүн бири педагогдук процесстин субъекттеринин өнүккөн мотивациялык чөйрөсү эсептелет, ошондуктан, бул теманы окуп-үйрөнүү зарыл жана биз тараптан иликтенип жаткан даярдыктын контекстинде баалуу деп эсептейбиз.

Даярдыкты калыптандырууда төртүнчү “Инсандын эмоциялык-эрктик чөйрөсү”, “Сезимдер. Сезимдер жөнүндө түшүнүк” жана “Эрк” бөлүмүнүн темалары белгилүү бир мүмкүнчүлүктөргө ээ болушат. “Сезимдер” темасынын окуу материалдарынын мазмунунда адамдын практикалык жана таанып-билүү ишмердүүлүгүндө сезимдин жана муктаждыктын ролу, анын эмоциясы жана эмоциялык абалы, алардын тышкы чагылдыруусу жөнүндө билимдер камтылат жана өтө маанилүүсү, жогорку социалдык: интеллектуалдык, адеп-ахлактык жана эстетикалык сезимдерге жана мектеп окуучуларында аларды калыптандырууга көңүл бурулат. “Эрк” темасында негизги “эрк”, “эрктик акт” түшүнүктөрү жана анын түзүмү, “эрк сапаттары” жана алардын калыптанышы, эрктик ишмердүүлүк” жана инсандын мотивациялык чөйрөсү, “эрктик күч алуу” жана көзөмөлдү локалдаштыруу маселелери ачып берилет.

“Инсандын жекече-психологиялык өзгөчөлүктөрү” программасынын бөлүгүндө “Адамдын мүнөзү” жана “Жөндөмдүүлүктөр” темалары биздин көңүлүбүздү бурду, анткени аларда “мүнөз” жана мүнөздүн түзүмү, “темперамент” жана мүнөздүн табигый шилтемелери, “кылык-жорук” жана мүнөздү калыптандырууда анын ролу, “жөндөмдөр”, алардын типтери жана түзүмү, “талант” жана анын келип чыгышы, шык жана жөндөм түшүнүктөрүнүн катышы, жөндөмдөрдү изилдөөнүн көйгөйлөрү, жөндөмдүн окутуудан көз карандылыгы, ошондой эле бул категориялардын өз ара байланышы жана өз ара шартталышы ачып берилет. Педагогдук процессте

алардын көрүнүшүнүн мүнөзүн жана өзгөчөлүгүн калыптандыруу үчүн бул темалардын мазмунунун баалуулугун белгилөө менен болочоктогу мугалимдин психологиялык-педагогдук жөндөмдөрүн калыптандыруунун көйгөйлөрүнө тиешелүү окуу материалынын жоктугу тууралуу айтып кетүү керек, алар ата-энелер менен өз ара аракеттенишүүнү уюштурууда өтө маанилүү.

“Жаш курактык жана педагогдук психологиянын жалпы маселелери” бөлүмүндө жаш курактык жана педагогдук заманбап психологиянын теориялык жана практикалык милдеттери, өсүп келе жаткан муунду тарбиялоонун теориясы жана практикасы үчүн алардын мааниси, ата-мекендик жана чет өлкөлүк билим берүү системаларынын интеграциясы шарттарында жалпы жана кесиптик билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, ошондой эле жаш курактык жана педагогдук заманбап психологияны өнүктүрүүнүн негизги багыттары каралат. “Жаш курактык жана педагогдук психологиянын предмети, милдети жана ыкмалары” темасында жаш курактык психологиянын “предмети”, “милдети” түшүнүктөрү ачып берилет. Жаш курактык жана педагогдук психологиянын келип чыгуусунун жана өнүгүүсүнүн кыскача тарыхый очерки (П.П.Блонский, Л.С.Выготский, С.Л.Рубинштейн, Н.А.Леонтьев, Д.Б.Эльконин ж.б.) студенттерге бул илимдин диалектикалык өнүгүүсүнө жана калыптануусуна байкоо жүргүзүүгө мүмкүндүк берет. Башталгыч класстардын болочок мугалимдери үчүн жаш курактык жана педагогдук психологиянын биримдигин тактоо жана жаш курактык жана педагогдук психологиянын борбордук көйгөйү – психикалык өнүгүүнүн шарттарына жана кыймылдаткыч күчтөрүнө көңүл буруу маанилүү болуп саналат. Бул теманын мазмунунда баланын жаш курактык өзгөчөлүктөрү, педагог-тарбиячы үчүн билимдерди өздөштүрүүнүн жана инсанды калыптандыруунун мыйзам ченемдери жөнүндө билимдердин мааниси баса көрсөтүлөт, жаш курактык (мектепке чейинки баланын психологиясы, кенже класстын окуучусунун психологиясы) жана педагогдук психологиянын (тарбия берүүнүн жана өзүн тарбиялоонун психологиясы, окутуу психологиясы, жалпы

жана кесиптик окутуунун психологиясы, педагогдук иштин жана мугалимдин инсандыгынын психологиясы) негизги бөлүмдөрүндө жаш курактык психологиянын физиология, жалпы психология, педагогика жана жеке ыкмалар менен байланышы жазылган, ошону менен, бул илимдерди окутууда предметтер аралык байланыштарды ишке ашыруу зарылчылыгы баса көрсөтүлөт. Жаш курактык жана педагогдук психологиянын ыкмалары дагы: байкоо жүргүзүү, эксперимент жана алардын түрлөрү, тесттер, анкета жүргүзүү жана аларды илимий колдонуунун шарттары, балдар жамаатын окуп-үйрөнүүдөгү социометрикалык методика жана жаш курактык, педагогдук психологиянын анык маалыматтарын иштеп чыгуунун ыкмалары, ошондой эле өсүп жаткан адамдын психикалык өнүгүүсүнө жана жүрүш-турумуна диагностика жүргүзүү көңүл сыртында калбайт. Бул теманын мазмунунда көрүнүп тургандай, алар иликтенип жаткан даярдыкты калыптандыруу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ экендиги талашсыз, анткени, бул теманы окуп-үйрөнүүдөгү алынган билимдер болочоктогу мугалимдин өзүнүн инсандыгын өнүктүрүү үчүн пайдубал болуп берет, ал эми билимдерди практикада колдонуу анын изилдөөчүлүк шыгын байытат.

Ошентип, “Психология” курсун окуп- үйрөнүү теориялык билимдердин тереңдешине жана болочоктогу мугалимдерди ата-энелер менен иш алып барууга даярдоо процессинде практикалык шыктарын өнүктүрүүгө жардам берет. Бул курсту окуу процессинде алынган билимдер жана шыктар, эгерде психологиялык билимдер ага жакын сабактарды окутууда предметтер аралык байланыштарды эске алуу менен өздөштүрүлсө жана мугалимдин ишмердүүлүгүнүн объектисине – педагогдук процесске багытталса, андан ары окутуунун жүрүшүндө жана педагогдук практикада студенттер тарабынан аларды натыйжалуу колдонууга өбөлгө түзөт.

Ошондуктан болочок мугалимдердин психологиялык-педагогдук билим берүү системасында билимдерин интеграциялоо жана универсалдаштыруу максатында, ушул окуу сабактарынын ортосундагы өз ара байланышка көңүл буруу зарыл. Бул болсо, кайсы бир деңгээлде студенттер тарабынан негизги

илимий түшүнүктөрдү, психологиялык мыйзам ченемдерди, жаш курактык жана педагогдук психологиянын ар бир темасы боюнча кесиптик маанилүү теориялык жана колдонмо материалдарды толук кандуу өздөштүрүлүшүнө шарт түзөт, ошондой эле педагогдук процессте окуучуларга алардын байкоо жүргүзүүсүнө, өзүнүн жеке педагогдук ишмердүүлүгүнө талдоо жүргүзүүсүнө, заманбап шарттарда окутуу жана тарбия берүү процессин оптималдаштыруунун натыйжалуу жолдорун жана ыкмаларын аныктоого алардын шыгына дем берет.

Башталгыч класстардын болочок мугалимдин ата-энелер менен иш алып барууга даярдыгын калыптандыруу, үй-бүлөлөр менен өз ара аракеттенишүүсү үчүн “Кесиптик этика” бөлүмүнөн “Кесиптик этиканын салттуу түрлөрү” темасы чоң мүмкүнчүлүктөргө ээ, анда тарбиялануучунун инсандыгына урмат көрсөтүүнүн жана ага талап коюунун биримдиги принцибин сактоону божомолдогон педагогдук этиканын гуманисттик аспекти өзгөчө баса көрсөтүлөт. Элдик педагогиканын принциптерин чагылдыруу жана коомдун адеп-ахлактык турмушуна интеллигенциянын ролуна басым жасоо дагы болочоктогу мугалимдин тандап алган кесибинин социалдык маанилүүлүгүн, коомчулуктун мугалимге моралдык ишенимин бекемдейт.

Үй-бүлөлүк тарбия берүү проблемаларын жана студенттерди ата-энелер менен иш алып барууга даярдоону окуп-үйрөнүүгө педагогдук сабактар системасында болжолу 10-12 саат берилет. Ар кандай педагогдук курстарда окулуучу материалдардын мазмуну бири-бирин кайталайт, жалпы кемчиликке ээ – абстракттуулук, үй-бүлөлүк тарбия берүүнүн реалдуу көйгөйлөрүнөн ажыратылган. Ошондуктан сааттардын мындай көлөмүндө толук кандуу даярдыкты камсыз кылууга практика жүзүндө мүмкүн эмес. Эгерде мугалим төмөнкүлөргө ээ болсо, ал ата-энелерге ийгиликтүү таасир тийгизет, кызматташат, үй-бүлөлүк тарбия берүүгө максаттуу таасир тийгизе ала турганын эске алуу керек:

- ал өзүнүн классынын окуучуларын гана эмес, алардын ата-энелерин, үй-бүлөлүк ички мамилелерин, үй-бүлөлүк каадаларын, салттарын, адептик багыттарын жакшы билет;

- ал үй шарттары менен, окуучунун турмушу, ошондой эле үй-бүлөлүк тарбия берүүнүн ыкмалары жана методдору менен тааныш;

- өз ара толук түшүнүшүүдө ишеним көрсөтүү мамилелерин түзө билет;

- иштин жамааттык, топтук жана жекече иштөө формаларын билгичтик менен айкалыштыруу.

Ушуга байланыштуу студенттерди окуучулардын ата-энелери менен иш алып барууга даярдоо педагогика, психология, педагогиканын тарыхы, тарбиялоонун теориясы жана методикасы, башталгыч билим берүүнүн педагогикасы боюнча окуу сабактарында, ошондой эле педагогикалык практикада ишке ашырылууга тийиш.

Окутууда жана тарбия берүүдө үй-бүлөнүн ролу педагогика боюнча көпчүлүк лекцияларда чагылдырылууга тийиш. Үй-бүлөлүк тарбия берүү маселелери практикалык сабактарда, студенттин өз алдынча иштеринде чагылдырылышы керек, аларда студенттер үй-бүлө турмушундагы тигил же бул учурларды талдашат, ата-энелер менен иш алып барууда келип чыгышы мүмкүн болгон кыйынчылыктар менен үй-бүлөлүк тарбия берүүнүн салттары жана каадалары менен тааныша алат.

Студенттерди ата-энелер менен иш алып барууга даярдоодогу негизги кемчиликтер:

- үй-бүлөнүн педагогдук процесси жөнүндө толук эмес билим;

- бул көйгөй боюнча максаттуу иштин жоктугу (балким, атайын курстар, атайын семинарлар түрүндө);

- ата-энелер менен иш алып барууда практикалык шыктардын жоктугу;

- ата-энелердин өзгөчөлүктөрү тууралуу билимдин жоктугу;

- ата-энелердин психологиялык-педагогдук өзгөчөлүктөрү жөнүндө билимдердин жоктугу.

Болочок мугалимдер төмөнкүлөрдө көбүрөөк кыйынчылык тартышат:

- байланыштарды түзүүдө;

- ата-энелер менен максаттуу жана системалуу иш алып барууну уюштурууда.

Педагогикалык ЖОЖдун алдында – студенттерди, болочоктогу мугалимдерди ата-энелер менен тарбия берүү ишин алып баруу маселелери боюнча билимдердин зарыл болгон көлөмү менен куралдандыруу, аларда окуучулардын ата-энелери менен иш алып баруу үчүн керектүү кесиптик-педагогдук шыктарды жана көндүмдөрдү иштеп чыгуу, үй-бүлө менен жекече тарбия ишин ишке ашырууга ички даярдыгын калыптандыруу ж.б. милдеттер турат.

Ошентип, жогорку окуу жайында болочоктогу мугалимдерди ата-энелер менен иш алып барууга даярдоону калыптандыруу, мектеп менен үй-бүлөнүн өз ара аракеттенишүүсү менен байланышкан, атайын ойлонулган иштин зарылдыгы тууралуу маселе объективдүү түрдө келип чыгууда. Изилденип жаткан даярдыкты калыптандыруу үчүн бардык окуу-тарбия берүү процессин мугалимдин ишмердүүлүгүнүн объектине багыттоо зарыл. Төмөнкү шарттарды сактоодо ага жетишүү мүмкүн:

- биринчи курстан баштап, студенттер менен максаттуу, системалуу иш жүргүзүү;

- педагогикалык сабактарды окутуунун мектеп менен үй-бүлөнүн өз ара аракеттенишүүсүнө, тактап айтканда, ата-энелер менен иш алып барууну уюштурууга кесиптик багыттуулук;

- окуу сабактарын окутууда жана окуп-үйрөнүүдө предметтер аралык байланыштарды ишке ашыруу.

Мындай педагогикалык жана психологиялык шарттарды сактоо теориялык билимдерди калыптандырууга, башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин инсандык сапаттарын, профессионалдык-педагогикалык маданиятын калыптандырууга, өнүктүрүүгө, кесиптик оң мотивацияларды бекемдөөгө өбөлгө түзөт деп ойлойбуз.

### 3.3. Башталгыч класстын мугалиминин окуучунун жазуу маданиятын калыптандырунун педагогикалык-психологиялык аспектилери

Учурдагы дүркүрөп өсүп-өнүгүүдөгү илимий техникалык прогресс, коом турмушунун бардык сфераларындагы динамикалык, социалдык өзгөрүүлөр келечектеги башталгыч класс мугалиминин билим деңгээлин тынбай жогорулатып турушун талап кылат. Алардын профессионалдык педагогикалык маданиятынын калыптанышынын илимий жана практикалык жактан прогрессивдүү изденүүлөрдү, толеранттуулукту, тажабастыкты, принципиалдуулукту, педагогикалык ийкемдүүлүктүн айкалышын, тартипти, тактыкты да талап кылаары бышык. Ошондой эле мугалимге эн эле зарыл болгон өзгөчө психологиялык сапат: балдарды сүйүү жана аларга карата аяр мамиле, намыскөйлүк, рухтун бийиктиги зарыл.

Демек, башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин окуучунун жазуу маданиятын калыптандыруунун жана адис катары өзүнүн профессионалдык педагогикалык маданиятынын калыптанышы педагогикадагы улам жаңы ачылыштарга муктаж болуусу учурдун талаптарына ылайык жогорку натыйжалуу формалар менен методдорго терең байланыштуу. Диссертациянын бул параграфында жогорку окуу жайдын педагогикалык факультеттеринде билим алып жаткан башталгыч класстардын болочок педагогдорунун кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу үчүн педагогикалык компоненттерди жана алардын критерийлеринин теориялык негиздери тууралуу сөз кылабыз. Демек, мында сөз болочок мугалимдин профессионалдык педагогикалык маданиятын калыптандыруу процессинде колдонула турган окутуунун натыйжалуу методдору менен формалары тууралуу сөз болот.

Башталгыч класстардын болочок педагогу ЖОЖдо окуп билим алган теориялык билимдерин мектептин окутуу-тарбиялоо процессинде, башкача айтканда, практика жүзүндө колдоно билүү билгичтигин, көндүмүн, демек, профессионалдык компетенттүүлүгүн сынашат. С.И.Ожеговдун сөздүгүндө

«компетенттүүлүк» түшүнүгү «кайсы бир тармак боюнча билимдүү, маалыматы бар, абройлуу» адам катары аныкталган. «Кесиптик компетенттүүлүк» түшүнүгүнүн маани-маңызын аныктоо маселеси психологдордун, педагогдордун, практик адистердин ж. б. кызыкдар адистердин ортосундагы талаш-тартыштар менен ар кыл пикирлердин объектиси болуп келген. Биздин оюбузча, кесиптик компетенттүүлүк – бул мугалимдин эмгекти жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон билимдер менен билгичтиктерди жана алардын ченемдик белгилерин билгендиги; аларды аткарууга мүмкүндүк берүүчү психологиялык оң сапаттарга ээ болуу, эталондорго жана ченемдерге (нормаларга) ылайык анык кесиптик ишмердик. Профессионалдык компетенттүүлүктүн структуралык түзүмүндөгү ар бир компоненти (*гностикалык, процессуалдык, коммуникативдик, инсандык, чыгармачыл жана рефлексивдүү)* беш көрсөткүч боюнча эки критерий менен сунушталган.

1. Гностикалык компонент төмөнкү критерийлер менен өлчөнөт: “адис” жана “интеллектуал” түшүнүктөрү кароого сунушталат. “Адис” критерийинин көрсөткүчү болуп төмөнкүлөр:

• жалпылык педагогикалык процессинин принциптеринин мыйзам ченемдүүлүктөрү, маңызы;

• өтүлүп жаткан предметти, билим берүүнүнүн маңызын билүү;

• окуучулардын курактык, жеке-психологиялык өзгөчүлүктөрүн жана алардын жалпылык педагогикалык процессте катышуусун билүү;

• окутуунун жана тарбиялоонун заманбап концепцияларын жана технологияларын билүү;

• окутуу процессинде билимдердин, билгичтиктердин психологиялык механизимин өздөштүрүүнү билүү;

• окутуу мотивациясын калыптандыруунун механизмин билүү;

• нормативдик-укуктук документтерди, (мыйзамдарды, концепцияларды, программаларды ж.б.) КРнын тарбиялоо жана билим берүү жаатында билүү.

“Интеллектуал” критерийи төмөнкү көрсөткүчтөр менен сунушталган:

• мазмундук хобби жана жалпы өзгөчө жетишкендиктин болушу;

• өтүлүп жаткан предмет жаатында жаңы ачылыштарга жана жетишкендиктерге ээ болуу;

• педагогдун инсандык байлыгынын көрсөткүчү катары рухий маданиятты камтуусу;

• таанып-билүү жөндөмдүүлүктөрүнүн калыптандырылгандыгы;

• өзүн-өзү тарбиялоо жана өзүн-өзү окутуу жөндөмүнө ээ болуу.

2. Процессуалдык компонент "уюштуруучу" жана "методист" критерийлери менен сунушталган. "Уюштуруучу" критерийинин көрсөткүчү болуп:

• өз алдынча жана бирдиктүү перспективдүү пландарды түзүүнү билүү;

• окуучуларды тарбиялоодо жекече катышты ишке ашырууну билүү;

• окуучулардын инсандык өзгөчүлүктөрүн аныктоону, багыттуулугун орнотууну билүү;

• кесиптештер, ата-энелер жана окуучулар менен аныктоо жумуштарын уюштурууну билүү;

• окуучулардын өтүлүп жаткан предметке карата туруктуу кызыкчылыгын ойготуу жана өнүктүрүүнү билүү саналат. "Методист" критерийи боюнча көрсөткүч болуп:

• сабакта көрсөтмө куралдарды жана окутуунун технологиялык каражаттарын колдонууну билүү;

• сабактарда түрдүү билим берүү технологияларын жана элементтерин колдонууну билүү;

• окутуунун жана тарбиялоонун түрдүү методдоруна ээ болуу жана аларды окутуу процессинде колдонууну билүү;

• окуучуларга педагогикалык процесстин өз мотивдерине, талабына, максатына ээ активдүү катышуучусу катары кабыл алууну билүү;

• окуу предметинин ачкычтуу идеяларын бөлүп көрсөтүүнү билүү, аларды илим, анын өнүгүү деңгээлинин жаатына төп келген терминдердин, түшүнүктөрдүн негизинде аныктоону билүү.

3. Коммуникативдик компонент “коммуникатор” жана “дипломат” критерийлери менен көрсөтүлөт. “Коммуникатор” критерийлери өзүнө төмөнкү көрсөткүчтөрдү камтыйт:

• окуучулар менен педагогикалык жактан максаттуу болгон мамилени түзүүнү билүү;

• окуучулар, кесиптештер, ата-энелер жана жетекчилик менен сапаттуу мамилени түзүүнү билүү;

• окутуучулук жааматта конфликттердин алдын-алуу жана чечүүнү билүү;

• педагогикалык техниканын элементтерине ээ болуу;

• кесиптик-кептик маданиятка ээ болуу.

“Дипломат” критерийи өзүнө төмөнкү көрсөткүчтөрдү камтыйт:

• абалдын өзгөрүү чегине жараша ийкемдүү кайра түзүү жана пикир алышууда түрдүү позицияны ээлөө жөндөмдүүлүгү;

• тартиптүүлүк жана баалоо боюнча уюштуруучу таасирлерди колдонууну билүү;

• ата-энелер, кесиптештер менен конструктивдик шериктештикти орнотууну билүү;

• коммуникативдик жөндөмдүүлүктөрдүн өнүгүү деңгээлинин болуусу;

• либералдык жана авторитардык пикир алышуудан айырмаланып, демократиялык стилдин калыптануусу;

4. Инсандык компонент “субъект” жана “объект” критерийлери менен аныкталат. “Субъект” критерийи өзүнө төмөнкү көрсөткүчтөрдү камтыйт:

• педагогикалык инсанга багытталгандыктын калыптануусунун болушу;

• кесиптик мааниге ээ сапаттардын калыптандырылуусу (гумандуулук, толеранттуулук, эмпатия, педагогикалык этика, педагогикалык жүрүм-турум ж.б.);

• педагогикалык жөндөмдүүлүктөрдүн өнүгүү деңгээлинин болушу жана аларды ачыкка чыгарууну билүү;

• окуу процессинде ыңгайлуу микроклиматты түзүүгө ар бир окуучунун жөндөмдүүлүктөрүн реализациялоону орнотуу;

• өз стилинин өзгөчүлүктөрүн аныктоону жана табигый оң сапаттарды аныктоону билүү.

“Объект” критерийи төмөнкү көрсөткүчтөрү менен берилген:

• атуулдук позицияны ээлөөнү билүү, өз кесибинин кыйынчылыктарын жеңе билүү;

• кесиптик “Мен-концепция” позициясынын калыптандырылгандыгы;

• жекече мүнөзгө, стилге умтулуу, өз алдынча жашоо укугун түшүнүү;

• өзүн-өзү калыптандыруу, ишке ашыруу жөндөмдүүлүгү; – өзүнүн инсандыгынын жана ишмердүүлүгүнүн оң жана терс жактарын билүү.

5. Чыгармачыл компонент “инноватор” жана “жаратуучу” критерийлери менен берилген. “Инноватор” критерийинин көрсөткүчтөрү болуп:

• окутуу методикасынын жана технологиясынын жаңы элементтерин иштеп чыгуу, өз алдынча топтоштурууну билүү;

• ойлонуунун креативдүүлүгү жана чыгармачыл жөндөмдүүлүктү өнүктүрүү;

• кесиптик маселелерди стандарттык эмес түрдө чечүүнү билүү;

• активдүү окутуунун методдорун жана формаларын, прогрессивдүү идеяларын өз ишинде колдонууну билүү;

• окуучулардын психикалык өнүгүүсүнүн жаңы деңгээлдери үчүн окутуунун жана тарбиялоонун ыкмаларын колдонууну билүү. “Жаратуучу” критерийинин көрсөткүчтөрүнө:

• билим берүүчүлүк маселелерди чечүүнүн стандарттык эмес катыштарын жаратууну билүү;

• өнүктүрүүчүлүк жана тарбиялоочу маселелерди чечүүнүн стандартык эмес катыштарын ишке ашырууну билүү;

• ыкмаларды топтоштуруу, педагогикалык ситуацияларды салыштыруу жана жалпылаштырууну, чыгармачыл изденүүнү ишке ашырууну билүү;

• бир жолу тандалып алынган позицияны проблемага айландырбоону билүү;

6. Рефлексивдүү компонент “аналитик” жана “текшерүүчү” критерийлери менен берилген. “Аналитик” критерийи төмөнкү көрсөткүчтөр менен:

• өз ишмердүүлүгүнүн жетишсиздиги жана инсандуулугун, жетишкендиктерин билүү, өзүн-өзү баалоонун калыптандырылгандыгы;

• өз жөндөмдүүлүктөрүн, өз ишмердүүлүгүнүн деңгээлин сезүүнү билүү;

• өз ишинин, өзүнүн кемчиликтеринин себептерин көрүүнү билүү;

• окутуучулардын тарбиясынын, билим алуусунун, эмгегинин жыйынтыгынын ортосундагы карым-катышты билүү жөндөмдүүлүгү, мектеп окуучусунун өзгөчөлүктөрүн, жетишкендиктерин айырмалоо, окуучулардын окуудагы кемчиликтери, жетишпегендигинин келип чыгуу булактарын көрө билүү;

• окуучулардын жеке өнүгүү маселесин эске алуу менен эмгек пландарын түзүүнү билүү;

• өзүн-өзү таануу жөндөмдүүлүгү (өзүнө-өзү байкоо жүргүзүү, өзүн-өзү анализдөө, өзүнө-өзү стимул берүү ж.б.).

“Текшерүүчү” критерийи өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

• башка мугалимдердин, ата-энелердин, окуучулардын эмоционалдык абалын аныктоону билүү;

• өзүнүн эмоционалдык абалын башкарууну, ага конструктивдүү, деструктивдүү эмес мүнөз берүүнү билүү;

• окутуучулук жана үйрөтүүчүлүктүн реалдуу абалын баалоону, ага жеке жана дифференциалдык катышты жасоону билүү;

• ар бир окутуунун алдыга умтулуу, жекече өнүгүү перспективасын белгилөөнү билүү;

• өз ишмердүүлүгүн алдын-алуу, өз тажрыйбасын сүрөттөө, жалпылоону, анализөөнү билүү;

Өзүн-өзү баалоо ар бир өзүнчө этаптын эффективдүүлүгүн реализациялоону гана ишке ашырбастан, ошондой эле болочок педагогдордун

окуу ишмердүүлүгүн жөнгө салуу процессинин жалпы туруктуулугун өзгөчө педагогикалык практика өтүүдө аныктайт. Өзүн-өзү баалоонун бийиктиги келечектеги кесиптик пландардын кеңдигине жана максатынын деңгээлине таасир тийгизет, өзүн-өзү баалоонун туруктуулугу ишмердүүлүктүн максатынын коюлушунун жыйынтыгына жана алардын тууралыгынын субъективдүү ишенимдүүлүгүнө таасирин тийгизет. Жогорулатылган өзүн-өзү баалоо максаттардын реалдуу мүмкүнчүлүктөн өйдө коюлгандыгын шарттайт, объективдүү кемчиликтердин күчтүү эмоционалдуу кайгыруу жана ийгиликтүү иш-аракеттердин педагогикалык ишмердүүлүктө субъективдүү түрдө жокко чыгарылышын, максатка жетүү үчүн күч-аракеттердин азайышын, ийгиликке жетүү мүмкүнчүлүктөрдүн төмөндөшүн, зарыл маалыматтын жокко чыгарылышын пайда кылат. Педагогдун дароо жогорулатылган өзүн-өзү баалоосу анын кесиптик мотивациясын белгилүү бир педагогикалык ишмердүүлүккө ээ болуу этабында төмөндөтүшү мүмкүн, бул болсо эмгектеги өсүштүн төмөндөшүнө алып келет. Төмөндөтүлгөн өзүн-өзү баалоо пассивдүүлүккө, жоопкерчиликтен коркууга, жеңил маселелерди чечүүгө ыктоого, ийгиликсиз иш-аракеттерди жасоого түртөт. Адатта, мындай өзүн-өзү баалоонун жыйынтыгы болуп адамдын кесиптик ишмердүүлүгүндө мүмкүнчүлүктөрдү толук эмес реализациялоосу, а түгүл, андан баш тартышы саналат. Максималдуу туруктуу өзүн-өзү баалоо жүрүш-турушунун негативдүүлүгүнүн себеби болот, ошондуктан ийгиликсиз өзүн-өзү баалоо ишмердүүлүктүн шарттарынын оперативдүү өзгөрүшүнө алып келет, бул болсо анын жыйынтыгына таасир тийгизбей койбойт (Н.Г.Рубинштейн). Өзүн-өзү баалоонун маанилүүлүгүнө изилдөөчүлөр кесиптик жакындыгына, инсандын кесиптик-маанилүү сапаттарына, студенттердин кесиптик даярдыгын калыптандыруусуна ж.б. көңүл бурушат. Кесиптик-маанилүү өзүн-өзү баалоо болуп кесиптик калыптануунун психологиялык регулятору саналат [131:240-256 стр.145]. Педагогикалык рефлексия кесиптик сапат катары педагогдун прогноздоо, кабыл алып жаткан аракеттеринин болушу мүмкүн жана реалдуу натыйжаларын көңүлүндө баштан аяк ойлоп чыгуу жана адекваттуу баалоо

жөндөмдүүлүгүнөн көрүнөт жана жаңычылыктар (иновация) менен өнүгүүлөрдүн булагы болуп саналат [38:134 стр.170]. Өзүн-өзү таануу - мугалим үчүн зарыл нерсе, потенциалдык мүмкүнчүлүктөрү тарбиялануучуларынын актуализацияланышы үчүн шарт түзүү керек. Ар бир тарбиялануучунун жан-дүйнөсүнүн ачылышына шарт түзүү – гуманистик мааниге ээ процесс. Ал эми Г.Б.Крылова: “Баланы таанып-билүүдөн мурун, өзүңдү тааны” [77:302 стр.], - деп жазат. Болочок мугалимдин өзүнүн кесиптик таануусу – педагогикалык эмгектеги кесиптик ишмердүүлүгү. Пауль Томас Манн: “өзүн-өзү таануу ички жаңылануунуну билдирет”, – деп айткан. Өзүн-өзү активдүү таануу мугалимдин ар дайым өзүнүн жүрүш-турушун башкалардыкы менен салыштырып кароо менен өнүгөт. “Эгер өзүңдү башка бирөөнүн ордуна коюп көрсөң, жек көрүү сезими жоголот, а эгер башкаларды өзүбүздүн ордубузга коюп көрсөк, өзүбүз менен сыймыктануу сезимибиз жогоруламак” (И.В.Гёте). Өзүн-өзү баалоосу төмөн адамдардын педагогикалык ишмердүүлүгү эффективдүү болбойт. Алар үчүн: – мугалимди жактырбаган окуучуларга терс көз караш; – балдар үчүн дайым кыйынчылык туудуруу; – окууга болгон аракетти өз күнөөсүн жууш максатында гана жумшоо; – таймаштык күрөштүн негизинде окуу ишмердүүлүгүн жүргүзүү; – катуу тартип орнотуу, жазалоонун түрүн ойлоп табуу мүнөздүү. “Эгер мугалим өз ишин ойлонуп жасаса, анда өз тажрыйбасында теориялык билимди жүзөгө ашыруу иши жаралбай койбойт, окуучулардын билими менен өзүнүн педагогикалык маданиятынын ортосундагы байланышты түшүндүрүүгө умтулат”, – деп эсептейт В.А. Сухомлинский (151:15 ). Өзүн-өзү таануунун жыйынтыгы өзүн-өзү баалоо болот. Рефлексивдүү өзүн-өзү баалоо өзүнө педагогикалык рефлексиянын өнүккөн деңгээлинде окутуу-тарбиялоо процессинин жүрүшүндө өткөн тажрыйбасын эталон менен салыштыруу менен камтыйт. Ж.Локктун ою боюнча, рефлексия – “акыл өз ишмердүүлүгүн сунуштаган байкоо жүргүзүү”. Рефлексивдүү процесстин психикалык формасы: сынчыл ой-жүгүртүү, далилдүүлүккө умтулуу, өз позициясында туруу, суроолорду ойлонуп туура коюу, дискуссияны жүргүзө билүү. “Өз эмгегин анализдей алган

педагог күчтүү, тажрыйбалуу болот”. Өзүн-өзү баалоону жогорулатуунун жолдору: – өзү жөнүндө көбүрөөк позитивдүү ойлорду ойлоо; – өзүн сыйлоо; – адам катары өзү менен сыймыктануу; – өзүнүн кемчиликтерин жана жетишкендиктерин сүрөттөй билүү. Социалдык жана феноменологиялык мазмунга ээ болуу менен болочок педагогдордун кесиптик компетенттүүлүгү педагогикалык эмгекте кесиптик маанилүү инсандык сапаттар менен жөндөмдүүлүктөрдүн, кесиптик билимдер менен билгичтиктердин калыптандырылышын, өнүгүшүн, интеграциясын жана актуал- дашуусун, жашоо ишмердигин принципиалдуу жаңыртуучу бүткүл ички жан-дүйнөнүн активдүү түрдө кайра түзүлүшүн камтыйт. Болочок педагогдордун профессионалдык компетенттүүлүгүн жогорулатуу үчүн окутуу-тарбиялоо процессин жогорку мектептен баштоо абзел. Себеби студенттер алган билимин ЖОЖдо чыңдап, башкача айтканда, теориялык билимди практикалык иште айкалыштыра билүү билгичтигин өстүрүү. Ал үчүн профессионалдык компетенттүүлүгү орто жана төмөн студенттердин билимин жогорулатуу үчүн окутуу- тариялоо процессинде окутуунун интерактивдүү методорун көбүрөк колдонуу менен бирге тренингдерди, спецкурстарды, оюндарды уюштуруу, ойлоо процесстерин өстүрүү, окуу-тарбиялоо процессине байланыштуу ар кандай кырдалдарда ойлоп табуу билгичтиктерин киргизүү керектигин өркүндөтүүнү сунуштамакчымын. Педагогикалык ишмердүүлүктү ийгиликтүү жүзөгө ашыруу үчүн болочок педагогдор профессионалдык педагогикалык компетенттүүлүккө ээ болуусу өтө маанилүү. Жогорку мектептин студенттери бул - болочок педагогдор. Канчалык деңгээлде педагог күчтүү, билимдүү, гумандуу, компетенттүү болсо, өсүп келе жаткан жаштардын келечеги ошолордон көз каранды. Үй-бүлөлөрдө, бала бакчаларда, мектептерде баланын фундаменти канчалык күчтүү болсо, анда ал баланын келечеги алдыда. Профессионалдык педагогикалык компетенттүүлүктү калыптандыруу үчүн, жалпысынан, педагогикалык компоненттердин жана алардын эң негизги критерийлерин болочок педогогдор билүүсү жана аларды келечекте окутуу-тарбиялоо процессинде кеңири колдонуусу маанилүү ролду ойнойт.

Эми башталгыч класс мугалимнинин профессионалдык педагогикалык компетенттүүлүгүн баалоонун айрым маселелерине токтололу. Окутуучулук кесипти тандаган ар бир жаш адам жогорку окуу жайларында ошол мугалимдикке даярдалып жатканда эле, тагыраак айтканда, студент кезинен баштап эле өзүнүн кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу процессинен өтө баштайт. Жогорку окуу жайлардын педагогикалык адистик факультеттериндеги окуу пландары бул үчүн максаттуу кам көрүп, “Педагогикалык адистикке киришүү”, “Педагогика», “Тарбия иштерди уюштуруунун теориясы жана методикасы”, “Башталгыч мектепте инсанга багыттап окутуу”, «Баланы мектепке даярдоо», «Башталгыч билим берүүнүн педагогикасы» сыяктуу болочок педагогдун адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруучу предметтерди сунуш кылат. Келечектеги мугалимдин педагогикалык компетенттүүлүгүнүн калыптанышында мындай предметтердин милдеттүү өздөштүрүлүшү негизги фактор болсо да, бул иштеги педагогикалык тажрыйбанын ролу менен мааниси эч нерсе менен алмаштыргыс мааниге ээ. Бул практика же болбосо практикалык көмөк дегендик. Мугалимдик кесибин белгилүү бир убакыт аралыгында практикалап, өзүнүн адистик компетенттүүлүгүн теориялык жактан да практикалык жактан да тереңдетип отурган студент-практикант ошол өзү педагогикалык практикадан өтүп жаткан мектебинин, регионунун педагогикалык алдыңкы тажрыйбаларына таянбай койбойт. Дегинкиси, педагогикалык практика жанагы дидактиканын илимий принциптеринин маанилүүлөрүнүн бири болгон теория менен практиканын айкалышы дегенине жооп бере турган маанилүү элемент эмеспи. Ошентип, келечектеги мугалимдин педагогикалык компетенттүүлүгүн аныктап алуу үчүн кандай каражаттарды, принциптерди же критерийлерди пайдалануу зарыл экендигин тактап алалы. Биздин оюбузча ал үчүн төмөнкү приципптерди жетекчиликке алуу зарылдыгы бар: Кесиптик тилектештик же көмөктөшүү принциби. Мектеп босогосун жаңы эле аттаган жаш мугалимге андагы тажрыйбалуу мугалимдер тилектештигин (профессиональная солидарность) билдирип, ар тараптан көмөктөшүүсү зарыл.

Педагогикалык жамааттагы жакшы салттарга аралашкан жаш адис бат эле ошол шартка адаптацияланып, тандап алган кесибинин кыйынчылыктарына карабастан, анын кызыктуу кесип экендигине көзү жетип, дилгирленет, шыктанат. Жакшы жамааттын шарапаты шык берет эмеспи. Экинчи жагынан ал жаш адистин профессионалдык компетенттүүлүгүнүн калыптанышына мектептин директору, анын окуу иштери боюнча орун басары (завуч), тарбия иштери боюнча орун басары, методикалык кеңештин жетекчиси, анын мүчөлөрү ар тараптан тажабай көмөктөшүүсү зарыл. Жаш адис алардын тилектештик менен жасаган мамилесине, көмөктөшүүсүнө аябай эле муктаж. Системалуулук принциби. Тилектештик менен көмөктөшүүдөн башка тартипке көндүрүү, текшерүү жана багыт көрсөтүү деген да түшүнүктөр бар эмеспи. Тартипке көндүрүүнүн, текшерүүнүн жана багыт көрсөтүүнүн буга чейин мектеп практикасында калыптанып калган бири менен бири удаалашпаган бир жолку же эпизоддук таасир этүүлөрдү четтетүү керек. Жаш мугалимдин максаттуу бир багытка жумшалбаган аракеттерин анын жумушка кирген күндөн баштап эле көзөмөлгө алуу максатка ылайык, анын кесиптик компетенттүүлүгү калыптанып бараткан кийинки жылдарда да андай текшерүү, багыт көрсөтүү солгундабашы керек. Андай таасир регулярдуу, циклденген тартипте болсун. Ар бир цикл мугалимдин адистик жактан жогорулашына ылайыкташтырылып, ар бир этап ошол жаш мугалимдин адистик көндүм-адаттарынын тереңдешине багытталганы оң. Комплекстүүлүк жана ар тараптуулук принциби. Кесиптик тилектештик, көмөктөшүү, тартипке көндүрүү жана багыт көрсөтүү сыяктуу таасир берүү комплекстүү жана ар тараптуу болушу керек, башкача айтканда, алар фрагменталдуу мүнөз күтпөй, мугалимдин компетенциясынын бирдиктүү структурасы: өз предметин терең билиши, окутуп-тарбиялоонун ийкемдүү методикасын таба билиши, туура пландоосу, окуу процессин үзгүлтүксүз, удаалаштыкта алып бара билүүсү сыяктуу адистик ишмердүүлүктүн дээрлик бардык тарабын камтыган аракеттери. Обьективдүүлүк принциби. Жаш мугалимге көрсөтүлгөн кесиптик тилектештик, көмөктөшүү, тартипке көндүрүү жана багыт көрсөтүү аракеттери

дифференцияланган критерийлер менен гана жүргүзүлбөстөн, мугалимдин компетенттүүлүгүн баалоонун сандык катышын да эске алууну талап кылат, тагыраак айтканда, анын башкалардан айырмаланган спецификалык өзгөчөлүктөрү, демилгелүүлүгү, жаңы идеяны жаратмандыгы, жаңылыктарды тез, оперативдүү кабыл алуусу, дилгирлиги сыяктуу касиеттери да эсепке алынышы керек. Өнөктөштүк жана айкындуулук принциби. Мектепке жаңы келген жаш адис анын аракеттеринин башкалар тарабынан тынымсыз текшерилип туруунун гана объектиси эмес. Ал өзү да башкаларды баалоо процесстерине катышышы керек. Бул ошол жаш мугалимдин өзүнүн адистик компетенттүүлүгүн жогорулатып турууга шарт түзөт. Мындай таасир этүү эч качан көзөмөлдөөчү мүнөз күтпөшү керек, тескерисинче, ар бир мугалимдин адистик жактан өсүүсүнө ылайыкташтырылганы жакшы. Мектептин ички резервдерин пайдалануу принциби. Мектептеги окуу процессинин сапатын жогорулатуунун бирден-бир жолу жана негизги фактору – бул андагы мугалимдердин, айрыкча жогорку окуу жайын жаңы эле аяктап, мектепке келген жаш адистердин адистик компетенттүүлүгүн тынымсыз калыптандыруу процессинин жүргүзүлүшү болууга тийиш. Мындай аракеттер көп тармактуу, анан көп деңгээлде болуп, жаш мугалимди адистикке киришүү мезгилинде баалоо, аттестациялоо, адистик ишмердүүлүккө жүргүзүлгөн пландуу мониторингде, адистик жөндөмдүүлүктү жогорулатууда жана өзүн-өзү баалоодо тынымсыз жүргүзүлүп турулушу керек. Келечектеги мугалим жогорку окуу жайында окуп жүргөндө эле адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруу процессинде биз жогоруда санаган адистик преметтердин алкагында мына ушул негизги принциптерди мыктылап өздөштүрүп алганы жакшы. Болочок мугалимдин адистик компетенттүүлүгү Кыргыз Республикасында Жогорку кесиптик билим берүү боюнча мамлекеттик стандарттарында милдеттүү окулуш үчүн көрсөтүлгөн предметтердин циклин кыйшаюусуз өздөштүрүү процессинде калыптанат. Мындан башка, ар бир студент, мугалим өзүнүн кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун, өстүрүүнүн, тереңдетүүнүн үстүндө тынымсыз иштегени талапка ылайык. Ал

үчүн ал ар кандай адабияттарды, газета, журналдык макалаларды, илимий адабияттарды такай окуп турганы жакшы. Илимий адабияттар демекчи, жакында эле педагогика илимдери боюнча бир нече кандидаттык, бир доктордук диссертация корголду. Ал доктордук диссертациянын автору С.Калдыбаев, анын темасы: “Теория и практика педагогических измерений”, мына ушул диссертация аталган маселеге түздөн-түз тиешеси бар изилдөө. Себеби, анда Кыргызстандын педагогикалык процессин, билим берүү системасын бүтүндөй реформалоого, педагогикалык кадрларды даярдоонун милдеттерин кайрадан карап чыгууну, өзүн-өзү кесиптик квалификациясын жогорулатып турууга даяр адистерди даярдоону, билим берүүнүн сапатын өлчөөнүн профессионалдык милдеттерин чечүүнү интеграциялык абалда жакшы караган эмгек болуп калды. Келечектеги педагогдун жеке, профессионалдык касиеттерин калыптандырууда билим берүүнүн учурдагы проблемалары менен тынымсыз аралашуу, жетектөөчүлүк, башкаруучулук чечимдерди кабыл алуу, педагогикалык баалоонун ички критерийлери менен тааныш болуу сыяктуу даярдыктарды талап кылат.

Ошентип, болочок мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгү социалдык, жалпы педагогикалык-психологиялык жана предметтик көрсөткүчтөрүнөн түзүлөөрү белгилүү болду. Мындагы негизги фактор болуп педагогикалык тажрыйбанын ролу менен мааниси турат. Педагогикалык тажрыйба дегенде, баарынан мурда, теориядагы (жогорку окуу жайдан алган билими, илимий адабияттардан алган билим багажы) маалыматты практикада чыгармачылык менен пайдалана билген, өз практикасына жаңылыктарды киргизе билген, белгисиз, бүдөмүк нерселерди тынымсыз ача билген, билим берүү, тарбия процессинин жыйынтыктарын жаңы бийиктикке көтөрө билген кесиптик аракеттерди түшүнүү абзел. Муну аныктоонун негизги үч факторун белгилеп алалы: Биринчиси, педагогикалык ишмердүүлүктөгү жаңычылдык, жеке өзүнүн педагогикалык табылгалары, педагогикалык илимден, билимден керектүү, пайдалуу нерселерди табуу, аларды пайдалануу. Экинчиси, педагогикалык ишти жакшы, сабаттуу, сапаттуу жүргүзүүнүн үлгүсүн

көрсөтүү. Үчүнчүсү, илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын такай пайдалануу же башка тажрыйбаларды, жаңы деп табылган технологияларды билгичтик менен пайдалануу. Педагогикалык алдыңкы тажрыйба педагогикалык проблемаларды чечүүнү шарты, негизи, булагы болушу керек. Ал проблемалар кайсылар болушу мүмкүн? Окуучулардын начар даярдыгы, билим, тарбия процессинин алгылыктуу эместиги, окутуу, тарбиялоо ишинде индивидуалдуу, дифференцияланган мамиленин жоктугу. Мындай проблемаларды четтетүү үчүн мектептин жаңы, жаш мугалими ошол мектепте, региондо жашап, иштеп жаткан педагогикалык тажрыйбага таянат, илимий адабияттардагы теорияга, өзү жыйнаган билимге гана таяна алат. Биз педагогикалык ишмердүүлүк жөнүндө сөз болгондо илимдин бул тармагынын корифейлери Иоганн Генрих Песталоцци, Фридрих Адольф Дистерверг, Константин Дмитриевич Ушинский, Антон Семенович Макаренко, алардын теориялары менен практикасын көбүрөөк мисалга тартып жүрөбүз. Ошол А.С.Макаренконун ишениминде, келечектеги мугалимби, же жетиштүү иш тажрыйба топтогон мугалимби, өзүнүн кесиби боюнча максаттуу иш алып барганда гана педагогикалык чеберчиликтин мыкты жактарын өздөштүрүүгө болот, ал мындай дейт: “Кесиптик чеберчилик – бул ар бир адамдын күчү, мүмкүнчүлүгү жете турган нерсе, чебер ширетүүчү же токарь, чебер дарыгер канчалык таанымал, белгилүү болгондой эле чебер мугалим да ошончолук деңгээлде... Ар бир жаш педагог, эгерде ал биздин ишибизди чанып, таштап кетпесе, ал сөзсүз качандыр чебер педагог боло алат, а буга кантип жетишүү керек, бул анын өжөрлөнгөн аракетине жараша гана болот” [88:176 стр.].

Демек, профессионалдык педагогикалык компетенттүүлүк теориялык мыкты, терең билимди сиңирүүдөн, гезит-журналдарды тынымсыз окуудан, илимий адабияттар менен такай тааныш болуудан, алдыңкы педагогикалык тажрыйбанын мыкты үлгүлөрүнөн таасирленүүдөн, аны терең өздөштүрүүдөн башка да орус окумуштуусу, улуу педагогу айткан өжөрлөнгөн аракет да керек экен. Жогорку окуу жайларында билим алып жаткан чет элдик студенттер, келечектеги мугалимдер мына ушуну эске алуулары керек. Ошондо гана анын

профессионалдык педагогикалык маданиятынын туура калыптанышына өбөлгөлөр түзүлмөкчү.

## Глава боюнча корутунду

Диссертациянын “Башталгыч класстардын окуучуларынын жазуу маданиятын калыптандыруунун формалары жана каражаттары” деп аталган үчүнчү главасында төрт маселе каралды:

1.Башталгыч класстын окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруунун дидактикалык жана методикалык аспектилери;

2.Балдардын жазуу маданиятын калыптандыруунун технологиялары: методдору, формалары жана каражаттары;

3.Студенттердин башталгыч класс окуучусунун ата-энелери менен иш алып баруусун калыптандыруу;

4.Башталгыч класстын мугалиминин окуучунун жазуу маданиятын калыптандырунун педагогикалык-психологиялык аспектилери

# ЖАЛПЫ КОРУТУНДУ ЖАНА ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынынын педагогика жана башталгыч билим берүү адистигин өздөштүрүп жаткан студенттердин окуучусунун жазуу маданиятын жана өздөрүнүн профессионалдык педагогикалык маданиятын калыптандыруунун педагогикалык максатын койгон бул диссертацияда натыйжалуу аткарылды деп төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот. Асыресе, алар алдын-ала белгиленген милдеттердин алкагында ишке ашырылды.

1. Башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу жана өзүнүн профессионалдык педагогикалык маданиятынын калыптануу проблемаларына методологиялык жалпы изилдөө жүргүзүлдү жана жалпылаштырылды.

Башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруусу жана адис катары өзүнүн профессионалдык педагогикалык маданиятынын өзгөчөлүгү- анын ээ болгон билимдеринен, билгичтиктеринен жана көндүмүнөн башка да анын балдар, коом, окуучулары менен болгон жеке мамилесин түптөгөн инсандыгы (личность) жана анын профессионалдык-педагогикалык маданиятынын деңгээли. Адис катары жалпы маданияттын бир бөлүкчөсү болуу менен ал коомдун саясий, экономикалык жана идеологиялык турмушу менен тыгыз байланышта болот. Коомдук турмуштун көрүнүшү катары ал профессионалдык педагогикалык ишмердүүлүктүн ар кандай жактарын, түрлөрүн камтыйт, татаал болгон иерархиялык динамикалык системаны түзөт. Профессионалдык-педагогикалык ишмердүүлүтүн структуралык составдык курамында философиялык, социалдык-тарыхый, социомаданий, социалдык-педагогикалык, этникалык жана этнологиялык принциптер менен мамилелер жатат.

2. Мектептин башталгыч класстарында каллиграфияны, кыргыз тилин, алиппени жана адабий окууну үйрөтүү процессинде болочок мугалим – студенттердин адис катарында өздөрүнүн профессионалдык педагогикалык маданиятын калыптандыруунун жолдору аныкталып, натыйжалуу деп эсептелген каражаттары иштелип чыкты.

Жогорку окуу жайлардын педагогика жана башталгыч билим берүүнүн методикасы факультеттеринде каллиграфияны, кыргыз тилин, алиппени жана адабий окууну үйрөтүү процессинде баарынан мурда анда окуп билим алып жаткан студенттин оозеки жана жазуу кебин калыптандыруу зарылдыгы чыгат. Анын ошол тилди өздөштүрүүсү, тилдин грамматикасын натыйжалуу өздөштүрүүсү, педагогиканын, дидактиканын жана методиканын теориясы менен практикасын мыкты билүүсү-алардын балдарга болгон урмат-сый мамилесин калыптандырат, бул болсо өз кезегинде ар кандай курактагы (айрыкча, кенже курактагы) балдар менен баарлашууга, эркин сүйлөшүүгө жол ачат. Ушунусу менен ал өзүнүн профессионалдык педагогикалык маданиятын туура калыптандырат.

3. Башталгыч класстардагы каллиграфия, кыргыз тили, алиппе жана адабий окуу предметтери аркылуу педагогикалык факультетинин студентинин (болочок мугалимдин) окуучунун жазуу маданиятын калыптандыруу жана адис катары өзүнүн профессионалдык педагогикалык маданиятын калыптандыруу боюнча экперименталдык иштердин натыйжалуулугу аныкталды жана алар жалпылаштарылды.

Башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу жана анын адис катары өзүнүн профессионалдык педагогикалык маданиятын калыптандыруу боюнча жүргүзүлгөн эксперименттик-мониторинг жумуштары көрсөткөндөй профессионалдык педагогикалык маданияттын илимий-практикалык мааниси студентти чыгармачылык активдүүүккө багыттоо керектиги болду, анын “мен – мугалим” деген концепциясын калыптандыруу, мунун өзү анын профессионалдык педагогикалык ишмердүүүгүн туура багытта жүргүзүүгө карата болгон даярдыгын шарттайт. Эксперимент жумуштарын жүргүзүүдө педагогикалык, психологиялык, дидактикалык, методикалык, филологиялык, лингвистикалык адабияттарды өздөштүрүүнүн өзү бизге болочок мугалимдин профессионалдык педагогикалык маданияттын калыптандыруунун натыйжалуу жолдору менен конкреттүү концепциясын түзүп алууга өбөлгө болуп берди.

4. Мектептин башталгыч класстарында каллиграфия, кыргыз тили, алиппе жана адабий окуу предметтери аркылуу  болочок мугалимдин окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу жана анын адис катары өзүнүн профессионалдык педагогикалык маданиятын калыптандыруу боюнча алынган жыйынтыктардын, тыянактардын негизинде практикалык сунуштар даярдалды.

Бул изилдөөдөн кийин биз, башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин окуучунун жазуу маданиятын калыптандыруу жана анын профессионалдык педагогикалык маданияты түшүнүгүн туруктуу, стабилдүү педагогкалык система катары карап, анын структуралык курамындагы бардык

компоненттердин (когнитивдик, рефлекциялык, аксиологиялык, коммуникативдик жана социомаданий) интеграцияланган, бири-экинчисин толуктап турган бирдиктүү бир система караты билебиз.

Биздин эксперименттик иштерибиз түпкүлүгүндө мына бул милдеттердин реализацияланышына багытталган эле.

• Жогорку окуу жайларынын педагогика жана башталгыч билим берүүнүн методикасы адистигинин студентинин окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу жана анын өзүнүн адис катары профессионалдык педагогикалык маданиятын камсыз кылган каражаттарды (индивидуалдаштыруу, дифференциациялоо, предмет аралык байланыштарды камсыз кылуу) сыяктууларды тандоо жана аларды систематизациялоо.

• Профессионалдык-педагогикалык маданияттын структуралык кура-мындагы компоненттерди (когнитивдик, рефлексивдик, аксиологиялык, коммуникативдик, социомаданий) андан ары өнүктүрүү милдети. Профессионалдык педагогикалык маданиятын калыптанышын жалпы окуу-тарбия процессинин натыйжалуулугун арттырууга багыттоо милдети турган.

Мындай милдеттердин баарысы эксперименттин жүрүшүндө жана анын жыйынтыктоочу этабында толук аткарылды.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

1. Башталгыч класстардын болочок мугалимдерине жогорку окуу жайынын педагогика жана башталгыч билим берүү адистигинде окуп билим алып жаткан мезгилинен баштап профессионалдык педагогикалык маданияттын *когнитивдик-таанып билүүчүлүк* (инсандын билим системасы), *аксиологиялык* (инсандын баалуулук багыттарынын системасы), *рефлекциялык* (жөндөм-шыктардын системасы), *коммуникативдик* (карым-катыш нормаларынын системасы) жана *социомаданий* (социалдык активдүүлүк жана сезимдер системасы) сыяктуу зарыл компоненттерин калыптандыруу зарыл.

2. Башталгыч класстардын болочок мугалимдерине окуучусунун каллиграфиясын (туура, таза, тыкан, кооз жана сабаттуу жазуусу), тилди,

алиппени жана адабий окууну үйрөтүүнүн натыйжалуу формаларын, методдорун, жана каражаттарын аныктоодо алардын эне тилинин грамматикалык, фонетикалык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен алардын оозеки жана жазуу кебинин калыптанышына басым жасоо зарыл.

3. Башталгыч класстардын болочок мугалимдерине (азыркы студентте) окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууга жана анын профессионалдык педагогикалык маданиятынын калыптанышы үчүн буга эң эле зарыл болгон педагогикалык шарттардын түзүлүшү керек.

4. Окуу программаларына башталгыч класс окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу жана мугалимдин педагогикалык маданиятын калыптандыруучу билимдердин системасын киргизүү. Андай системалар бир жагынан, болочок адистердин даярдоонун талаптарына, экинчи жагынан, аларга окуучунун жазуу маданиятын туура калыптандырууга үйрөтүү ишинде жалпы маданий деңгээлин көтөрүүгө багытталышы керек.

5. Башталгыч класстардын болочок мугалимдерине каллиграфияны, тилди, алиппени жана адабий окууну үйрөтүү методдору, формалары менен каражаттары студенттин өзүнүн оозеки жана жазуу кебин калыптандарууга, башкача айтканда, анын коммуникативдик компетенциясын калыптандырууга багытталышы керек.

6. Башталгыч класстарда каллиграфияны, кыргыз тилин, алиппени жана адабий окууну натыйжалуу жүргүзүүнүн методдорун, формаларын жана каражаттарын үйрөтүү ишинде педагогикалык факультеттеги сабактардын натыйжалуулугун арттыруу багытында студенттин жеке чыгармачылык потенциалын өстүрүүгө багытталган иштер, анын грамматикалык билим, билгичтик, көндүмдөрүн (компетенцияларын), оозеки жана жазуу кебинин калыптанышын приоритет катары кармануу зарыл.

7. Жогорку окуу жайларындагы педагогика жана башталгыч билим берүүнүн методикасы адистиктерде каллиграфия, кыргыз тили, алиппе жана адабий окуу боюнча практикалык сабактарда студентти окуучусунун жазуу маданиятын калыптандырууга үйрөнүүгө карата өзүн-өзү мотивациялоо жана

окутууга шыктандырган чыгармачыл жөндөмдөрдү, сабактардагы, баарлашуудагы активдүүлүктү өнүктүрүү боюнча тапшырмалардын системасын иштеп чыгуу зарыл.

8. Аудиториялык сабактарда да сабактардан сырткаркы мезгилде да башталгыч класстардын мугалими катары даярдалып жаткан студенттин башталгыч класстардын окуучуларынын каллиграфиясын калыптандыруусун камсыз кылуу зарылдыгы, алардын буга карата болгон педагогикалык мотивациясын камсыз кылуу зарыл.

9. Башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу жана анын адис катары өзүнүн профессионалдык педагогикалык маданиятын калыптандыруу процесси педагогикалык факультеттеги каллиграфия, кыргыз тили, алиппе жана адабий окуу предметтери аркылуу ишке ашырылып жаткан соң аны маданий мейкиндиктин субъекти катары кароо зарыл, анын педагогикалык, тилдик, маданий, адабий ресурстарын студент кезинен баштап калыптандыруу милдети турат.

10. Башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин окуучунун жазуу маданиятын калыптандыруу жана адис катары өзүнүн профессионалдык педагогикалык маданиятын калыптандыруу процессинде студентке каллиграфия, кыргыз тили, алиппе жана адабий окуу аркылуу жүргүзүү процесси ушул изилдөө менен эле толук чечилбейт, ошентсе да бул изилдөөдөн алынган жыйынтык-натыйжаларды республиканын жогорку окуу жайларынын педагогика жана башталгыч билим берүүнүн методикасы адистигинин окуу процессинде кеңири колдонуу сунуш кылынат.

# БИБЛИОГРАФИЯ


1. Абакирова Г.Б. Повышение эффективности управления учебным процессом в вузе: автореф. дисс. … канд. пед. наук: 13.00.01. [Текст] /Г.Б.Абакирова. – Бишкек, 2013. –24 с.
2. Абдуллина О.А. Общепедагогическая подготовка учителя в системе высшего педагогического образования. [Текст] - Москва: Просвещение, 2005. - С. 141
3. Агаркова Н.Г. «Поэлементная подготовка учащихся к безотрывному письму», журнал «Начальная школа» № 4 , 1983 г., с. 63 -65.
4. Айдарова, М.Д. Педагогикалык маданият. [Текст] / М.Д.Айдарова: окуу курсунун лекциялык топтому, окуу куралы. –Бишкек: И.Арабаев атындагы КМУ, 2011. – 26 б.
5. Айнштейн, В.Г. О логическом и творческом в обучении. [Текст] / В.Г.Айнштейн //Вестник высшей школы. – М., 1988. – №3. – С. 31–37.
6. Акматов, Б.М. Кыргыз тили. [Текст] // Б.М.Акматов, Б.М.Муканбетова: мугалимдер үчүн методикалык колдонмо. – Бишкек: Билим компьютер, 2009. –176 б.
7. Активные формы и методы обучения: составитель Э.Мамбетакунов. [Текст] – Бишкек, 2007. – 45 б.
8. Акунова А., Сартбаев К., Мураталиева А. “Башталгыч мектепте кыргыз тилин окутуунун” методикасы 1- бөлүм Бишкек-2013
9. Акунова А., Сартбаев К., Мураталиева А.“Башталгыч мектепке кыргыз тилин окутуунун методикасы” дисциплинасынын окуу методикалык комплекси . 2 - бөлүм. Бишкек-2013
10. Акунова А.Р., Б.Чокошева, Шаелдаева С. “Кыргыз тили” 3-класс мугалимдери үчүн методикалык колдонмо. Бишкек-2013
11. Акунова А.Р., Чокошева Б.С., Кыргыз тили сабагы боюнча башталгыч мектептин мугалими үчүн методикалык колдонмо. – Бишкек-2013
12. Алимбеков, А. Кыргыз элинин билим берүү салттары. [Текст] / А.Алимбеков. – Бишкек, 2001. – 44 б.

13. Алимбеков, А. Теория и практика этнопедагогической подготовки учителя в системе высшего профессионального образования: дисс. … докт. пед. наук : 13.00.01. [Текст] / А.Алимбеков. – Бишкек, 2010. – 326 с.
14. Ангеловски, К. Учителя и инновации. [Текст] / К.Ангеловски: книга для учителя. – М.: Просвещение, 1991. – 159 с.
15. Андреев, В.И. Педагогика творческого саморазвития. [Текст] / В.И. Андреев:инновационный курс. – Казань.: Изд–во Казан гос–го ун–та, 1998. – 320 с.
16. Арина Н. Л. Урок прекрасного: Из опыта работы. [Текст] -Москва «Просвещение», 1983.
17. Асанакунов, Т. Кыргыз тилин окутуунун методикасынын программасы[ Текст] / Т.Асанакунов, С.Усоналиев: Республиканын жогоркуу окуу жайларынын кыргыз илология факультеттеринин студенттери учун. – Бишкек, 2007. – 24 б.
18. Асипова, Н.А. Социалдык тарбия / Н.А.Асипова.– Бишкек: КГМУ, 2004. – 185 б.
19. Аширбаев, Т. Кеп маданияты. [Текст] / Т.Аширбаев, А.Айтманбетов: жогоркуу окуу жайларынын студенттери учун окуу – методикалык колдонмо. – Бишкек: Бийиктик, 2004. – 76 б.
20. Багаева, И.Д. Профессионализм педагогической деятельности и основы его формирования у будущих учителей. [Текст] // Дис. ... докт. пед.наук: 13.00.01 / И.Д. Багаева. – Усть–Каменогорск, 1991. – 338 с.
21. Байденко В.И. Компетенции в профессиональном образовании (К освоению компетентносного подхода). [Текст] // Высшее образование в России. 2004. № 11.
22. Барабанщиков, А.Я.Проблемы педагогической культуры преподавателей вузов: к вопросу о сущности педагогической культуры). [Текст] / А.В. Барабанщиков // Советская педагогика. – М., 1981. – № 1. – С. 71–77.
23. Батракова, С.Н.Педагогическое общение как диалог в культуре. [Текст] /С.Н. Батракова // Педагогика. – М., 2002. – № 4. – С. 27–33.

24. Башталгыч мектепте “Эне тилин”окутуу боюнча (1-4 класс) предметтик куррикулум. – Бишкек, 2009. 43 б.
25. Безруких М.М. «Обучение письму». - М.: «Просвещение», 1997.
26. Безруких М.М., Ефимова С.П. «Навык письма - трудности обучения», журнал «Начальная школа» № 11 , 1988 г., с. 15 - 19.
27. Бекбоев И.Б. Ориентация на личность. [Текст] И.Бекбоев. – Бишкек, 2004.
28. Бекбоев, И.Б. Азыркы сабакты даярдап өткөрүүнүн технологиясы. [Текст] / И.Бекбоев, А.Алимбеков. – Бишкек: Бийиктик, 2011. – 190 б.
29. Белоусова, Т.Ф.Педагогика: практика как фактор формирования основ педагогической культуры: автореф. дис. ... канд. пед. наук: 13.00.01. [Текст] / Т.Ф. Белоусова.– Ростов–на–Дону, 1989. – 20 с.
30. Бережнова, Е.В.Формирование методологической культуры учителя. [Текст] / Е.В. Бережнова // Педагогика. –М., 1996. – №4. – С. 14–18.
31. Бескоровайная Л.С., Перекатьева О.В. «Современные открытые уроки русского языка» (1 -2 классы), Ростов - на - Дону, 2002 г.
32. Богданова, Л.В. Формирование культуры профессионального общения у специалистов в области физической культуры и спорта: автореф. дис. … док. пед. наук: 13.00.01. [Текст] / Л.В.Белоусова. –М., 1999. – 44с.
33. Бондаревская, Е.В.Введение в педагогическую культуру. [Текст] / Е.В.Бондаревская. – Ростов–на–Дану: РГПУ, 1995. – 172с.
34. Бондаренко Н.А. «Как разнообразить пятиминутку по каллиграфии», журнал «Начальная школа» № 6 , 2004 г., с. 42 -45.
35. Будагов, Р.А. Язык и речь в кругозоре человека. [Текст] / Р.А.Будагов. – М.: Добросвет, 2000. –304 с.
36. Буева, Л.П. Человек, культура и образование в кризисном социуме. [Текст] /Л.П. Буева // Alma–Mater. – М., 1997. – № 4. – С. 11–17.
37. Буржунов Г.Г. Методика преподавания русского языка в начальной национальной школе: учебное пособие для учащихся национальных педучилищ РСФСР./ Г.Г.Буржунов, З.П. Пахомова, Д.М. Тамбиева. - Л.: Просвещение, 1980. - 319с. 11

38. Введенский В.Н. Моделирование профессиональной компетентности педагога [Текст] // Педагогика. – 2003. - № 10. – С. 51-55.
39. Вербицкий, А.А. Активное обучение в высшей школе: контекстный перевод. [Текст] / А.А. Вербицкий. – М., 1991. – 286 с.
40. Видт, И.Е. Педагогическая культура: становление, содержание, смысл. [Текст] / И.Е. Видт // Педагогика. – М., 2002. – № 3. – С. 3–7.
41. Виленский, М.Я.Педагогические основы формирования быта творческой деятельности будущих учителей. [Текст] / М.Я.Виленский, С.Н.Зайцева. – М.: Прометей, 1993. – 117 с.
42. Волков Н. П. Приобщение школьников к творчеству: из опыта работы. [Текст] -Москва, Просвещение, 1982.
43. Воробьёв, Н.Е. О педагогической культуре будущего педагога. [Текст] / Н.Е. Воробьёв // Педагогика. – М., 1992. – № 1. – С. 69–70.
44. Гармаш, Е.Б.Формирование педагогической культуры будущего учителя (на материале педагогических дисциплин): автореф. дис. ... канд. пед.наук: 13.00.01. [Текст] / Гармаш Е.Б. – Киев, 1990. – 21с.
45. Гёз, Н.И.Актуальные проблемы профессиональной подготовки учителей немецкого языка. [Текст] / Н.И. Гёз, У. Форстер // Иностранные языки в школе. – М., 1981.–№4.–С. 41–45.
46. Гойхман, О.Я. Речевая коммуникация: учебник. [Текст] / О.Я.Гойхман, Т.М.Ндеина. – М., 1981. – С. 41–45.
47. Горецкий В.Г.. Кирюшина А.Ф., Шанько А.Ф. «Уроки обучения грамоте», М., 1982 г.
48. Гребенников, И.В. Педагогическую культуру – каждой семье. [Текст] / И.В. Гребенников. – М., 1978. – 41 с.
49. Грицюк, Б.А. Совершенствование профессиональной подготовки будущих учителей. [Текст] / Б.А. Грицюк, Р.П.Скульский, С.В.Домбровский. – Львов: Свит, 1990. – 144с.
50. Давлетов, С. Байланыштуу речь. [Текст] /С.Давлетов / Мугалимдер учун методикалык колдонмо. _ Бишкек, 1999. – 67 б.

51. Дергач, А.А Педагогическая эвристика: искусство овладения иностранным языком. [Текст] /А.А. Дергач, С.Ф. Щербак. – М.: Педагогика, 1991.–219с.
52. Детская энциклопедия для среднего и старшего возвраста. [Текст] - Москва, «Издво просвещение». - 1965-1968.
53. Добаев, К.Д. Теоретические основы обучения лексике кыргызского языка в русскоязычной начальной школе: дис. ... докт. пед.наук: 13.00.02. [Текст] / К.Д.Добаев. – Бишкек,1999. –336 с.
54. Дорошкевич, А.М. Проблема развития творческих способностей студентов. [Текст] / А.М. Дорошкевич. – М.: Знание, 1974. – 36 с.
55. Дүйнөлүк билим беүү стандарттары. [Текст] / А.С.Мукамбетова // К. К.Сартбаев жана азыркы филология, педагогика илимдеринин актуалдуу проблемалары: К.К.Сартбаевдин 100 жылдык мааракесине карата откорулгон эл аралык илимий–практикалык конференциянын материалдары. – Бишкек: Турар, 2011. – 277 – 285 бб.
56. Дуйшеев, Ж. Сүйлөө маданияты жана стилистика. [Текст] / Ж. Дуйшеев. –Бишкек, 2005. – 1 болум. – 36– 89 бб.
57. Есаулов, А.Ф.Активизация учебно–познавательной деятельности студентов. [Текст] / А.Ф. Есаулов. – М.: Высшая школа, 1982. – 223 с.
58. Желтовская Л.Я. «Обучение чистописанию», журнал «Начальная школа» № 9, 1988 г., с. 9 -14.
59. Желтовская Л.Я. Формирование каллиграфических навыков у младших школьников./Л.Я. Желтовская, Е.Н. Соколова. - М.: Просвещение, 2007. - 115с.
60. Загвязинский, В.И.Педагогическое творчество учителя. [Текст] / В.И. Загвязинский. – М.: Педагогика, 1987. – 160 с.
61. Захарченко, Е.Ю. Педагогическая культура и культурно образовательная ситуация. [Текст] / Е.Ю. Захарченко // Педагогика. – М., 1999. – № 9. – С.69–73.

62. Захарченко, Е.Ю. Становление педагогической культуры молодого учителя. [Текст] / Е.Ю. Захарченко // Педагогика. – М., 2002. – №3. – С. 45–51.
63. Иванова, Т. В. Формирование педагогической культуры будущего учителя (на материале дисциплин педагогического цикла): автореф. дис. ...канд. пед. наук: 13.00.01[Текст] /ИвановаТ.В. – Волгоград, 1991 – 18с.
64. Илюхина В.А. «Новые подходы к формированию графических навыков. Письмо с «секретом» », журнал «Начальная школа» № 10, 1999., с. 37 - 52.
65. Исаев, И. Ф. Теоретические основы формирования профессионально–педагогической культуры преподавателя высшей школы: автореф. дис. ... канд. пед. наук: 13.00.01[Текст] / И.Ф.Исаев. – М., 1993. – 22 с.
66. Исхакова, Ф.С. О формировании профессиональных качеств, навыков и умений при обучении иностранному языку. [Текст] / Ф.С.Исхакова // Иностранные языки в школе. – М., 1982. –№ 1. – С. 54–57.
67. Ишекеев, Н. Педагог адисттерди даярдоонун проблемалары. [Текст] / Н. Ишекеев // Билим жана тарбия. – Бишкек, 2003.
68. Кан–Калик, В.А. Педагогическая деятельность как творческий процесс. [Текст] / В.А. Кан–Калик. – Грозный, 1976. – 286 с.
69. Коджаспирова Г.М. Педагогика: Учебник. [Текст] – М.: Гардарики, 2004. - С. 421-426.
70. Кожобаев, А. Предмет аралык байланышты күчөтүү. [Текст] / А.Кожобаев // Эл агартуу. –Бишкек, 1990. – № 4. – 25– 29 бб.
71. Кон, И. С. Ребёнок и общество. [Текст] / И.С. Кон. – М.: Наука, 1988.– 348 с.
72. Кочегарова Л.В. Виды деятельности, направленные на развитие компетентности педагога: сущьность и условия организации. [Текст] // Информатика и образование. 2009. № 1.
73. Кочетов, А.И. Культура педагогического исследования. [Текст] /А.И.Кочетов. – 2–е изд., испр. и доп. [Текст] – Минск: редакция журнала «Адукацыя і выхивание», 1996.–312 с.

74. Көлбаева Г.И., Осекова Т.К. Жазууга үрөтүүнүн жолдору 2001.
75. Кравчук, П.Ф. Формирование развитой творческой личности студента (философский, социологический и методический анализ). [Текст] /П.Ф. Кравчук. – Киев: Вища школа, 1984. – 155 с.
76. Краевский, В.В. Методологическая рефлексия. [Текст] / В.В. Краевский // Советская педагогика. –М., 1989. – № 2. – С. 72–79.
77. Крылова, КБ. Формирование культуры будущего специалиста. [Текст] / Н.Б. Крылова. – М., 1990. – 156 с.
78. Кубаталиев Б., Абыканова А., Асаналиева М. “Жазуу дептери” 1, 2 бөлүк
79. Кудайкулов, М.А. Дидактические проблемы формирования профессионально–методических умений и будущего учителя: автореф. дис. ... докт. пед. наук: 13.00.01[Текст] / М.А.Кудайкулов. – Киев, 1977. – 44 с.
80. Кузьмина, К А. Очерки психологии труда учителя . [Текст] / Н.А. Кузьмина. –Л.: ЛГУ, 1967.–181с.
81. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө мыйзам. [Текст] – Бишкек, 2004. –32.
82. Кыргыз тили: Энциклопедиялык окуу куралы. [Текст] – Бишкек: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2004. – 694 б.
83. Леонтьев, А.А. Психология общения (Психология для студента). [Текст] / А.А. Леонтьев. – 2–е изд., испр. и доп. – М.: Смысл, 1997. – 365 с.
84. Лернер, И.Я. Дидактические основы методов обучения. [Текст] / И.Я. Лернер. –М.: Педагогика, 1981. – 184 с.
85. Лопатина, Г. С. Творческая атмосфера – условие гуманизации учебного процесса. [Текст] / Г.С. Лопатина // Современная педагогика. –М., 1991. – № 12. –С. 70–72.
86. Лузина, Л.М. Формирование творческой индивидуальности педагога в педагогическом вузе. [Текст] / Л.М. Лузина. – Ташкент: ФАН, 1986. –95с.
87. Львов М.Р. Методика преподавания русского языка в начальных классах./ М.Р. Львов, Т.Г. Рамзаева, Н.Н. Светловская — М., 1987. -415с.

88. Макаренко, А.С. Методика воспитательной работы. [Текст] / А.С.Макаренко. – Киев: Школа, 1990. – 366 с.
89. Максимова, В.Н. Интеграция в системе образования. [Текст] / В.Н. Максимова. –СПб., 1991. – 84 с.
90. Малиновская, В.Н. Введение в педагогическую профессию. [Текст] . В.Н. Малиновская. – Сургут, 1999. – 116 с.
91. Малиночка, Э.Г. Категория обратной связи в педагогике. [Текст] / Э.Г. Малиночка. – Майкоп: Адыг.гос. ун–т, 1998. – 74 с.
92. Мамбетакунов, Э.М. Гуманистическая парадигма личностно–ориентированной технологии образования и обучения. [Текст] / Э.М.Мамбетакунов // Проблемы и перспективы развития педагогического образования в современных условиях: материалы Международной научной конференции КГПУ им. И.Арабаева. – Бишкек, 1997. – С. 45– 47.
93. Мамбетакунов, Э.М. Педагогиканын негиздери: методикалык колдонмо. [Текст] / Э.М.Мамбетакунов, Т.М.Сияев. – Бишкек: Айат, 2008. – 148 б.
94. Мамлекеттик тилди окутуунун актуалдуу маселелери: жыйнак: Ж.Чымановдун редакциясы астында. [Текст] // А.Осмонкулов жана кыргыз тилин окутуунун методикасы. – Бишкек, 2007. – 212 б.
95. Мамлекеттик тилдин теориялык жана практикалык маселелери. [Текст] – Бишкек: Ж.Баласагын атындагы КУУ, 2005. – 184 б.
96. Методика начального обучения русскому языку в национальной школе / А.И. Грекул [и др.]; под ред. И.В. Баранникова - Л.: Просвещение, 1981. - 309с.
97. Мехмет, Т. Окутуунун жаны методдору. [Текст] / Т.Мехмет, А.Алимбеков. – Бишкек: Кыргыз– Турк «Манас» университети, 2004. – 231 б.
98. Мижериков, В. А. Введение в педагогическую профессию. [Текст] / В.А. Мижериков. – М., 1999.– С. 49 – 55.
99. Монгуш З. Л -С. «Правописание букв и цифр», Кызыл, 2000 г.

100. Морозов, Е.П. Подготовка педагога к инновационной деятельности. [Текст] / Е.П. Морозов, П.И. Пидкасистый // Советская педагогика. – 1991. – №10. –С.88–93.
101. Мудрик, А.В. Учитель: Мастерство и вдохновение. [Текст] / А.В. Мудрик. – М.: Просвещение, 1986. – 160 с.
102. Мукамбетова, А.С. Жалпы билим беру мекемелерде кыргыз тилин окутууну инновациялоонун илимий – теориялык негиздери: педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу учун жазылган диссертация: 13.00.02. [Текст] / А.С.Мукамбетова. – Бишкек, 2013. – 336 б.
103. Мукамбетова, А.С. Мамлекеттик тил: аны колдонуу жана окутуу. [Текст] / А.С.Мукамбетова // Билим жана тарбия. – Бишкек, 2006. – № 1. – 25 –27 бб.
104. Мукамбетова, А.С. Кыргыз тилин инновациялап окутууга колдонуулучу усулдар. [Текст] / А.С.Мукамбетова // КББА кабарлары. – Бишкек, 2011. – № 12.
105. Мукамбетова, А.С. Кыргыз тилин инновациялоо жана анын базасында башка билимдерди интеграциялоо проблемалары. [Текст] / А.С.Мукамбетова // Кыргыз тили жана адабияты. – Кара – Кол: К.Тыныстанов атындагы МУ, 2011. – 240 – 244 б.
106. Мукамбетова, А.С. Кыргыз тилин окутууну инновациялоонун методдору. [Текст] / А.С.Мукамбетова // КББА кабарлары. – Бишкек, 2012. – № 12.
107. Мукамбетова, А.С. Кыргыз тилин окутуунун инновациялоонун зарылдыгы. [Текст] / А.С.Мукамбетова // Кыргыз тили жана адабияты. – Кара – Кол: К.Тыныстанов атындагы МУ, 2011. – 233 – 240 бб.
108. Мукамбетова, А.С. Кыргыз тилинин тыбыштык озгочолугунун, «Кыргыз музыкасынын табиятын» жана «Кыргыз жер» шартын ичине алган топтом сабак. [Текст] / А.С.Мукамбетова // Мамлекеттик тилди окутуунун актуалдуу маселелери: А.С.Осмоновдун 80 жылдык маарекесине арналган

эл аралык илимий–практикалык конференциянын материалдары. – Бишкек, 2007. – 131 –139 бб.

109. Муратов, А.Ж. Кыргыз эл педагогикасы: табияты, таралышы жана тарыхы. [Текст] / А.Ж.Муратов. – Бишкек, 2011. – 604 б.

110. Мусаева В.И. Келечек педагогдорду – студенттерди мектепте эне тилинен жана адабиятынан окуучуларды жазуу маданиятына үйрөтүүсүнө даярдоонун айрым ыкмалары. //Эл агартуу, 2021. № 9-10. – 9 – 15 бб.

111. Мусаева, В.И. Илимий стилди окутуу процессинде окуучуларда тилдик – коммуникативдик компонентуулукту калыптандыруу. [Текст] / В.И.Мусаева. – Бишкек, 2011. – 33 – 44 б.

112. Мусаева, В.И. Орто мектепте кыргыз тилин окуутунун технологиясын өркүндөтүү / В.И. Мусаева: илимий–практикалык конференциянын материалдары. [Текст] – Бишкек, 2009. – Серия 5. Выпуск 2 – 334 – 37 бб.

113. Нагаевская Е. Мануйлова О. М. Жизнь и творчество. [Текст] Изд. «Кыргызстан», Фрунзе, 1965.

114. Назарбекова, К. Орто мектептерде кыргыз тили боюнча класстан тышкары жумуштар: пед. илимд. канд. дисс. авторефераты: 13.00.02 [Текст] / К.Назарбекова. – Бишкек, 2006. – 26 б.

115. Нечаев, Н.Н. Психолого–педагогические основы формирования профессиональной деятельности. [Текст] / Н.Н. Нечаев. – М.: МГУ, 1988. – 166 с.

116. Никитина, Г.В Формирование творческих умений в процессе профессионального обучения. [Текст] / Г.В. Никитина., В.Н. Романенко. – СПб.: СПб.ГУ, 1992. – 166 с.

117. Орешников, И.М. Что такое гуманитарная культура? [Текст] /И.М. Орешников. –Саранск, 1992.– 132 с.

118. Осекова.Т.К, Көлбаева.Г.И. “Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун усулу” Ош-2017

119. Осконов С. “Окутуунун интерактивдүү усулдары” мугалимдер үчүн методикалык колдонмо. Бишкек-2007

120. Осмонкулов А. “Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуу методикалык тарыхынан. Бишкек-2010.
121. Основы педагогического мастерства: под редакцией И.Я.Зюзина. [Текст] – М.: Просвещение, 1989. – 384 с.
122. Остапенко А.А. Основы моделирования системы школьной оценки. [Текст] // Педагогическая диагностика, - Москва: 2004, № 3.
123. Панкова, Т.В. Научно–педагогические основы сравнительной этнопедагогики: дис. ... докт. пед. наук: 13.00.01[Текст] / Т.В.Панкова. – Бишкек, 2006. – 276 с.
124. Плетнева Н.К. «Уроки письма», журнал «Начальная школа» №8 , 1999 г., с. 68 - 69.
125. Поташник, М.М. Педагогические ситуации. [Текст] /М.М. Поташник, Б.З. Вульфов. –М.: Педагогика, 1983. – 144 с.
126. Профессиональная деятельность молодого учителя: под редакцией С.В.Вершловского, Л.Н.Лесохиной. [Текст] –. М.: Педагогика, 1982. – 144 с.
127. Разумный, В.А. Интеграция культуры и образования. [Текст] /В.А. Разумный // Педагогика. – 1998. – № 8. – С. 16–17.
128. Ризз, Г.И. Размышление о педагогической деятельности, культуре, мастерстве. [Текст] / Г.И. Ризз // Педагогика. – 1995. – №4. – С. 114–116.
129. Роджерс, Н. Творчество как усилие себя. [Текст] /Н. Роджерс // Вопросы психологии. –М., 1990. –№ 1. –С. 164–168.
130. Ростовцев, А.Н. Культурологический смысл содержания образования. [Текст] / А.Н. Ростовцев // Социально–политический журнал. –М., 1995. – №3. – С. 173–178.
131. Рубинштейн, С.Л. Основы общей психологии в 2 томах. [Текст] / С.Л. Рубинштейн. – М.: Педагогика, 1989 – 485 с.
132. Рувинский, Л.И. Самовоспитание личности. [Текст] / Л.И. Рувинский. – М.: Мысль, 1994.–140 с.

133. Рысбекова Б Алиппени окутуунун методикалык көрсөтмөсү. –Фрунзе: Мектеп, 1983.
134. Рысбекова Б, Сыртбаев К 1-класстын мугалимдери үчүн методикалык курал Бишкек-1973
135. Рысбекова Б. , Сартбаев К. Сабат таблицасы. - Фрунзе , Мектеп ,1983 ж
136. Саалаев, О. Окутуунун интерактивдуу усулдары. [Текст] –Бишкек, 2009. – 170 б.
137. Савицкая, Э.В. Закономерности формирования «модели культурного человека».[Текст] / Э.В. Савицкая // Вопросы философии. –М., 1990. – №5. – С. 61–74.
138. Сальникова Т.П. «Методика обучения грамоте». - М., 2001 (учебно - методическое пособие для преподавателей и студентов педагогических учебных заведений).
139. Сартбаев К. Окуу жана жазууга үйрөтүүнүн методдору жөнүндө кыскача кабар // Мугалимдерге жардам. – Ф.: 1948. – № 8.
140. Сартбаев, К.К. Кыргыз тилин окутуунун методикасы. [Текст] / К.К.Сартбаев. – Фрунзе: Мектеп, 1978. – 308 б.
141. Сафонова, В.В. Изучение языков международного общения в контексте диалога культур и цивилизаций. [Текст] / В.В. Сафонова. – Воронеж: Истоки, 1996.–237 с.
142. Сластенин, В.А. Педагогика: инновационная деятельность. [Текст] / В.А.Сластенин, Л.С.Подымова. – М.: Магистр, 1997.– 224 с.
143. Сластенин, В.А. Формирование личности педагога советской школы в процессе профессиональной подготовки. [Текст] / В.А. Сластенин. – М.: Педагогика, 1990. – 300 с.
144. Сластенин, В.А. Формирование творческой личности будущего педагога [Текст] / В.А. Сластенин // Советская педагогика. –М., 1975. – № 1. – С.83–93.
145. Соколова Е.Н. «Методические указания по формированию графических навыков письма» (приложение к «Урокам обучения грамоте»), М., 1988 г.

146. Соловейчик М.С. «Русский язык в начальных классах» (теория и практика обучения), М., 1993 г., с. 103 - 110.
147. Стоуне, Э. Психопедагогика. Психологическая теория и практика обучения. [Текст] / Э. Стоуне: под ред. И.Ф.Талызиной. – М.: Педагогика, 1984. –472 с.
148. Сулейманов, Ф.С. Национально – региональный компонент содержания художественно – географического образования студентов педагогического вуза: автореф. дис. ... канд. пед. наук: 13.00.01 [Текст] / Ф.С. Сулейманов. – Казань, 2000. – 21 с.
149. Сухомлинский, В.А. Рождение гражданина. [Текст] / В.А.Сухомлинский // // Избранные педагогические сочинения (В 3 т.). – М.: Педагогика, 1979. – Т.1 – 472 с.
150. Сухомлинский, В.А. Сердце отдаю детям. [Текст] / В.А. Сухомлинский. – Киев: Раданьска школа, 1969. – 247 с.
151. Сухомлинский, В.А. Сто советов педагогу. [Текст] / В.А. Сухомлинский. – Киев: Раданьска школа, 1984. – 254 с.
152. Терехина, Л.П. Формирование педагогической культуры. [Текст] / Л.П. Терехина. – М., 1996. – 24 с.
153. Тикунова Л.И., Игнатьева т.В. «О минутках чистописания в начальной школе», журнал «Начальная школа» № 9 , 1999 г., с. 61 - 65.
154. Ткачева, И.А. Формирование педагогической культуры будущих учителей (на занятиях английского языка): автореф. дис. ... канд. пед. наук: 13.00.02[Текст] / И.А.Ткачева. – Майкоп. 2004. – 23 с.
155. Тхагапсоев, Х.Г. Учитель и культура проблемы подготовки педагогических кадров. [Текст] / Х.Г. Тхагапсоев // Педагогика. –М., 1998. – № 1. –С. 66–72.
156. Федосова Н.А. «Как исправлять почерк детей», журнал «Начальная школа» № 4 , 1990 г., с. 6 - 10.
157. Хачикян, Е. Формирование профессионально – нравственной культуры будущего учителя. [Текст] / Е. Хачикян. – Калуга: КГПУ, 2001.– 153 с.

158. Хмель, Н.Д. Педагогическая культура и педагогическое мастерство. [Текст] / Н.Д. Хмель. – Алма–Ата, 1974.– 117 с.
159. Чокошева Б.С “Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасы” Бишкек-2014
160. Чокошева С. “Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасы” Бишкек-2014
161. Чыманов, Ж.А. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы. [Текст] / Ж.А.Чыманов. – Бишкек: Турар, 2009. – 488 с.
162. Шадиев, Н.С. Подготовка студентов к нравственно – эстетическому воспитанию младших школьников средствами кыргызского музыкального фольклора: дис. ... канд. пед. наук: 13.00.01[Текст] / Н.С.Шадиев. – Бишкек, 2011. – 151 с.
163. Шадриков В.Д. Новая модель специалиста: инновационная подготовка и компетентностный подход. [Текст] // Высшее образование сегодня. 2004.№ 8.
164. Шаелдаева С. 4-класста кыргыз тилин окутуу, -Бишкек, 2008 (студенттердин билимин текшерүүнүн түрлөрү жана формасы)
165. Шаршеева, М.К. ЖОЖдордо мамлекеттик тилди окутуунун инновациялык ык – жолдору // Профессор К.К.Сартбаев жана азыркы филология, педагогика илимдеринин актуалдуу проблемалары: К.К.Сартбаевдин 100 жылдык мааракесине карата откорулгон эл аралык илимий–практикалык конференциянын материалдары. [Текст] – Бишкек: Турар, 2011. – 265 – 277 бб.
166. Шевченко, Н.И. Социально–философские проблемы языковой подготовки в вузе. [Текст] / Н.И. Шевченко. – Саратов: СГТУ, 1996. – 49 с.
167. Щербаков, А.И. Совершенствование системы психолого–педагогического образования будущего педагога . [Текст] / А.И. Щербаков // Вопросы психологии. –М., 1981. – №5. – С. 13–21.
168. Щуркова, Н.Е. Воспитание: новый взгляд с позиции педкультуры. [Текст] / Н.Е. Щуркова. – М., 1997.– 149 с.

169. Юрченко, Ю.А. Формирование культурологических умений у студентов педагогического вуза: автореф дис. ... канд. пед. наук: 13.00.01 [Текст] / Ю.А. Юрченко.–Сочи, 2000.–177 с.

170. Яковлева, Н.М. Теория и практика педагогического творчества: учеб.пособие к спец. Курсу. [Текст] / Н.М. Яковлева. – Челябинск: ЧГПИ, 1987 – 67 с.

**Интернет булактары:**

1.www.tamgasoft.kg

2.www.dem.kg

3.www.say-hi.me

4.www.ux.pub.com

**Негизи бутуп эле калды… Бир гана Рысбаев менен Рысбекованы кошсон эле болду..**